Д. Кадыров «С развитием науки, с углублением нашего понимания сути Мироздания, законы физики всё больше и больше будут проникать в наш повседневный духовный опыт. Результатом этого стремительно развивающегося процесса в III тысячелетии станет полномасштабное мысленное слияние всех духовных и физических законов Мироздания, сольются в одну цельную картину Мира такие определения как: энергия, сила, масса, информация, дух, святость. Мир предстанет в нашем понимании в неразрывной связи всего со всем. На планете не останется ни атеизма, ни его диаметральной противоположности – религиозного фанатизма. Мир сгармонизируется. *Наука станет духовной, а духовность научной* - деп жазат.

Демир Кадыров таасын айткандай, акыйкатта жарандын чыныгы илим-билими ушундай гана болушу керек. Биз бир гана *чыныгы системалуу илим-билимге* келгенде гана учурдун баардык проблемаларын туура чечүүгө шарт түзмөкчүбүз

Китептин 2015 - жылкы басылышына 2014 жылы Демир Кадыровдун ойлору менен таанышуу жана «Сөз жөнүндө сөз» телеберүүсүндө Батырбек Исмаилов менен айтылган ойлор жана аюрведанын доктору болгон Жолдошбек Султановдун теледен айтылган ойлору негиз болду. Алардын айтымдары менин мурда-

гы божомолдоолоруна үндөш болуп, жана дагы алардын тууралыгын тастыктаган тийиштүү тактоолорго көмөкчү да болду.

Китептин 2021 – жылкы басылышында С. С. Бабанын, Садгурунун ойлору, кыргыз контактерлордун материалдары жана Г. И. Шиповдун изилдөөлөрү кошумчаланып колдонулуп логикалык бир бүтүмдөйдү чыгарууга мүмкүнчүлүк жаратылды.

Жогоруда колдонулган С.С. Бабанын «*Сознание*» терми-ни, Шиповдун «*Абсолютное ничто, первичные торсионные поля, физический комический вакуум*» терминдери, Д. Кадыровдун «*Создатель с Единым поле*м» термини жана «*ээси Теңир болгон объективдүү аң-сезим*» термини бул китепте бирдей мааниде.

Аны кыскача так, Сатья Саи Бабанын айтышы менен айтса болот: «**У Сознания нет ни рождения, ни смерти. У Него нет ни начала, ни конца. Оно присутствует во всех существах в качества Вечного Свидетеля**. **Сознание – это вездесущая Божественность.** **Только потому, что в человеке присутствует Сознание, он может понимать природу окружающего мира. Оно существует в вашем теле в виде Совести.** »

*Табийатта* ***аң-сезимдин*** *объективдүү жашаганын таанышыбыз керек. Ал түбөлүктүү, дайыма иш-аракетте. Ал объективдүү жана субъективдүү түрдө жашайт. Объективдүү аң-сезимдин* ***Эсин*** *кыргыз* ***Теңир*** *(****Тең****ди+иргейт) дейт.* Ал баардыгында *теңдикти*, теңчиликти камсыздаганды сүйөт дейт кыргыз.

Сибирде жарандар өзүнчө бир бөтөнчөлүктүү маданияттык борборду жаратышып, ал *жашаган азыркы элдердин ата-бабаларынын мекени болгондугу* жөнүндөгү ойлор илимий адабияттарда айтылганы бар. Акыркы генетикалык изилдөөлөр болсо "...центральноазиатские популяции являются самыми старыми на континенте" – деп тастыктоодо (Д.Сарыгулов. Системный кризис глобального мира и цивилизация кочевников). "Сибирь" "шибер" кыргыз сөзүнөн десек, орустар "север" орус сөзүнөн дешет (Тайны мира, 17.02.15). Орустардын айткандарына ишенип көнүп калган **адашкан киргис**, эми менин

же орустун жоорушун туура дээр экен? Эмне үчүн орустар “**кыр**гыз” дегенди “**кир**гиз” – дешет? Мисалы, өздөрү “бога-**тырь**” – деп эле жазышат да. “Кыргыз *бир жакка кире албаган киргис(з)* болсун” дегени, “улутунун аты айтып жатпайбы” деген шылтоо болсун дегени эмеспи?

Сибирдегилер Аляскага чейин баргандыгы шексиз. Ал эми “Аляска” деген терминдин жаралышын кыргыз гана чечмелеп бере алат. Эгерде мен мурда мунун чечмелениши: Аляска (орусча) - Аласка (американча) - Алыска (кыргызча) баардыгы бир эле тыбыш менен айрымаланат - деп болжолдосом, кийин Шайырбек Абдрахман уулунун «Ала аска» эмеспи дегени жөн го дедим. Анын үстүнө жакында эле орус жана американык окумуштуулары генетикалык изилдөөлөрдүн негизинде американык индеецтер Алтай элинин тукумдары экендигин далилдешбедиби. Бул жөнүндө буга чейин эле О. Айтымбетов өзүнүн 2-китебинде да кеңири сөз кылган. «Тундра»-«тунжура», «тайга»-«тайгак» деген кыргыз сөздөрүнөн эле эмеспи. Анда булар жана жогорудагы чечмелөө, аталган Алтай эли байыркы кыргыздардын тукуму экенинин далилдейт. Түштүк Америкадагы дарыялардын аталыштарында кыргыз тилинин «*суу*» мүчөсү бар экендиги (муну жергиликтүү илимпоздор өздөрү айтышкан (О. Тогусаков)) байыркы кыргыздардын *Алыска (Америкага*) чейин баргандыгынан эле. Буга чейин эле ата-бабалары Азиядан келгендигин индеецтердин өздөрү айтып жүрүшкөнү белгилүү эмес беле. Буддизмди негиздеген Будда дагы байыркы кыргыздардан болгон сактардын тукумдарынан экендиги жөнүндөгү ой япондуктардын арасында айтылып жүргөндүгү жөнүндө К. Байбосуновдун макаласында (газета “В конце недели”, 20.11.98) жана О. Айтымбетовдун 1-китебинде (б. 271) айтылган. Д.Сарыгуловдун айтуусу бойунча, Далай Лаама кабыл алуусунда, ак калпак кийген кыргыздарды көрүп: «бул жакта Будданын тукумдары отурган турбайбы» - деп айтышы да далилдебейби.

«С появлением тюрков на земле Индостана зародился буддизм. Основателя Будду коренные жители Индостана называли **Шакья-муни**, что дословно «**тюркский бог**». Вблизи городка Румминдея в Непале есть колонна, где высечено имя основателя буддизма, человека из *рода Шакья, пришедшего с севера*» (М. Аджи). Эми буга ишениш керекпи? «Предания о родине пришельцев трансформированы в **легенды о Шамбале**. Их далекая страна Шамбала имела географические координаты: река Тенгри (Алтай), вершина Хан-Тенгри и река Ак-Суу (Кыргызстан). Отсюда вышли легендарные арии. Коренные тибетцы, индийцы себя называли «неариями», подчеркивая тем самым, что это не они пришли с севера. Факт показателен, он записан в легенде! Слово «арий» созвучно с древнетюркским «арыг», (кыргызча «*аруу*») (чистый, благородный)» (М. Аджи). Г. Мамбеталиева жазгандай (Свободные горы, 10.02.96), "***Шамбала***" кыргыздын эле термини. Санскрит тилинде кыргыздыкындай түшүнүлгөн "***чабаты***", «*аде*+генде» термини бар экендиги да жогоруда айтылгандарда чындыктын бар экендигин ырастайт. Азыр далее Тибетте арийче жашаган кыргыздар бар экен десек болот (Жолдошбек Султанов. «Манас жаңырыгы» 31.01.14). Анын айтуусу бойуюнча алардын аң-сезими, жашоо-тиричилик эрежелери, бири-бирине жасаган мамилелери биздикинен айрымаланып, биздикине карама-каршы да келет экен. Ошол себептен, алар бизди «*жапайы айбанаттардын аң-сезиминдей дээңгелдегилерсиңер*» деп баалаганы эле алардын кандай экенин жана биздин адашканыбызды далилдеп жатпайбы. Мына бизге берилген *чындык баа ушундай*, окурман. Сен кимсиң, окурман?

Жарандын жашоо максат-милдетине байланыштуу болгон катастрофаларды башынан көп жолу өткөргөн кыргыз эпосунда минтип айтат эмеспи:

*Ошол күндөн ушул күн*
*Төккөн кумдай күн өттү,*
*Түгөнбөс нечен түн өттү,*
*Эсеп жеткис жыл өттү,*
*Сай ташындай жан өттү,*
*Анаттагы кан өттү,*
*Сыр найзалуу шер өттү,*
*Аты калып, наркы жок*
*Эчен түрлүү эл өттү,*
*Ошол күндөн ушул күн*
*Коо бузулуп сай болду.*
*Асты үстүнө айланып,*
*Сай бузулуп, тоо болду.*
*Тоо бузулуп, коо болду.*
*Калдайып жаткан бул жердин*
*Кайсы жери соо болду,*
*Ошол күндөн ушул күн*
*Деңиз кургап, чөл болду.*
*Чөл бузулуп, көл болду.*
*Түз бузулуп, төр болду.*
*Чокусу көктү тиреген*
*Тоо бузулуп, саз болду.*
*Жер бетинде элдердин*
***Көп чайналып, аз болду**...*

«*Жаратылыш жаңылыштыкты кечирбейт*» дейт көптү көргөн кыргыз. Адамзаттын өнүгүү жолдорун салыштырууну *кайсы критерий* бойунча болушу керек? Менимче, кыргыз үчүн ал: **жарандын Бар дүйнөгө *төрөлүп келишинин максат-милдети*** эмеспи. Тиричиликтин жолдору ар кандайча болсо дагы аталган критерий жарандын өмүрүндө ишке ашырылышы керек.

«Духовное и моральное развитие должно быть на одном уровне с интеллектуальным» - деп жазат Э. Мюррей. Азыркы учурда бул эреже сакталбагандыктан, биз дагы азыр коркунучтуу абалдабыз. Аз адашса аны ***адам болгон жаран*** жөнгө сала алмак. Бирок, азыр адамзаттын *көпчүлүгү адашкандыктан* аны жөнгө салыш **Жараткандын эркинде гана болуп калгандай**!:

Кыргыздар тоодо суу башында көчүп жашап аман калышкан Аз+ийа+лык **аз элдеринин** бири. Ошондон кийин кыргызда “*Эл башы болгуча, суу башы бол*” деп айтылып калганы сөзсүз. Бул айтылыш кыргыздын эң байыркылыгын кыйыр далилдейт!

**Адам Атанын түз тукумдары болуп, жарандардын тиричилигинин кесепеттеринен жаралган катастрофалардан аман калышып, <u>кырылбай</u> <u>келе жатканкандыктан</u> мындай эл акырында <u>кыргыс(з)”</u> атка да конгон**.

Ушундай укмуштуу кубулуштарды көрүп, башынан өткөргөн эл, чындыгында эле, **кырылгыс эл** (**кыргыс эл**) да. Буга *көчмөн кыргыздардын жашоо идеологиясы башкача тиричиликтенгендердин идеологиясынан айрымалып, табийаттын өнүгүү логикасына карама-каршы болбой, аны адекваттуу тааныгандыгы жана гармониялуу жашоодо болгондугу негизги себеп болгон* да. Болгон Акыр замандардан кыргыздардын аман-эсен өтүп жашоосун мурдагыдай эле улантып кетүүгө толук мүмкүнчүлүк болгондугун дале ал бар экендигин азыркы Көчмөн ойундары башкаларга ушуну далилдеп жатат. Салтты ушу үчүн сакта жок дегенде Башкалар болсо жашоо уландысын «нөлдөн» гана башташмак.

Кыргыздын Теңирлиги адамзаттын туураа маданийаттагы жашоо жолу. Мындай жолдон адашып калмак бар. Тилди укпаган ошондой калмактардан арылуу үчүн Жараткан кыргызга Манас жоокерин берген эмеспи. Жана дагы мындай окуйа тукумдарга сабак болуш үчүн кыргызга Манас дастанын айтуу касиети ыйгарылган да эмеспи.

“Түрктөр Орто Азиядагы эң алгачкы көчмөн эл болуп, өз державасын “**түбөлүктүү эл**” - деп атаганы белгилүү (Л..Н. Гумилев. Байыркы түрктөр). Бул кыргыздардын кырылбагандыгы Албетте, байыркы менен азыркы кыргыздарды ажыратып таануу керек, себеби байыркы кыргыздардан көп эл жаралган. Ошондуктан, «*түгөнгөн сайын, түтөгөн кыргыз*» деп айтылат. Азыркы “түрк тилиндеги” деп аталган элдер үчүн азыркы кыргыз тили гана орток тилдин негизин бере алган тилден экенин эске алсак, анда *байыркы түрктөр* деп жүргөнүбүз *байыркы кыргыздардын эле тукуму* эмеспи. Илгери болгон Түрк-ата азыркы түрк элинин (Турция) өкүлү эмес да. Мейли, “түрк элдери” термини колдонулганда, Түрк-атаган чейин жашагандар Түрк-атанын тукумдары эмес, башка элден болот да. Анда “алар же ага чейинки Борбордук Азиянын ар кандай аталыштагы илгерки элдер, тактап айтканда, уруулар кимдер болушкан” деген суроого, алар жалпы жонунан, **“байыркы кыргыздардын**

**уруулары** эле эмеспи” деген туура. Себеби, алар Африка, Батыш, орус же бөлөк Чыгыш элдеринин өкүлдөрү эмес экендиги далилдөөсүз эле түшүнүктүү го. Себеби, далилдөөчү фактылар жок! Андай болсо таанууда кыргыздарды түрктөн чыгарбай, байыркы кыргыздардан түрктөрдү жаратуу жана аталган терминдерди “***түрк***” термини менен эмес, тактап айтканда, “***байыркы кыргыз***” термини менен байланыштыруу туурараак. Илгерки түктөрдүн «**түбөлүктүү элбиз»** деп аташы-нын сыры алардын Адам-атанын тике таза кандуу тукумдары экендигинде. Ошол себептен, чачылып метистешип кыргыз кырылаарда Жараткан **Канкор Манас баатырын** жаратып берип, коргоп калган эмеспи. «Канкор» деген «*каны Кордон болгон*» дегенди билдирет дейт Муса Сапаев (Манас жаңырыгы).

М. Аджинин «Тюрки и мир» китебинде түрк ууруларынын дүйнө элдерине тийгизген таасири жөнүндө чындыктуу байан-дамалар берилген: «Индийцы не скрывают, что у тюрков они взяли «Праджняпарамиту» - древний сборник мудростей. Порази-тельно, там встречаются фразы и даже целые сюжеты, которые потом легли в текст Библии и Корана. Индийцы этим сохранили для человечества то, что сами тюрки позорно потеряли».

Жогоруда айтылгандарды ылдыйкы ой жүгүртүүлөр жана Адам Ата менен Обо Эненин ысымдарынын жорулушу менен кошумчалап негиздесе да болот.

Ошондой эле көпчүлүк кыргыз сөздөрүн арабдыкы, иран-дыкы, башканыкы делип жүрүлгөнү да жалган. Ал кыргыздын алгачкы интеллигенттери араб тилиндеги китепти окушуп, билимдүү болушуп, андан кыргыздын терминдерин табышып, убагында сайасатка жараша туура эмес интерпретациялоодон эле болгон эмеспи? Ал эми, чындыгында, О. Айтымбетов (Кара кыргыз. 2, 176 б.) жана М. Аджи изилдеп аныктагандай, тескерисинче эле. Кырк жылдан бери сөз кодун изилдеген Олжас Сулейменовдун түрк сөздөрүнүн этимологиялык сөздүгү жарык көрсө көп тактоолор дагы болот го деймин. «*Они (мусулмане)*

*начали создавать язык ислама, добавляя к тюркскому языку слова и фразы кочевников-бедуинов с родины пророка Мухаммеда. Так начинался арабский язык»*. Ошондой эле, М. Аджинин изилдөөсү боюнча кыргыз жана түрк ууруларынын биринчилерден болуп дүйнө элдерине тийгизген пайдалуу таасирлери чоң болгон. Азыркы убакытта, тескеринче, бөлөктөрдүн кыргызга тийгизген жаман таасирлери көбүрөөк. Бул болсо кыргыз ким, кандай экендигин, өзүнүн билимин жана тарыхын унуткандыгынын кесепетинен, башкаларда ушундай эмеспи деп, бирөөлөрдү адашып эрчүүнүн кесепетинен. Мындай кесепет кыргызга азыр да ичтен тымызын жүргүзүлүп жаткан төмөндөгүдөй *сайа+сат+оонун (саясаттын)* таасиринен деймин: «***Если народ лишит истории, то через два поколения он превращается <u>в толпу</u>, еще через два поколения им можно управлять <u>как стадом</u>***» (М. Аджи).

Кээ бирөөлөр сыймыктанган партиянын лидерлери элди койдой бөлүп текече эрчиткени ушунданбы? Кайдыгер момун кыргыз кайсы категориясына таандык болду экен? Ар бир кыргыз түшүнсө, өзүнө баа бергендей ойлоно турган тунгуйукка келдик.

Деги, кыргыз азыр кандай абалда экенин билеби? Ушундай кесепеттерден кыргызологияда көп адашкандыктар, ал түгүл, мурда жана азыр да атайын жасалган бурмалоолор бар деп айтаар элек, себеби жасалган тактоолорго карабастан алар улантылууда. Буга азыркы кыргыз тарыхынын окутулушу мисал. Мисалы, «*Более тридцати имен придумали алтайцам, участникам Великого переселения народов. Их называли по-разному - гунны, саки, скифы, арии, геты, готы, тюрки, саксы, половцы, германцы (эр->гер+ман->ман => эрман (чабар+ман дегендей), бургунды, куманы.. Однако говорили эти тридцать «народов» на одном языке – на тюркском*» (М. Аджи). Бирок, окутканда ар башка тилдеги ар башка элдер деп кыргыз билермандары адаштырышкандарды туурашат. Анысы менен алар *<u>"кто владеет сознанием людей, тот владеет их миром</u>"* – деген империялык

лозунду ишке ашырышып жатышканын түшүнүшөр бекен? Бөтөнчө муну элге теле-радиодон кабарларды берип жаткандардар жакшы түшүнүшү зарыл!

Дүйнөдө жазма ыкмасы колдонула башталып, анда кыргыздын аталышы бериле башталганга чейин кыргыздын тарыхы болгондугу шексиз го. Буга болгон эле археологиялык, этнографиялык маалыматтар далил эмеспи. Ал эми жазмага чейинки кыргыздын тарыхы анын тилинде (терминдерде), Санжыра санатында камтылган да, окурман. Бирок, кыргыз тарыхчылары Санжырадагы тарыхый айтылыштарды илимий чындыкка жатпайт дешет. Алар үчүн аталышы менен анын семантикасы дал келбеген, мисалы, «*Афанасьевская культура*» же «*Андроновская культура*» деген аталыштагы жазылып калган изилдөөлөр чыныгы илимий изилдөөлөр имиш. Мурда жазылгандар атайын адаштыруу болсочу? Тарыхта буга мисалдар бар. Ал эми Санжыранын санаттарын колдонуу илимий ыкма эмес имиш. Азыркы системалуу эмес илим-билимдиктеги билермандар кыргыздын тарыхын тактоодо Санжыранын санаттарына маани беришпей адашышат. Бул дагы болсо азыркы системалуу эмес илимге негизделген азыркы системалуу эмес билим берүү системасынын кесепеттери. Мен адистигим информатик катары, тескеринче, тилдин эле терминдеринин, каражаттарынын семантикасын колдонуу ыкмасы менен кыргыздын тарыхынын, билиминин такталышы жөнүндө сөз кылмакчымын.

Көпчүлүк элдерде адамзаттын ата-энеси «*Адам-Ева*» деген түшүнүк бар. Анда дүйнө элдеринин тилдеринде Адам менен Ева *ысымдарынын семантикасын* жана дагы «*адаммын деп мактанба, киши болдум деп мактан*» же «*киши болгондой адам бол*» дегендердин ар кандай тилдерде которулуштарын эле салыштыралы. Ошондо ысымдардын, айтылыштардын маани-маңызынын тереңдиги кайсы тилде жакшы так түшүндүрүлсө, алар ошол тилде берилген болушат да. Бул талашсыз го. Себеби, мындай бүтүм «*маанисиз аталыш илимде да, табигый тилде да*

*болбойт*» - деген талашсыз чындыкка негизделет! Биз аталыштарды ушундай логика бойунча салыштыралы. Адам менен Еванын кайсы улуттан (же тилдеги ысымдар) экендигин такташ үчүн башкача илимий ыкма жок экендиги талашсыз. Муну бир гана ушундайча ***логикалык жол*** менен далилдесе болот. Албетте, генетикалык изилдөөлөр салымын кошушу мүмкүн. Ошондо, аталыштын маани-маңызынын тереңдиги жана кеңдиги жагынан кыргыз эле утушта болооруна мен ишенем. Мен Б. Исмаиловдун туура жорулуштарына кошумчаларымды гана келтирмекмин.

Юдахиндин сөздүгүндө "*Адам*" араб тилиники делет. Кыргыз түпкү атабызга "*Адам*" деген ат берилишинин себебин, тукумдары *Адам-атадай,* кыскача *адамдай* жана анын жолун жолдоп *адамгерчиликтүү* болсун деген маани менен байланыштырышкан. Ошондуктан, адашкан жаранга аксакалдардын "*Ой, адам болсоңчу!*" же "*качан адам болосуң?*" - деген акыл-насааты дайыма айтылып келүүдө. «*Кишимин деп мактанаардан мурда, адегенде, адам болдум деп мактан*» - дейт ага кыргыз санаты. Себеби, «Адам атанын тукумдары жерде *Адамдай* болуп, *адамгерчиликтүү тиричиликти* гана куруш керек экендиги» кыргыздын системалуу Теңирлик билимдүүлүгүнөн жаралган бүтүм. Мындай бүтүм - *илимий бүтүм*. Коомдо жарандардын мамилелери *гармониялуу* болуп, табийат менен гигиенасы бирдиктүү болгондой экологиялык жагынан таза тиричилик үстөмдүк болушун, б.а. кыргыз тилинде адамгерчиликтүү тиричиликтин болушун, куруу керектигин азыркы илим да ырастайт. Тиричиликте дагы анын «*адамгерчиликтүү эмес* же *кишичиликтүү эмес тиричилик*» деген түрү болушу мүмкүн. Минтип атоого кыргыз гана тили жана анын системалуу билимдигинен жаралган тил маданияттыгы мүмкүнчүлүк берет. Мындай тиричиликти жүргүзүү Жараткан аркылуу жаранга берилген касиеттер менен байланышкан дейт кыргыз санжырасы. Анткени, кыргыз санжыра санатында чексиз сандагы *укмуштудай карама-каршылыктарды*н **теңдеринин биримдиги** болгон

*Бар болгон дүйнөдө* жарандын жашоосу тууараа же тууараа эмес болушу мүмкүн. Муну кыргыз Жараткан жаранга «*амал, өнөр, дил»* берип, анын *«адил жүрөөрүүнөн»* күм*өн* санаган дейт. Себеби, Бар жана Жок дүйн*өн*үн эрежелерин бузуп, *дилин* укпай, *акыл-ойуна* келгендин, каалагандыгынын баардыгын эле *өнөрчү-лүк* менен өзүнүн тиричилигинде ишке ашыра *берүү амалдары* жаман кесепеттерге алып келээри чындык экендиги кыргыз үчүн Теңирликтен чыккан жыйынтык болгон жана аны тарых жана азыркы тажрыйба да далилдөөдө. ***Акыл азгырышы, азоо аттай адаштырышы мүмкүн.*** *«Ум – клубок мыслей. Ум – бешеная объязана. От вас зависит станет ли ум орудием вашего духовного прогресса или падения. Контролируй свой ум.» (Ум. Сатья Саи Баба).*

Акыл иштегенде *көкүрөк сезим* иштебейт. Ал эми *сезим, дээр* болсо жарандын *ички жан дүйнөсүн* жараткандар. Объективдүү аң-сезимдин менен байланышуу жарандын ички жан дүйнөсү аркылуу гана болгондуктан, сезим иштебегенде акыл менен гана жетектенүү Улуу жолдон чыгарып адаштырууга алып келиши мүмкүн. Жарандын *таза дили* болуп *табигый дээр, сезим* гана эсептелет. **Дил** жүрөктөгү (көкүрөктөгү) *кут* эмеспи. Ал жандуу кубат-билимдүү структура. Объективдүү аң-сезимдин бөлүкчөсү. Жаран табигый (чыныгы) илимге келгенде дил тазарып дээр, сезим иштей баштайт. Жан дүйнөсүн (көкүрөгүн) өстүрүү менен табигый мыйзамдын негизинде жашоо, жарандын милдет-парзы.

Азыр биз ушундайча жашоо идеологиясынын керектигине маани бербей, аларды чечиштин камын көрбөй өзүмчүлдүк, күнүмдүк коньюнктуралык тиричиликке кубанып эле жүрбөйбүзбү. Мындай тиричилик келечеги жок тиричилик. Кыргыз үчүн ал **Акыр заманга алып келүүчү тиричилик**.

Эми окурман, кайсы башка тилде «адам» жана анын туунду терминдери процесстерди баяндоодо кыргыздыкындай болуп колдонулат? Колдонулбайт. Анда ал кыргыз тилдики эмеспи.

Адам Атанын жолдошу Обо - Эне деп кыргызда айтылат. Жок дүйнөнүн бир бөлүгүн кыргыз Обо деп атайт. Обо – бул Аба, тагыраак *Эфир.* «*Чоң жарылуу*» илимий теориянын бүтүмү бойунча кыргызча айтканда *Обо жарылып Жок дүйнөнү ээлеген Бар дүйнө жаралган* жана ***тирүү жандар*** пайда болгон. **Тирүү баланы төрөп жарата алган** биринчи эненин кыргызча аты дагы – **Обо** болуп жатат. Эмне үчүн? Себеби, кыргызга аял Абага окшоп, «**көз жарып**» **тирүү жаранды жаратат**. Ошентип, аялга берилген кыргызча ысым *Окшоштуктун принципи* колдонулуп илимий чындыкка негизделгендей ысым берилип жатат. Кыргызча аталыштын артында терең илимий чындык катылган болууда. Ал эми убагында **Обо-Аба-Ава-Ева** эле болуп өзгөрүлгөнүн М. Аджи өзүнүн изилдөөсү менен да ырастадоо (www.adji.ru). Демек**, Адам, Обо-Евага ысымдар кыргызча берилген.** Талашкандар аргументтерин келтиришсин Азыркы генетикалык изилдөөр да Жердеги элдер бир эненин балдары экендигин жана чала эле изилденген кыргыз гендеринин элементтери да анын башка элдерде кенири тараганын ырасташы да муну далилдебейби. Ал эми орустар болсо хунндар славяндар, Еванын балдары славяндар деп жанталашууда (Тайны мира, 17.02.15) эч кандай илимий далили жок эле.

*Илимий чындыктарга байланыштырылып Адам-атага, Обо-энеге берилген ысымдардан тышкары көпчүлүк кыргыз сөзүндө, чындыгында эле, илимий чындыктар камтылган*, б.а. **кыргыз сөздөрү жаратылганда илимий чындыкты билген автор менен аталган гана сөздөр** деймин. Ал убакытта чындыкты Жараткан жана Адам-ата эле билген. *Жараткан биринчи жаран-га ысымды жана чындыктарды берип, тукумдары ал билген чындыктар менен жашашсын,* ***Адамдай болушсун деген эмеспи. Кыргыз гана ушул талапты жаштарга*** *берген батасында Адам атанын ысмы менен байланыштырып “**адам бол**” - деген бата-осуятты кайталайт.* Кайталоо “адам” термини кыргыздыкы экендигин ырастоочу фактор эмеспи. Муну

дагы Б. Исмаилов өзүнүн изилдөөсү менен менден жакшы далилдеп берет деймин.

Биз, «*Жараткан жаранды, жаратылышты жарып жаратат*» деген мисалды эле карайлык. Баардыгында «*жар*» деген уңгу. Себеби, алардын өнүгүүсүнө жарылуу процесси мүнөздүү азыркы илимий жетишкендиктер бойунча. Ушул сүйлөмдү башка тилине которуп салыштыргылачы. Ошондо аларда «жар» дай уңгу табылат бекен? Дагы кыргыз тилинде «*адам*» термини менен байланышкан бир топ туунду сөздөр колдонулат. Башка тилдерде алар да «*адам*» термини менен байланыштырылып берилеби? Жок да. Демек, ***«адам» термини мындай тилдерге чочун!*** Анда «адам» термини кыргыздыкы да. Муну жазып алгандан кийин еврейлердеги: "*Задача Творца состоит в том, чтобы сделать человека* ***Человеком*** **Адамом**. "Адам" от слова (еврейского) "*подобный себе*". Мы должны стать подобному Творцу."- делген каббалистик ойлор менен тааныштым (*ютуб. Что делать, если простить не получается*). Анда кыргыздын кыска "**адам болуу**" талабы Жаратканга жаккан, анын идеологиясы эмеспи? Анда ал азыр бизге эмнеге идеология болбойт? Ойлордун маани-маңызы кыргыздыкындай болушу жана "ашкенази" еврейлердин ген жагынан кыргызга жакындыгы Адам-атанын заманында алар бир аз эл болгондордон дейбизби. Бул болсо дагы, кыргыздар, чындыгында эле, Адам-атанын түз тукумдары жана эң илгерки эл экендигин ырастабайбы.

Дагы системалуу таанымга ээ болгон кыргызда гана бир жаранга "*киши*" жана "*адам*" деген терминдер да колдонулат.

Веда адабиятында айтылат: «Тело человека проходит через пять различных стадий существования. Первой заботой цивилизованных людей является (1) *материальное процветание*, следующей – (2) *самосохранение*, и следующий за этим уровень сознания – (3) *умозрительное рассуждения*, *философский подход к ценностям жизни*. Если, развивая свое философское понимание, человеку случается достичь уровня (4) *осмысления, что он*

*не есть* это материальное тело, но *духовная частица*, тогда, духовно развиваясь, он приходит *к* (5) *постижению Всевышнего Господа или Верховной души*. Пока живые существа находятся на четырех низших ступенях жизни, считается, что они находятся в материальных условиях жизни, но как только они достигают пятой ступени они становятся *освобожденными душами*, когда *индивидуальная душа* сливается с *Высшей душой*, и когда есть осознание живым существом качественного единства со Всевышним Господом в *Его аспектах вечности и знания*».

Кыргыз дайыма жарандын жаралышынын максатын *адам болуу* жана *киши болуу* менен байланыштырылып келген. Жолдошбек Султановдун байандамасы бойунча Тибеттик кыргыздар "*киши болууну*" "*адам болуудан*" жогору койушат экен. Анда кыргыздын "*жаран болуу (1-2) – адам болуу (3)– киши болуу (4-5)*" деген түшүнүктөрдүн иерархиясы Вед маданиятындагы субъективдүү аң-сезимдин өнүгүшүнүн *беш стадиялуу схемасына* дал келгендей. Мындай *иерархияда* ар бир түшүнүктүн өзүнчө *орду, мааниси бар* экендиги такталган.

Азыркы кыргыз буларды так ажырата албай, чаташтырып колдонот. Далилин жакында эле чыккан академиялык сөздүктөрдөн тапса болот. "***Адам болуу** – эр жетүү, эс тартып, **киши** катарына кошулуу.* ***Киши болуу** – чоңоюу, эс тартып, өз оокатын өзү жасагандай болуп калуу*" – эле дейт сөздүк. Сөздүк сөздөрдүн маанилерин так ажыратып түшүндүргөн эмес.

Мен дагы адашып, китептин мурдагы басылыштарында аларды туура эмес жооруп, туура эмес эпиграф колдонуп келипмин. Эми Ж. Султановдун интервьюсун уккандан кийин аны өзгөртүп "***киши болгондой адам бол***" дедим. Бул жаран-адам-киши иерархиясындагы "өйдөдөн-ылдый" карай көз караш болгондогу айтылышы болсо, ал эми "**адамдай киши бол**" дегени "ылдыйдан-өйдө" карай болгондогу айтылышы болмок. Кыргыздын кыскача "***адам бол***" делгени ошол «***Адам-атаныкындай дүйнөтаанымга кел***» дегендик. Эмне үчүн?

Себеби, Жараткан Адам атаны жаратып ага “Адам” деген ысымды бергенде анын тукумдары *адамдай болсун*, б.а. *Адам-атаныкындай дүйнөтаанымда болсун* деген эмеспи кыргыздын системалуу таанымы бойунча. Индеецтер дагы, жарандын жашашынын максаты анын аң-сезиминин өсүшүндө дешет. Адам-ата Жараткандын Жердеги биринчи пайгамбары болгондуктан, анын таанымы туура гана болуп, баардыгына үлгү. *Дүйнөтааным жарандын баардык таанымынын башаты.* Ал туураа болсо, анын аракеттериндеги баардыгына туураа себепкер болуп, анын жашоосу туураа болот.

***Адам-атанын Теңирлик таанымы*** **бойунча, Бар дүйнөдө** ***ырыска бай бейпилдүү тиричиликте*** **жашаш үчүн** ***ынтымак (биримдик)*** **керек,** ***ынтымакта*** **болуу үчүн** ***адилеттүүлүк, теңдик*** **талап кылынат,** ***адилеттүүлүктү*** **камсыз кылыш үчүн** ***акылмандуулук*** **зарыл,** ***акылмандуулукка*** **жетиш үчүн** ***туура дүйнөтаанымга келүү*** **керек, ал эми ага келиш үчүн** ***объективдүү аң-сезим бар анын ээси Жараткан экендигин таануу*** **зарылдуу**. Ушундай логика азыркы кыргыз тиричилигинде колдонулбайт. Колдонулбагандыгы анын адашкандыгы да.

Демек, **жаран** ***туура таанымга келип аны колдоно башта-са*****, анда анын аракеттери** ***акылмандуулук нукка түшмөк*** **дагы, ал болсо** ***адилеттүүлүккө көмөкчү болуп, адилеттүүлүк ынтымакка себепкер болуп, адамгерчиликтүү карым-катыштагы тиричилик жүргүзө алмак.***

Азыркы академиялык сөздүк “*адамгерчилик* – адамдагы сылык мамиле кылуу, жакшы көрүү, кадырлоо, урматтоо сапаттары; гумандуулук” – дейт. Сөздүк “*адам болуу*” деген-ди “*Адам кыл* – өстүрүү, киши кылып тарбиялоо” – дейт.

М<u>аанисиз аталыш табигый жана илимий тилде да болбоосу бул чындык да</u>. Анда дагы кайсы элдин тилинде Адам Ата менен Обо Эненин ысымдары, экөөнүкү тең, жогорудай жорулат? Жорулбайт. Ошондуктан, *дүйнө жүзүндөгү элдердин ичинен жалгыз гана кыргыз элинин тилинде алардын ушундайча*

*жорулуштары кыргыздын тарыхы Адам Атадан эле башталаарын айтып жатат дейбиз.* Шумер тили түрк тилине окшош дешет. Бул Шумер мамлекетин алтайдагы Сумер жеринен баргандар түзгөндүктөн эмеспи (китеп *Метаистория. ютуб-Уурдалган кыргыз тарыхы 1-3. Сарыгулов*). С.Н. Крамер "Тарых Шумерден башталат" деген китеп жазган. Чындыгында, менимче, *Адам-атанын тукумдарынын тарыхы кыргыздардан эле башта-лат.* Муну Адам атанын жана Обо эненин ысымдарынын жору-луштары далилдейт деймин. Минтип айтууга М. Аджинин изилдөөлөрү да көмөкчү боло алат. Деги кыргыз эли жердеги эң байыркы эл деп айтууга негиз бар. А. Байтур байыркылыгын 300 миң жылга чейин алып барат. Аны дагы элдин аталышы *кыргыз – кыргыс – кырылгыс* эле айтып турат. Бул эл Адам-ата берген рухий дөлөөттөрдү жоготпой башкаларга сактап жүрүшү зарыл эле. Эгерде талаштуу болсо, анда дүйнө элдеринин тилдеринен Адам менен Ева ысымдарынын интерпретацияланышын жана «адам» терминди камтыган сөздөрүн таап салыштыргылачы. Ысымдар-дын маани-маңызынын тереңдиги кайсы тилде логикалуу түшүндүрүлсө, алар ошол тилде берилген болот. Бул талашсыз го. Ошондо, маани-маңызынын тереңдиги жагынан, колдонгон сөздөрдүн саны жагынан да кыргыз эле утат. Андай болсо, жыйынтыктап келип, «*адам*» термини кыргыз тилиники жана «*Ева*» термини «*Обо*» кыргыз терминден жаралган дейбиз!

Аңдап билүүдө ой-жүгүртүү менен анын жыйынтыгы болгон жаңы ойлор жаралат. Эгерде мындай ой-билимдер объективдүү аң-сезимдеги ой-билимдерге туура дал келбесе, анда алар аны булгалап бузган болот. Ошондуктан, кыргыз айткан: «***адам бузулса, Аалам бузулат***» - деп. Себеби, адам (жаран) бузулса биринчи иретте ойу менен бузулат да, анан ага тийиштүү кылык-жоруктары менен ырасталып, жаман үлгү болот.

*Объективдүү кубат-билим талаасы бир бүтүндөй болуп объективдүү аң-сезим түрдө Ааламда да жана жаранда да субъективдүү аң-сезим болуп жашайт.* Билимди көбөйтүш үчүн

аракет-кубат керек. Күч-кубатты көбөйтүш үчүн тийиштүү билим керек. Билим азайса, жок болсо, күч-кубат алсырайт, кетет. Ааламдын аң-сезими жаранда эки түргө бөлүнүп: эркектик кубат-билимдүүлүк жана ургачылык кубат-билимдүүлүк түрдө болуп ажырап жаранда көрктөнөт. Муну менен эмне айтылат? Ал Бар дүйнөнүн жаралышынын сыры, адамзаттагы жаңы тукумдун пайда болушундай дегендик. Тактап айтканда, Бар дүйнөнүн жаралышы Ааламдагы эки кубат-билимдүүлүктүн кошулуу процессине байланышкан дегендик. Табигый кубат-билимдүүлүктөрдүн өз ара бир-бирине таасирленүү мындай процесси Теңирдин эрки менен гана башталат. Себеби, кабар эрксиз жаралбайт. Индиянын философиясында да бул ойлор айтылган.

Адам Ата менен Обо Эненин өздөрү жана алардын биринчи тукумдары сыйкырдуу келген адамдардан болгон делет. Манас өзү жана эпостогу каармандардын көпчүлүгү ошондойлордон. Демек, анда айтылган окуйалар илгерки *жарандар жеткилең болгон заманда* болгон окуйалар эле.

Жердеги элдердин ичинен жалгыз гана кыргыз элинде Манаска окшогон ар кандай чоң дастандарды жаттабай айтуу да болушу жаран менен кубат-билим талаасынын ортосунда байланыш бар экендигин далилдебейби. Мисалы, биз кыргыздардын "*Абаны тирүүнүн жаны*" дешкенин билебиз. Санжырада айтылат: “*Тирүү жандын атасы - Күн, энеси - Жер, каны - Суу, жаны - Аба*”.

| | |
|---|---|
| “*Баланы Жоктон Бар кылган,* | *Жер болуп эмчек эмизет,* |
| *Ата-эне да ушундай:* | *Суу болуп кан жүргүзөт,* |
| *Күн болуп нур берет,* | *Аба болуп жан киргизет*”. |

Бир убакытта болуп кеткен жарандардын жаны, чынында эле, абада, б.а. кубат-билим талаасында жашай берет, анткени <u>тирүүнүн жаны, чындыгында, кубат-билимдүүлүк категорияга кирет.</u> Кыргыздын “*Жараткан Арбак бир*” дегенинин бир мааниси да ошону айтып жатпайбы. Ошондуктан, “*жаш карыса да, жан карыбайт*” деп кыргыз айтат (Сырдуу дүйнө 25) жана “*жан космикалык шарттарда жашай алат”* деп, эски санскрит

текстинде айтылат. Жаранга *жан объективдүү аң-сезим талаасынан* келет, кайра ошол жакка, *ыйман менен кошо* абага куудай учуп кетип жашайт. Ошондо илимпоздор аны өлчөп да көрүшкөн. Жаранды курчаган чөйрөдө жан гана өлбөйт, ал түбөлүктүү. Калгандын баардыгы пайда болуп жок болушат. Кыргыз мунун баардыгын *Өмүр-сапар*" - деп кыскача гана айтып койгон. Ошондо, *"өмүрдүн тагдыры Жараткандан, турмуштун тагдыры өзүңдөн"* делип, санжыра санаты болуп мурасталып келген.

Чыныгы манасчылар эпосту азыркылардай жаттап айтышкан эмес. Аны "*жамак деген - Жел Кайып*", "*желиккенде мен өзүм, Жел Кайыптан сөз табам*" деген кыргыздын сыры менен байланыштуу. Демек, муну менен кубат-билим талаасынан кабардын алынаары жана Экклстын теориясы ырасталууда.

Олуя Калыгулдун: "*Оң жагымда ишим бар, ошолорду айткын деп, ойума салган **кишим** бар*" же "*Кайыптан кабар келчү эле*" (Акылман Калыгул. Б. 2000) дегени жана замандашыбыз Алмакан (*ютуб Сонун дүйнө*) да муну ырастайт. Калыгулдун «адам бар» дебей «кишим бар» деп айтышы биздин адам-киши бойунча жасалган тактоолорубуз туура экендигин далилдебейби?

Сөз кубат-билимдүү ойдун материалдаштырылган формасы болгондуктан, системадагы "кайра байланышуу касиети" бойунча ой жеткиликтүү түрдө айтылганда тийиштүү кубат-билим талаа=-ын таасиринин активдештирилишине алып келет. Бекеринен, "*Бата менен эр (эл) көгөрөт*"-деп кыргызда бекер айтылбайт. Ободон радио-теле менен малымдаманы алып угуп, көрүп жатканыбыздай Аалам (объективдүү аң-сезим) жарандай көрөт, демек, көргөндү жадысына сактайт. Анда чыныгы манасчылардын Жел Кайыптан Манас окуйалары жөнүндөгү кабарды алып жамактап, төкмөлөп төгүп жатканы чын болбойбу? Орозбаков Сагымбай эпосту айтканда айтылып жаткан окуйалар боз үйдүн туурдугунда кинодой болуп көрүнүш болгондугу айтылат го.

Чындыгында, Манас эпосундагы окуйалар бир убакытта болуп, объективдүү аң-сезимдин эсине (анын Манас казынасына)

жазылып калган. Анан ага жаккан тийиштүү жаран табылганда, ага «айан» берүү менен, Жараткан жарандын мээсинин иштебеген бир бөлүгүн ишке киргизип, ага объективдүү аң-сезимдеги сакталган «жазуулар» менен байланышууга мүмкүнчүлүк жараткан болот эле эмеспи. Манасты жана, "Манас" эпосун тууραа түшүнүш үчүн жарандан Жаратканды, объективдүү аң-сезимди камтыган, азырынча жок, жаңы дүйнөтааным талап кылынат. Суунун жадысы бар экендиги, жакшы маанидеги ой менен анын структурасын, функциясын тийиштүү түргө өзгөртүү мүмкүнчүлүгү бар экендиги азыр илимий эксперимент менен далилденген (*«Великая тайна воды»* телефильми). Суу буланып абага айланат, демек, абанын да суудай касиети бар. Суюктук кишинин денесиндеги ар бир клеткасында бар. «Караңгы» делген *кыргыз-табыпчы дубасын окуп, «сүүв»* - деп, оруган кишиге *жел менен таасир этип*, анын *клеткаларындагы суюктуктун структурасын өзгөртүү менен айыктырганы* эми илимий эксперимент менен далилденген десе болобу? Оруганда өзүң жакшы тилегиң менен сууну дубалап, аны ичип, өзүңдүн денең менен «*баарлашып, мактап, оңдоочу талап-тилектерди ага арнап айтып*» дарыланып көрчү.

Кыргыз «жакшылык-жамандыкта «Куру айакка бата жүрбөйт» деп, бата берүү болсо даам сызуу, насип тату кыймыл жөрөлгөсү менен коштолгон. Минтүү менен айтылган сөздөгү ойлорду ар кандай азык, суйуктук өзүнө сиңирип, алар аркылуу айтылган каалоо-тилектердин, ойлордун кудурет-күчү жаранга жетет деген. Бата аркылуу жаран Жаратканга кайрылып, андан колдоо күтөт, арбактарга тилегин багыштайт, жарандарга жана өзүнө жакшылык тилейт. Бата – жарандын Акыйкат менен болгон жекече алака-катышы, астейдил баарлашуу-байланышы десе болот»- дейт С. Иптаров.

*Кыргыз Ааламдын сырларын билип, Аба (Обо) талаасы – бул **кубат-билим талаасы** экенин түшүнүп жашаган.* Ошондуктан, "*Улукман болсоң **желдей** бол, ушунча жанга **дем** берген»* - дейт

кыргыз. Муну менен кубат-билим талаасынан жаранга таза, т.а. *аруу энергиянын* вибрация менен берилиши кыйыр айтылып жатат. Жан дүйнөнүн тазалыгы анын жалган ойлордон алыстап ажырап, **ары** болушу эмеспи. Анда «*арыбаңыз*» дебей «*аруу-баңыз*» деп учурашуу туураа эмеспи, кыргызым? Жараткандын жаранды жараткандагы негизги максаты, чындыгында, жарандын берилген жанды тазалап, аруу жан кылып Жаратканга кайтаруу эмеспи. **Дем** – бул Жараткандын жарандын жан дүйнөсүнө берген **куту** деп да аталат. Кут жарандын жанын **ээн эргитүүчү кубат** (*эн+ерги+*я), күч, кыскача, табигый **күч-кубат** жана **билим-күч**. Кут жаранга *сезим органдары* аркалуу жана *сылык, жылуу, жагымдуу чыныгы сөз* менен да берилет. Куттуу жайда жан жыргайт, эргийт. Кыргыздын "*адамдын башы Көктө, буту Жерде*" жана "*адам башы көпүрө болсо – аттабагын*" дегени да анын кубат-билим талаасы, т.а. Жогорку акыл-эс менен *байланышы бар экенин* жана аны *ыйык* деп эсептеп, байланышты үзбөгүн дегени эмеспи. Кайталаймын, муну Джонс Экклстын илимий теориясы да ырастайт (Вернер Гитт. Творил ли Бог через эволюцию. 1993).

«Человеческому сознанию присуще метарациональное познание. Непосредственное, *прямое познание и передача знаний* возможны на уровне метарациональных способностей сознания (кыргыз аны көкүрөк, жүрөк менен таануу дейт). Постижение высших аспектов бытия возможно только *метарациональным познанием*, а также *духовным разумом*» (С.Р. Аблеев).

Кубат-билим талаалардан кубатты жана кабарды кабыл алуу илгери жашаган жарандарга көнүмүш иш болгон, себеби убагында алар жеткилең болушкан. Бирок, "*адам артык болсун деп, акыл менен тил берилип; кошумча дагы, амал, өнөр, дил берилгендиктен*", алар адил жүрүүдөн адаштырылышы мүмкүн.

Дагы *алар жаман адаттардын кесепетинен кубат-билим талаасынан кубатты жана кабарды алгандан азыр айрылган абалдагылар эле.* Алар азыр кубатты алыш үчүн жасалма

каражаттарга гана (тамеки, арак, ж.у.с.) кайрылышат жана мындай жасалма ыкмалар табигый ыкмаоарга караганда кенири жайылтылат.. ***Бул болсо ушундай жагдайды гүдөткөн коомдун башкармалары жана анда жашагандары алдамчылар жана алдангандар, адаштыргандар жана адашкандар экенин эле далилдебейби.*** Мындай коомду кантип өзгөртүш керек?

Кала берсе, кыргыз баласы кийген пирамидалуу формадагы ак калпактын конструкциясынан жаралган касиеттер аталган байланышты түзүүгө шарт түзүшү мүмкүн. Минтип айтууга египеттик пирамиданын сырларын изилдөө бойунча койулган америкалык илимий эксперименти жана пирамида космикалык масштабдагы көп сырдуу каражат экендигинин ырастаган телефильмдер ырастабайбы. Ошентип, айтылгандарга дагы боз үй жөнүндөгү *"Жайсаң ырчы жарым күн ырдаган"* сырлардын белгилүүлөрүн эле кошкондо, мурдагы кыргыздын тиричилигинде азыркылар аркылуу унутулган көп сырлардын болгонуна жана терең билимдердин колдонулганына келесиң.

Ошондой эле дагы кыргыз баласы колдонгон ойум-чийимде да терең, табияттык фундаменталдуу сырлар камтылган. Аны төмөндөгүдөй жоруп алып, китепти окуп же илимий тажрыйба койуп билимин өрчүтпөгөн байыркы кыргыз жогоруда айтылган жол менен гана аң-сезимин өстүргөн деген тыйа(я)накка дагы келесиң. Анда эмесе ошол сыр жөнүндө. Сүрөтчү М.В. Рындин өзүнүн 1948-жылы чыккан "Киргизский национальный узор" деген китебинде жана А.Н. Бернштамдын "Киргизский национальный повествовательный узор" деген китептеги макаласында кыргыздын ойумдары 173 негизги элементтерден тураарын, алардын аталыштарын жана бир бири менен алардын кошулушунан 3500дөн ашык орнаменттик сюжеттер (байандамалар) жараларын байа(я)ндашкан. Чындыгында, «**ойум**» деген аталыш менен кыргыз өзүнүн «**ойун**» (бул менин **ой+ум** деп) берип жатканын айтып жатпайбы. Ал эми орус «**ю**» тамгасын колдонуп «**оюм**» деп берилген жазылышта *сөз төркүнү атайын*

*жоготулгандай* болуп **калмак**. Минтүү болсо кыргыз арасында **адашып калмактардын** санын ого бетер дагы көбөйтүү болуп **калмак. Ошондой** ***<u>билимдүү калмактардын</u>*** **<u>кыргысты киргиске айландыруунун</u> <u>бир жашыруун ыкмасы да болуп</u>** ***<u>калмак.</u>***, Ушул себептен, орус «я, ю» тамгаларын колдонуу адашуу. Минтүү менен кыргыздын сөз түзүү эрежеси бузулуп тилдин грамматикасы чаташтырылгандай. Бул атайын тымызын жүргүзүлгөн **сайа(я)сат–атайын сайа атоо(уу)** – болгондуктай.

Китепте мисалдардын арасында, сайылган туш кийиздин сүрөтү берилип, анын маңызы эки бетте сөз менен байандалган аңгеме экени келтирилген. Азыркы кыргыз ойум-чийимди ушинтип сөз менен чечмелей алабы? Жок. Бул дагы кыргыздын адаштырылгандыгынын бир белгиси. Бирок, бул китепте биз сөз кыла турган сыр анда айтылган эмес.

«***Тең*** *бөлгөндү –****Теңир*** *сүйөт*» дейт кыргыз. Ийри сызык менен **тең** бөлүнгөн тегерек чыгыш элинин илгертен берки философиялык белгиси болуп келгени *адабий+ат*тан белгилүү (3-бетти кара). Аны менен жалпылап **Жок дүйнө** жана анын *аң-сезим талаасынын ар бир чекити* моделделет. Жалпылап айтканда, ошондой эле <u>Бар *дүйнөдөгүнүн баардыгы* (тегерек) *эки карама-каршылыктардын биримдиги* (тегеректин эки бөлүгү) *экенин* бул белги билдирет.</u> Бул белги менен белгилүү философиялык мыйзам толук эмес баййандалат. Белги дагы *кытайдын монадасы* деп аталат жана алтай, корея, жапан (япон) элдеринде колдонулат. Кеп бул белгинин кыргыздын ойумунда болушу менен (китептин бетиндеги сүрөттү кара) кийин бөлүнүп өзүнчө берилишинде жана ойумдун чиймеленип чийилиши менен белгилүү философиялык мыйзамдын толугу менен сүрөттөлүп байандалышында. Ошондуктан, монада кыргыздыкы. Тактап айтканда, кыргыз ойумунда жалаң эле аталган ой камтылбай, мындай биримдиктен тургандын өнүгүшү карама-каршылыктардын күрөшүнөн жаралгандыгы (ойумдун чубалышы) жана ал гармониялуу объектти жаратары байандалган. Чубалган ойум

менен түзүлгөн кооз объект менен, мисалы, Жараткан менен жаратылган табийаттагы карама-каршыларга толгон кооздук моделделип байандалууда десек болот.

Илимий терминдер менен айтканда, *байыркы чыгыштык философиялык белги (монада) бир эле аталган философиялык мыйзамдын <u>статикалык эле модели</u> болсо, ал эми <u>кыргыздын ойум-чийими менен бул мыйзамдын жана башка калган мыйзамдардын динамикалык толук моделдери байандалмак</u>.*

Ойумдун чиймелениши менен алардын байандалары "Кыргыздардын теги" (Бишкек, 1995) китептеги автордун макаласында да айтылган. Эми бул жерде мисал катарында ошол макалада каралган оймолор менен түзүлгөн эмблеманын окулуп жорулушун толуктап келтирели. Төрт бурчтуу тегерек эмблема түндүк түрүндө берилген (1-сүрөт). "Тегерек" форма "бир бүтүндөйдүн" символу болгондуктан түндүктүн тегерек формасы менен бүтүндөйдүн бири болгон "дүйнө" түшүнүгү берилген. Эмблемада "адам" деп аталган эки ойумдун үч сызык менен кошулушу, эки кыргыз адамы үч кылдуу комузун айтышуу менен чертишип, тегеректин маңызын байандагандай:

*Туткасы жок дүйнөнү,*
*Эч ким кармап кала албайт,*
*Тегеректен тегерек!*

Башкача айтканда, дүйнөдөгү өнүгүү жаранга баш ийбеси айтылат. *Тегеректин борборунда кыргыз орнаментинен жаралган **монада** берилген.* Ал болсо <u>баардык мүмкүнчүлүктүн башаты-</u>



1-Сүрөт. «Жок жана Бар» дүйнөнүн кыргызча модели

нын белгиси, гармониянын белгиси, б.а. ***Жараткандын белгиси***. Жалпылап айтканда, көзгө көрүнбөгөн Жок дүйнөнүн белгиси. Башкача айтканда, «синтез бесконечного многомерного Бытия и Небытия; синтез Субъективного и Объективного начал» (С.Р. Аблеев). Мында кыргыз монадасы (кара башат чекитинин модели катарында) жана андан тараган төрт нур биригип тең капталдуу *кыргыз крестин* түзөт. *Мындай крест Жок дүйнөнүн экинчи модели, кыргызча модели.* Аны менен ***Теңирдин (Жараткандын)*** *ой-куту Бардын төрт тарабына тең бирдей болуп берилип Бар дүйнө жаралат делет*. **Ой** болсо **энергиянын кандайдыр бир структурасы эле**. «В*начале возникает мысль, а затем воплощается в свет и звук, и становится звучащим словом, волновой структуры, несущей образ и смысл; программой будущей жизни всем организмам земли, включая человека. Реализует ее молекулы ДНК, несущий уже и текст и образ*» (*ютуб. Невероятное предсказание Петра Гаряева*)

Ойду алдыга өнүгүү багытына (оңго) же артка (солго) багыттаса болот. Муну крест менен бергенде ал **эки свастика** белгисине айланат. Ощондо солго айланган свастикасы эмнени билдирет? Жандын мурдагы Жердеги жашоосунда кетирилген каталарды - ыймансыз ойлор-аракеттерди - жана Татаал карым-катыштуу жаны жашоодо дагы билип-билбей кетирилген каталарды оңдош үчүн ойду өткөнгө кайруу менен каталар оңдолуп, ыйман тууралданып кайра жаныча жазылат. Ошентүү менен жаран жан дүйнөсүнө жана анын жолдошу болгон ыйманына объективдүү аң-сезим талаасында тийиштүү жашоо орунду камсыздайт. Болбосо жандын реинкарнациясы кайталана берет. Кайлаш тоосунда жашаган кыргыздар свастикаларды ойум түрүндө буйумдарын коздоп колдонуп Жараткандын сырдуу билимин билгендигин байандашса, биздеги кыргыздар аны уруунун эн белгиси түрүндө эле колдонуп сырды унуткандай.

Жараткандын ойунун жыйынтыгында эки карама-каршылыктардын теңдигине бай болгон Бар дүйнөнүн пайда болушу менен гармониялуу өнүгүшү камсыздалат. Аны кыргыз «*кый+ал*» ойуму менен коддоп келет. *Кыргыздын бул ойуму менен дагы Ааламдагы карама-каршылыктын биримдиги жана алардын күрөшү динамикалык түрдө толук байандалат* (сырткы бетте).

Кресттин экинчи толукталган мааниси «*равносторонний крест символизировал понятие* ***рум – мир****, откуда берет все начало и куда все возвращается*» (http://tengry.org/site/taina). Бул болсо Г. И. Шиповдун жана кыргыздын айтканындай.

Кыргыз туш кийиздин бет мейкиндигинин *бош бөлүгүнүн ар бир чекитин крест менен саймалап толтуруп көрүүчүлөргө айтылган ойлорду* оймо тили менен байандап келген эмеспи. Аны менен бизди курчаган аба талаанын ар бир чекити (б.а. талаанын ар бир элементардык медери) ушундай касиеттерге ээ деген Саи Бабанын ойун сабатсыз кыргыз илгери эле ырастагандай.

Дагы өнүгүү кайталанма (цикл) түрдө болуп, мындай цикл 4 этаптан, ал эми анын ар бири 7 баскычтан тураары байандалат. Этаптардын алмашышы философия илиминин «*Таанууну таануу*» экинчи мыйзамы менен болоору «**адам**» жана «**кыял**» аттуу оймолордун комбинацисы менен берилген. Анткени, мындай комбинацияда ойум-чийимдин багыты эки жолу өзгөрүүдө. Ал эми оймолордун тегеректе бириктирилип бир бүтүндөй болуп берилиши менен кооз эмблеманын жаралышы болсо философиянын үчүнчү мыйзамын байандайт дейт элек. *Жаранга алгачкы чындык объективдүү аң-сезимден алгачкы ой - -тыбыш - сөз - ойум түрүндө коддолуп берилген.* Ошондуктан, “*адегенде сөз болгон*” делет. Анда алгачкы ойдун маңызын так байандаган тилдик сөз ошол тилдин алгачкылыгын далилдебейби. Ошентип, бул эмблема менен философиянын баардык мыйзаңдары кыргыздын экинчи тилинин каражаттары менен моделделип берилгендиктен, ал Жок жана Бар дүйнөнүн

кыргызча модели, кыргыз дүйнөтаанымынын оймо тилинде байандалышы. Башка кайсы тилде ушундайча байандоолор бар?

Ай сайын айдын асманда пайда болушу, формасынын өзгөрүшү, жок болуп кайра көрүнүшү дүйнөдө бардыгында кайталанмалуулук бар экендик деп жана Ааламдын *тирүүлүгүн билсин деп, түнкүсүнө ай берген* Теңирдин жаранды окуткан окуусу (дарсы) деп эсептелген. Бекеринен кыргыздын календары Ай менен байланышпаган. Кала берсе, мурда аталган чыгыштык философиялык белгинин сүрөтү толгон тоголок Айдын бетинде тартылгандай болуп бизге элестетилет. Бирок, азыркы сүрөттөлүшү дисгармониялуу келип, азыркы цивилизациянын маңызына ылайыктуу келгендей. Бар дүйнөнүн кыргызча моделинде ай менен байланышкан формула колдонулган. Ал жөнүндө кийин.

Эми кайталап, **кыргыз** кыскача **"Жок дүйнө" деп көзгө көрүнбөгөн тирүү объективдүү аң-сезим кубат-билим талаасын, ал эми "Бар дүйнө" менен көзгө көрүнгөн бул материалдык болгон ар кандайча** деңгээлдеги **тирүүл**үктөгү **дүйнө түшүнүлгөн демекчибиз**. Кубат-билим талаасы иерархиялуу келип, алардын фонунда, тагыраак анын кучагында, Бар дүйнө системасы менен жаран да система катарында анын тирүүчүлүгү өтөт. Ошондо Жок кубат-билим талаасы "*түбөлүк*" деп түшүнүлүп, анын "*күнү да, түнү да бир"* деп, кыргызда так, анык айтылгандай, ал чөйрөдө бардык карама-каршылыктардын *биримдиги* түзүлгөндөй болсо, ал эми көзгө көрүнгөн материалдык дүйнөдө *баардыгынын карама-каршылыгы бар* экендигин көрсө болот. Ошондуктан, *түбөлүктүү дүйнөнүн* символдуу байандалышы математикадагы *бир гана фокусу бар* (биримдикти билдирген) *шар* (*тегерек*) менен, ал эми *материалдык дүйнөнүн* дагы бир символдуу байандалышы *эки уюлу бар (эки карама* каршылыкты билдирген) *эллипсоид* (*эллипс*) менен берилет (мукабадагы сүрөт). Материалдык дүйнөдө "күн" өзүнчө, "түн" башкача. Тактап айтканда, "Бар" дүйнө карама-каршылыктардын принцибине негизделип өнүккөндүктөн, анда "жамандар"

да, “жакшылар” да болушу шарттуу, б. а. *бул Бар дүйнөдөгүнүн баардыгы өзүнүн карама-каршылыгы менен гана бактылуу болгондой болуп жаратылган эмеспи*. Ошондуктан, дайыма кыймылда болгон материалдык теңдерди жана алардын гармониялуу болушун камсыз кылган, кыргызча айтканда, “*телегейин тегиз тең кылган*” кубат-билим талаасынын касиети кыргыздар тарабынан кыскача *Теңир (теңди ыйгаруучу, теңдикти жаратуучу)* деп туура түшүнүлүп, так аталып жана *анын негизги тартиптери Теңирлик субъективдүү дүйнөтаанымын жаратып*, ал кыргыздардын тиричилигинде такай колдонууга аракетелинген.

*Ал эми азыркы кыргыздын тиричилигинде ушул эреже сакталбай бузулуп жатканы азыркы киргистердин адашкандыгы. Муну бийлик гана жөнгө сала алат. Сала албаса бийликти эл өз колуна толугу менен алышы керек бирөөлөргө бербей.*

Ошентип, объективдүү аң-сезим *кубат-билим талаасы менен (Жок дүйнө) - Ааламдын табигый түрдө болушу же баардыктын эле фону*. Мындай фондо материалдаштырылып Бар дүйнө пайда болуп, өнүгүп-өсүп, кайра Жок болгону мындай чөйрөнүн негизги мыйзам ченемдүүлүгү. Ошондуктан, кыргыз көзгө көрүнбөгөн түбөлүктүү кубат-билим талааны (Жокту) баардыгынын башаты экенин түшүнүп, тийиштүү маани берип, Табият менен гармонияны жаратуучу экологиялуу тиричиликти жүргүзүүгө гана дайыма аракеттенген.

Эмблемада 4х7=28 деген формуласы боюнча берилген 28 ойумдан турган түндүктүн бетиндеги айланган оймолордун комбинациясы берилген. Мында 28 жаңырган Айдын бизге көрүнгөн күндөрүнүн саны, анын 7 күндөн турган 4 фазасы. Ал эми эски билимдер бойунча (мисалы, нумерология) 2+8=10, же 1+0=1 болгондуктан, 28 деген сан 1 деген **сыфранын (цифранын) – сырдын** маңызынын бир жагдайлык мааниси эле болмок (А. Кисель. Кладезь бездны. М. 1992).

Эгерде 1 деген цифра (сыр) дүйнөдөгү *бир бүтүндүктүн белгиси* экендигин эске алсак, анда, бул формула менен, тактап

айтканда, көзгө көрүнгөн материалдык дүйнөнүн түзүлүшүнүн жалпы мыйзамы баяндалган болмок. Дагы Ааламдагы баардык процессте бул эмблема менен берилген Айдын цикли сыяктуу кайталанма (циклдүүлүк) бар экендиги айтылат. Жалпылап айтканда, бул формула менен дүйнөдөгүнүн бүтүндөй болгон баардыгынын "*жашоо циклинде*" 4 фаза *жана 7 этап же деңгээл бар экендиги* айтылат. Чындыгында эле, бул көзгө көрүнгөн материалдык дүйнөдө 4 (*төртилик*) жана 7 (жети*лик*) *касиеттер* бөтөнчө ролдорду ойноору илимде аныкталууда.

Мисалы, жарандын 4 түрү бар:

*1. билбегенин билбеген жаран - ал акмак, андан кач;*

*2. билбегенин билген жаран - ал үйрөнө алат, аны үйрөт;*

*3. билгенин билбеген жаран - ал уйкуда, аны ойгот;*

*4. билгенин билген жаран - ал даанышман, андан үйрөн,*

дагы жарандын 4 психалык мүнөзү, өмүрүнүн 4 фазасы, негизги 4 сезими, анын 4 түлүк малы, аны менен байланышкан 4 тарап бар. *Жарандагы табигый 4 нерсеге - уйкуга, күлкүгө, карылыкка, тамакка - токтоо жок, 4 нерсеге - көкүрөк акылга, көңүл ойго, эр малга, тил сөзгө -тоюм жок"* (О. Айтымбет). Жаранда төрт күч бар: *акыл күчү, булчуң күчү, курсак күчү, жүрөк күчү*. Адам төрт бурчтук (ромбик) менен сүрөттөлүшү да ошондон.

Ал эми жети деген цифра (сыфра) менен бул материалдык дүйнө жетиликтүү касиеттерге негизделгендиги айтылат. Мисалы, жети жылдын ичинде жарандын организминдеги элементтер бүт жаңырып алмашылган болот. Ал эми жалпылап айтканда, Ааламдын түзүлүшүн физикалык, физико-химикалык, биологиялык, психофизикалык, гносеологиялык, космологиялык жана башка аспекттери бойунча караганда анын *баардык жактарынын структуралык-масштабдык деңгээлдери жетиликтүү келээри* гана аныкталгандай (КСЕ, Джули По).

*"Бул дүйнө жарык Ааламда, булуту болбой жел болбойт. Жети дүйнө укмушта, жер жаралбай эл болбойт. Жети кабат асманга, күн жараттың бир Алла. Алты катар асманды, жарып*

*чыккан аккан суу”* деп “аралап элдин арасын, сөздүн алтынын тапкан” Жеңижок айткан. Куранда да айтылган *“Жети асман”* дегендик эми азыркы илим тарабынан ырасталууда (National Geographic, Vol. 163, 1983). Ошондо адам мындай жетиликтүү катардын ордосу болоору да аныкталган, б. а. адам

*Асман менен Жериңдин*
*Тирөөсүнөн бүткөндөй*

деп, кыргыздын эпосунда айтылгандай. Айтылганды символдуу баяндаган белги да кыргызда бар (мукабадагы белги). Ал Манастын тавросу деп азыр Бишкектеги “Манас айылында” илинди. Бул белги, чындыгында, **кыргыздын Теңирлик системалуу дүйнөтаанымынын белгиси** эле.

Ошентип, эмблемада 4 фаза жана ар бир фаза 7 ойум менен берилип, бардыгы 28 оймо элементтер бир бүтүндүктү жаратышкан же бир табигый циклди сүрөттөшкөн. Бир фаза алты бирдей, жетинчиси башкача ойуу менен берилген. Алты бирдей “*кыял*” ойуусу менен *философиянын эки карама-каршылыктын биримдиги жана алардын күрөшү* деген мыйзамы сүрөттөлөт. Демек, аны менен баардыгы процесс катарында символдуу байандалып, бул дүйнөдө материалдык менен кубат-билимдик процесстер бир-бирине таасир этишип жүрө тургандыгы байандалат (мукабадагы ойум). Ал эми алты бирдей, жетинчиси башкача болгон жетөө биригип “*жетинин бири Кыдыр*” экенин чечмелейт. Жетинчиден кийинки кыйал ойуулары (мисалы, *сегизинчиси*) башкача багытта берилип, алар башка процессти сүрөттөгүнү айтылат. Муну менен кыргыздар айткан “*жети атаңды бил*” деген нускалуу сөздүн маңызын түшүндүрсө болот. Тактап айтканда, алты атанын тукумдары урук информациясы жагынан байланышта болушуп, окшошураак келишет дагы, ал эми ошондо 4-де ген мутациясы бащталып, 8-чиси жаны муундан болоору сүрөттөлөт. К*ыргызда жети муундагылар бир урукту түзүшөт”* деп айтылат. «*Число 8 – символ творения*» - дейт С. Саи Баба. Мунун кыргыздын айтымы менен иллюстраланып берилиши

мукабанын акыркы бетинде берилген. Мындай шайкештүү сүрөттөлүш айтымдар чындыктуу экендигинин дагы бир даили. Садхгурунун айтуусу бойунча биз азыр 84-чү Бар болууда жашоодобуз, ал эми баардыгы 112 жолу Бар болуу - Жок болуу болмок. Бул дагы кыргыздын айтымында Жок болуунун -да"сыз айтылышы менен кыйыр баамдалат. .

Жогоруда айтылгандардын чындыгында эле ошондой экенине Д. И. Менделеевдин химиялык элементтердин мезгилдик системасында заттардын атомдук деңгээлинде байкалган илимий мыйзам ченемдүүлүк түрткү берет. Ал боюнча бир мезгилдеги химикалык элементтер касиеттери боюнча окшош келишип, бирок *төртүнчүсү* өзгөрүшү боюнча *бурулушту* келип, *жетинчиси бөтөнчө* болоору далилденген. Ал эми *сегизинчи элемент такыр башкача мүнөздөмөгө ээ* болгон элементтердин мезгилин жаратмак (А. Кисель). Бул болсо илимий эксперименттердин жыйынтыгы, ал эми кыргыз буга экспериментсиз келген..

Дагы эки башка багытта сүрөттөлгөн алты кыйа(я)л ойумдарынын жетинчиси болгон "адам" аттуу ойум боюнча кошулушу менен эмблемада *философиянын танууну тануу экинчи мыйзамы* байандалууда деп, кайталап, айтабыз. Себеби, мурдагы процесс эки жолу танылып (байланышты сүрөттөгөн "адам" ойумундагы багыттын эки жолу өзгөрүшү), жаңы процесстин кеткендиги көрсөтүлгөн. Муну менен дагы "бул материалдык дүйнөдөгү ар түрдүү процесстердин арасында адам атка конгон жаран маанилүү ортоңку, борбордук орунду ээлейт" деген азыркы илимий жыйынтык да айтылууда. Ал эми эмблеманы түзүшкөн каражаттардын толук комбинациясы менен өзүнчө бир кооз, гармониялуу обьекттин – эмблеманын - түзүлгөндүгү болсо, *философиянын үчүнчү мыйзамын сандуу катыштардын* (бир нече элементтердин кошулушу) *сапаттуу катышка* (эмблема сыяктуу объектке) *айлангандыгын* берет. Жарылуудан жаралгандардагы өсүп-өнүгүү процессти байаяндаган кыргыз ойуму да бар. Ал шырдакта колдонулган үч деңгээлдүү ойум (2-сүрөт).

Бул ойум менен бир бүтүн өсүп-өнүгүүдө жарылып, экиге ажыраары анан дагы экинчи жарылуу болуп, оймолордун чиймелениши уланып, үчүнчү иреттеги жарылуу болоору сүрөттөлөт. Кеп мында жарылуу процессинин үч эле ирээт эле



2-Сүрөт. Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө.

берилишинде. Эски билимдер бойунча 3 деген цифра (сыпра) *өнүгүп-өскөн дүйнөнүн* символу экендиги белгилүү. Тирүү жандын клеткасы экиге бөлүнүп өсөрүүн билебиз. Ошондой эле мурда айтылгандай, окшоштуктун принциби бойунча, Бар дүйнөнүн өнүгүп-өсүү процесси да бир бүтүмдүн экиге бөлүнүп жарылуу процессине негизделгенин биз азыркы илимден билебиз. Ал эми кыргыз кап качан эле мындай чындыкты билип оймосу менен байандап берип келгенин карабайсыңбы. Дагы бир эле ойум, шырдактын чет жагында бир түс менен анан жанаша экинчи түс менен башкача жайланыштырылып, айланта бириктирилип (демек циклди түзүп) берилиши менен, *бул Бар дүнүйөнүн өнүгүшү циклдүү келип, оомалуу-төкмөлүү келген мыйзам ченемдүүлүктө экендигин* кыргыз байандап жатпайбы. Бул жерден да эски тексттерди окуй албаган караңгы кыргызга бул факт кандайча жол менен келген деген суроого келип, таң калып, терең маңызды кыскача символдуу жаза билгенине сыймыктанасың. Мындайча жоруп алып, көп нерселерди башкалар, М. Аджи жазгандай, чынында эле, кыргыздан (же тукуму түрктөрдөн) эле үйрөнгөн деген ойго дагы келип мурдагы кыргыздар менен сыймыктанасың. Ал эми азыркы адашкан кыргыздардын жасагандары кыргызды уй+а(я)т+ка калтырууда.

Мындай тарихый маданий байлыгыбыз болгон экинчи тилди аз жылдын ичинде эле унутуп койуш кечиримсиз. Ошондуктан М.В. Рындиндин китебинде келтирилген материалдарды колдонуп,

кыргыз ойумун чечмелеп окууну кайра жандандыруу керек жана мектепте аны окуткан тийиштүү сабак киргизилиши тийиш. Баардык жагдайда оймо тил менен баяндоону кеңири колдонушубуз керек. Мисалы, эгерде Улуттук университеттин фойесинде оймонун баардык түрлөрү аталып тартылып, дүнүйөнүн, өнүгүүнүн философиясы аны менен сүрөттөлүп, түшүндүрмөсү менен берилсе келген конокторду таң калтырбайт беле. **Эч кимде жок туураа Теңирлик дүйнөтаанымы жана оймо экинчи тили кыргызда бар экендигин даңазалабайт беле.** Баардыктын башаты кыргыздан экенин кыргыз өзү да жана бөтөндөр да түшүнбөйт беле. Улуттук окуу жайдан улуттук сабак алышкандай болбойт беле. Бул качан болоор экен?

Кыргыздын ойумунда катылган философиялык белги дуйнөдөгүнүн баардыгын карама-каршылыктардын биримдиги болгон система катарында кароого чакырат. Бул болсо кыргыз тилинде «үрп-адат», «каада-салт», «жүрүм-турум», «кылык-жорук» ж.у.с. *системалуу терминдердин* колдонулушунда да ырасталат. Бул белги системалуу түшүнүктү байандагандыктан, аны ар кандай көз караш менен карап окуса болот. Маселен, тиричилик жагынан аны окуганда: *баардыгынын жакшы жактары канча мүмкүндүү болсо, анын жаман жактары да ошончо мүмкүндүү дегендик.* Жакшылык өзүнүн кандайдыр бир ченемине чейин эле жакшы болот, андан ашкандан кийин жакшылыктын жамандыкка айланган жагдайы бар. Андай болсо, жакшы менен жамандын көбү же азы жакшыбы деген суроо туулат? Буга баардык элдерден мурда түшүнүшкөн байыркы кыргыз эли жана башка чыгыш элдери өздөрүнүн тиричилигин табийаттын иерархиялуу шарттарына ылайыктуу келген адат-салттын, нарктын негизинде гана куруу менен, көңүлүн куунак кармоо менен, кең пейилдик, ак көңүлдүүлүк, мейман-достук келген ыйман-ызааттуу касиеттер менен жетектенип, баардыгын Жараткан өз денесинен жараткандыктан жана ал менен курчалгандыктан аны ыйык, сырдуу көрүп, эч бир нерсеге з(с)ый+ан кылууну ойуна да келтирбеген чыныгы момунга тийиштүү ченемдерди сактоого чыкырган, системалуу

түшүнүктөргө негизделген, традициясы катуу тиричиликти курушкан. ***Кыскартып, кыргызча айтканда, адам болуу менен жарандардын мамилелери, карым-катыштары гармониялуу болгон тиричиликти - адамгерчиликтүү тиричиликти*** курууга тырышкан.




3-Сүрөт. Чыныгы кабардын алынышы, жазылышы (коддолушу) менен кыргыздын таанымы, жашоо салты калыптанып, анда жаралган фундаменталдуу билимдүүлүк камтылган.

Бул болсо кыргыз өзү жашаган дүйнөнү туура түшүнгөндүгүнүн бир белгиси. *Жашоо чөйрөсүн туура түшүнгөндө гана туура жашоонун түрүнө келет жаран.* Көр дүйнөгө эмес, жан дүйнөгө маани берилген. Жан өлбөсүнө, кайра келишине ишенишчи. Жан дүйнөсүн багышчы. Бактылуу жашаш үчүн көп нерсенин кереги деле жок. Кыргыздын системалуу дүйнөтаанымга негизделген жашоосу бактылуу келген. Ал эми жаман-адашкан башкаруучулардын кесепеттеринен кыргыздын жашоосу ар кандайча болгону башка сөз. Туура жашаш үчүн биринчи ирээтте башкаруучунун түшүнүгү туура болуш керек. Адашкан башкаруучу болсо, анда ал элдин шору.

Ошондуктан да "*момундун ишин Теңир мактайт*" деп айтылып, "*ар качан ар бир иште сабырдуу бол, жашоодо чын бакыттын негизи ошол*"- болгон кыргыз үчүн. Көпчүлүктүн жаралышы чыгыштан болсо дагы, анын улантылып өсүшүнө же ойдогунун баардыгын эле ишке ашырууга чек койулушу да ошондон. Себеби, жакшылык үчүн ойлонуп табылган, жамандык үчүн колдонулушу да мүмкүн экендигин алар жакшы түшүнүшкөн. *Ошондуктан, кыргыз элинин жашоо тиричилиги системалуу түшүнүктөргө негизделген ыймандуулуктун адат-салтында болуп, экологиялуу, өзгөрүүсүз болгон.* Мындай системалуу тиричилик өзүнө тийиштүү гана чыныгы табигый демократиялык принциптерди камтыганы талашсыз. Бөтөн маданияттыктагы тиричиликтен жаралган демократияны кыргызга азыркыдай таңуулоо бул адашкандык. Кыргыз качан муну түшүнүп, азыркы жалган, чочун демократиясы менен алдамчы шылуундардын элди алдаганыннан ажырайт?

Кыргыздын системалуу дүйнөтаанымынын белгисинде бекеринен адам белгиси ортодо тартылган эмес. Себеби, Теңирден түшкөн *куттун* (т.а. *кубат-билимдин*) жакшылыкка же жамандыкка ажырашы, белгиде көрсөтүлгөндөй, бул жарандын адамдык каиеттерине байланышкан эмеспи. Жарандардын карым-катнашында жамандык ойлор үстөмдүк кылынса, алар тирүү Аалам менен ар түрдүү табигый кырсыктуу процесстер болуп ишке ашырылып, кайра жарандарга таасир этет, б.а. Аалам бузулуп, аларды эске келүүгө чакырган болот. Муну билген кыргыз, улам кайталап айткан: «*Адам бузулса, Аалам бузулат*» деп. Эми муну тактап, «*жаран бузулса*» деп айтыш керек. Эл буга маани берип, жүрүм-турум, тиричилигин Теңирдин жол-жобосуна ылайыкташтырышы керек эмеспи.

Кыргыз өзүнүн системалуу түшүнүктөрүн керемет кудурети артылган сөздөргө так уйутуп, <u>*Улуу Кыргыз Сөз казынасын*</u> жараткан. Ошондуктан, "<u>*Адам (же киши) эмес*</u> *жаран сөз эмес сөздү сүйлөйт*" делип келген кыргызда. Бул сөздөрдүн туураа

эмес азыркы колдонулушу, кыргыздардын адашканын дагы бир мисалы эмеспи. Куну баа жеткис болгон мындай сөздөр *Санжыра санаты* болуп куралып, *системалуу мамиленин тили* болгон кыргыз тилин жараткан. Ушундай тилге ээ болгон адамга гана Манастай эпосту төкмөлөп айтуу татыктуу экендик, Теңирден ыйгарылган эмеспи. Кыргыз элинин купуя сырларын камтыган сөздөрүн билишибиз, кеңири колдонушубуз керек.

Азыркы учурда нускалуу карылар азайып, ыймансыз жаштарыбыздын көбөйгөнү калппы? Карылардын нускалуу болбогондугу азыркы таалим-тарбия берүү системасынын ар түрдүү көп билүүлөрдү бергени менен *системалуу* (же кыргызча *нускалуу*) *билүүлөрдү* камсыз кылбагандыктан. **Чындыгында системалуу билим гана нускалуу жана ыймандуу.** Себеби, системалуу билим гана чын билим. Кыргыз өзүнүн билими чын экенине чын көңүлү менен ишенген, ошондой ыймандуулукта болуп тиричилик жүргүзгөн.

Мурда кыргызда системалуу билимдүү кары аалымдары көп болгон. Алар болсо тажрыйбаны, акыл-эсти, кыргыздын купуя сырларын камтыган бир үй-бүлөнүн байлыгы, "системалуу билимканасы" болгон. Ошондуктан, **"*Кары үйдүн куту*" болуп, "*Карысы бардын ырысы бар*"** делген. Аларды баардыгы угуп, сыйлап, айткандарын ишке ашырышкан. Азыр мындай карылар жокко эсе, угулбайт, угулса дагы бааланбайт, себеби, алардын нускалуу айткандары азыркы замананын системалуу эмес адашкандардын идеологиясына каршы келет. Ошондуктан, кыргыз сөзүнүн баркы кеткен, үйдө кут жоктой, коомдо ыйман да жок, анткени Жаратканды ордуна Кудай термини колдонулат.,

"На Западе говорит о душе в мире бизнеса считается некорректным" (СК. 30.09.99). "Батыштын түшүнүгүндө турмушта дайыма күчтүү жаран жеңет, анын баардык жоруктары кечиримдүү" (Ч.Айтматов. КТ, 75,99). "Идеалом личности на Западе является сверхчеловек, а на Востоке - всечеловек" (В. Шубарт. Европа и душа Востока). Батыштагылардын

түшүнүктөрү кыргыз маданиятында «жарандык» деген түшүнүк менен берилет. Ал эми Батышта **Адам** Атанын ысмы менен байланышкан кыргыздыкындай “**адам**герчиликтүү” деген термин-түшүнүк жок. Чыгышта жарандын бул дүйнөдөгү турмушунун келечеги эске алынып, *адам болуу, адамды таануу* илимдин негизги максаты деп түшүнүлгөн. Себеби, «адам бузулса - Аалам бузулат» - деген кыргыз түшүнүгү белгилүү болгон. Чындыгында, туура эмес тиричилик жарандын максатын туура түшүн-бөстүктөн эле эмеспи. Илим деген Батышта табиятты таануу менен аны жарандын кызыкчылыгына багындыруу болсо, Чыгышта жарандын табигый касиеттерин өркүндөтүп өстүрүү менен аны табигый процесстерге адапташтыруу деп түшүнүлгөн жана мындай процесстер менен шайкештүү тиричилик куруу зарыл деп эсептелген. Табийат деген жан-жаныбарларга Теңир тарабынан берилген сый. **Ошол берилген сыйдын сыры бойунча өмүр сүрүү – бул чыныгы адилеттүүлүк**. *Мыйзамда жарандын эмес, чөйрөнүн шарттары приоритеттүү болушу зарыл*. Проблема Чыгышта тереңирээк койулган. Батыштык илим-билимде эми гана «Центры человеческого развития» түзүлүүдө.

Түрк уруулары кыргыздан тараган. Алар жөнүндө М. Аджи минтип жазат: «После Великого переселения народов мир стал другим – цельным: он принял **религию Тенгри, т.е. Единобожие.** ..Буддизм, джайнизм, зороастризм, манихейство, иудаизм появились в ту пору не сами собой. **Они – ветви тюркской веры (Тенгрианства),** ее продолжение в новой культурной среде» (М. Аджи. С. 308).

«В 325 году Константином создана новая Греческая церковь, которая объявила Тенгри и Христа одним лицом, Богом Единым. Человек стал богом... родилась новая религия. Религия, названная не по имени Бога Небесного, а по прозвищу человека. **Она присваивала молитвы, обряды, храмы кипчаков – всю их духовную культуру**. Весь обряд. Что на Алтае копилось веками,

теперь в одночасье переходило ей, ее Церкви. Ложь стала христианской истиной. …Сожгли Александрийскую библиотеку, ее редчайшие рукописи. **Бесследно исчезали библиотеки потому, что были на тюркском языке**. …Папа римский Иоанн Павел II на рубеже третьего тысячелетие извинился *за инквизицию, с помощью которого стирали следы Востока в Европе.* Книги тюрков в Европе с XIII века переводили на латынь, а оригиналы жгли или прятали в библиотеке Ватикан. …**Киши хакы**» называли тюрки закон своей жизни, правило своего поведения. «Киши хакы» — заповеди, простые и понятные, как день и ночь, вот они. Три божественные заповеди:
— верь в Бога Небесного, в Тенгри, ибо других богов нет;
— не придумывай идолов, есть вера одна — в Бога;
— рассчитывай только на себя и на Его помощь.
Шесть человеческих заповедей:
—чти отца и мать, через них Бог дал тебе жизнь; — не лги;
— не убивай без нужды; — не блуди; — не воруй; — не завидуй.
Девять заповедей блаженства:
— верь в Божий суд; — не бойся слез, сострадая ближнему;
— чти адаты своего народа; — ищи правду и не бойся ее;
— храни добрые чувства ко всем людям;
— будь чист сердцем и делом; — не допускай ссор, стремись к миру; — помогай страдающим за правду;
— верь душой, а не разумом.

Соблюдение первых трех заповедей делали человека *верующим*. Шесть других — **человечным**. А девять последних делали *тюрком*, для которого дух и свобода были высшей ценностью жизни. Так жили степняки, почитающие Тенгри. Отсюда, из центра Азии, ушла в мир идея Единобожия, вместе с ней ушли люди, которые в раннем Средневековье составили честь и славу Европы и остального мира. То были тюрки, начавшие Великое переселение народов. …«**Бог в душе**», говорили здесь. Добрые дела отражали любовь к ближнему,

поэтому у **тюрков ценились именно поступки, а не слова и обещания.** Вера обязывала делать добро и уклоняться от зла: «**Побеждай ярость любовью, отвечай добром на зло, скупость побеждай щедростью. Основа религии тюрков гениально проста: сделай добро, и мир станет добрее**» (М. Аджи).

*«Киши хакы» - это «право быть человеком (кыргызча, киши болгондой адам болуу)»* (М. Аджи).

Кыргыз менен орустардын байланышы жөнүндө Алмакан Бекова (*ютуб: Учур маселеси. Алмакан Бекова, фейсбук: Элдик Курултай)* минтет: “Алтынчы кылымдан он биринчи кылымга чейин жалпы Советтер Союзунун баардык территориясын ошондогу Кыргыз Каганаты ээлеген. Кыргыз Каганатындагы башкаруу система Курултай органы болгон. Кыргыз Каганатынын негизинде Алтын ордо мамлекети түптөлгөн. Каганаттын Курултайынын жетекчилиги Алтын ордонун убагында Чынгыханга өткөрүлүп берилген. Алтын Ордонун чечимисиз, Чынгызхандын мөөрү койулмайынча көп батыш жана чыгыштагы өлкөлөрүнүн жетекчилиги койулган эмес Алтын Ордону ыдыратып жок кылыш үчүн, бийликтегилерге өздөрүнүн кыздарын тартуу кылышкан. Мындай айалдар кийин уруш, жанжалдар чыгарышып ордодо ынтымакты кетиришет. Чынгызхан дүйнөдөн өткөндөн кийин мөөрдү балдарына, бир туугандарына дагы таштаган эмес, мөөрдү эн жакын адамына гана таштаган. Кийин *Чынгызхандын тукумунан болгон Иван Грозный мөөр тапшырылып, **Алтын Ордонун укуктарын, жерлерин, байлыктары менен бирге Алтын Ордонун мураскери катарында өткөрүлүп берилген.*** Ошол күндөн баштап Россия Ак падышачылыгы орногон. Андан кийин баардыгы Ак падышага баш ийип, Ак падышадан Чынгызхандын мөөрүн бастырып анан шайланып турушкан. Жыйынтыктап айтканда, Ак падышачылыктын мамлекет болуп түптөлүшүнө Алтын Ордо, ал эми Алтын Ордонун түптөлүшүнө Кыргыз Каганаты себепкер болуп берген. *Жогорудагы маалыматтардын негизинде бүгүнкү күнгө чейин **Кыргыз***

***Каганаты жана Алтын Ордонун укуктары Россия империясынын тарыхында мындайча айтканда мамлекеттик сыр катары сакталууда.*** Ошондон бери мөөрдү, укукту, байлыкты алыш үчүн бир нече согуштар болду, азыркыга чейин сайасий интригалар уланууда. Ак Падышачылыктын курамына кыргыздардан Атаке бий, Шабдан баатыр, бир топ уруулардын өкүлдөрү Россия Ак пады-шасына барып составына кирүүгө атайын документке кол койуш-кан. *Ошол учурда жашыруун келишимдин негизинде Александр 3 Романовдор падышалык үй-бүлөө менен Шабдан баатырдын жана башка түндүк хандарынын өкүлдөрүнүн ортосунда түзүлгөн документтер бар. Эгерде Ак падыша Романовтордун үй-бүлөөсү өлтүрүлүп же жумушка жараксыз болуп калса, Ак Падышанын мураскери жана бийлиги Кыргыздардын хандар династиясына өткөрүлүп берилет деген келишим болгон! Анткени орус эли, жерине болгон укугунан же кандайдыр бир коркунучка дуушар болуп баратса* ***Кыргыз Каганаты жердин ээси катарында кыргыздарга өткөрүлүп берилет****, ошондо Ак Падыша мамлекети сакталып калат.* Ошон үчүн ушундай жашыруун келишим түзүлгөн. Рюрикевич жана Бекбулатовичтер кыргыздарды сактап калганга күч аракеттерин жумшашкан, Себеби алар чыныгы тарыхты билген, кыргыздын улуулугун, тууган экендигин билишкен, бул маалыматты дагы жашырып жүрүшөт. 1943-жылы Сталин атайын буйрук чыгарат. Военный разведка СМЕРШке тапшырат. СМЕРШ (СМЕРТЬ ШПИОНАМ деп которулат), бул Сталиндин контрразведкасы. 1941-жылдан баштап 1943-жылга чейин Ата-Мекендик согушта он беш республика-нын арасында кайсыл эл көбүрөөк баатырлыкты көрсөткөн деген изилдөө жүргүзгүлө деп буйрук берген. Ошондо 1943-жылы Сталиндин алдында изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарган доку-мент-отчет берилген. **Он беш республиканын арасынан баа-тырдык, өзгөчө эрдик көрсөткөн эл** Чечен же Орус эмес **Кыргыздар болгон, кыргыздар антка бекем, курч калк экени далилденген**.

Сталин ошонун негизинде «**Бул кыргыздар антка бекем, баатыр, сөзүндө турган, Кыргыз Каганат ээси катарындагы тарыхы бар улуу эл экен**» деп билген. Ошон үчүн Кыргыз каганаттын, Алтын ордонун мурастары, түзүлгөн келишимдер СССРде сакталган документтердин барын билген. Ошон үчүн 1947-жылы Сталин жабык түрдөгү буйрук, токтом менен чечим кабыл алып, **СССРдин он беш республикасынын акча-сын, байлыгын Кыргыздарга мурас кылып калтырган**. Ал чыгарылган Токтомдун буйругун мамлекеттик сыр болуп калсын деген. Ал жерде И. Раззаковдун да колу койулган. Мына ошол күндөн ушул күнгө чейин Мамлекеттик сыр катары сакталып келүүдө. Ошондо Кыргыз ССРи борбор шаары Фрунзе дүйнөлүк финансылык системада СССРдин казынасына жооп берген эл катарында азыркы кезге чейин турат. Ошол акчага кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин ээ! Экинчи дүйнөлүк согуштун негизинде бүгүнкү күнгө чейин Кытай, Япония, Корея, Германия (2012-кутулган), Европа мамлекеттери СССРге болгон тарыхый документтердин негизинде опол тоодой карыз экендиги тарыхый документтер тастыктайт жана азыркы кезге чейин күчкө ээ".

Муну билген кыргызга лидер болом дегендер да бар. Байланышып акча алгандар да бар. Бирок, еврейлер "кыргызды кыргыз гана жок кылат" деп айткандай, алар ал жөнүндө элге айтпай, алгандарын өз пайдасына тымызын колдонуп душман болгондор бар. Бул факт дагы кыргыздын канчалык бузулгандыгын, арабыздагы душмандардын атын ачык атап бетин ачмайынча кыргыз оңолбосун, бириге албай ичинен чирий берээрин, кыргыздын жок болоору ушул эмеспи экендигин ырастайт. Алдым-жуттум душмандарды тизмелеп, кимдер жана кандай экендигин ачык элге айтуу менен, эл ойгонуп өз арасын тууганчылыгына карабай тазаланышы зарылдуу. Люстрациядан кийин гана таза кыргыздар биригиши керек! Тазаланбаганды арадан кууш керек илгеркидей ата-бабалардын салты бойунча. Антпесек, кыргыз ичинен

“чирий” берет. Кыргызды таза кыргызчылыктын сырларын – Тенирликтин сырларын - билген кыргыз гана тазалайт!

“Несомненно, что мировая цивилизация, хотя с опозданием, пришла к непреложному выводу об отклонении, аберрации науки от основной своей цели - служения человеку и свернула на антигуманный тупиковый путь. В науке наметилась тенденция к пересмотру целей...” (В.И. Кнорринг. Искусство управления).

«Ученые отрицая Веру как источник науки, выводя ее за рамки науки, оказывается используют постулаты веры в фундаменте для доказательств объективности окружающего мира. А потом, забыв начисто об этом, старательно формируют миф о том, что наука строится не на Вере, хотя именно Вера всегда лежит в фундаменте многих, даже точных наук».

Азыркы өкмөттөр ушундай илим-билимге негизделген батыштык цивилизациясынын жашоо сайасаты менен эле жетектенип, тиричиликти жүргүзүүдө. Ал болсо напсисин чексиз агытуу менен күнүмдүк гана кызыкчылыкты эңсеген, жекечилик, өзүмчүлүк (эгоисттик) мүнөздөгү болгон баардык өлкөлөрдөгү адамгерчиликтүү эмес тиричиликке алып келүүдө.

Ошондуктан, азыркы убакытта Жердеги адамгерчиликтүү эмес же кишичиликтүү эмес тиричиликте аңдап-сезип туруп, укмуштуудай кылмыштарды жараткан, азыркыдай прогресстин кишиге, адамга кереги барбы деген суроо туулат. Жарандын адамгерчиликтүү турмушуна ылайыктуу прогресс башкача болушу керек эмеспи? Ушундай суроолорго жооп бербей туруп, адашкан бирөөлөрдү кыргызга туурап өсүп-өнүгүш жоопкерчиликсиз эле эмеспи, эгерде башкача болбосо. Азырынча муну түшүнүшүнгөн кыргыз жетекчиси табыла элек. Эл жетекчиликти өз колуна толугу менен алмайынча, баардык органдардын жетекчилери жана президент мындай бийликке баш иймейинче, проблема чечилбегендей. Бийликти өкмөткө, депутаттарга, сотторго, партияларга жана дагы бүрөөлөргө берүү Кыргызстандагы көп жылдык адат бизге эч кандай жакшылыкты алып келбегенинен эл эми жыйынтык чыгарып, аң-сезимин өзгөртүп, жалпы Элдик Курултай бийлигин гана орнотуш зарылдуу,

***Жыйынтыкталып айтылуучу ой булар*:**

**1.1.** Кыргыздын билими башынан системалуу болуп *«Теңирлик» деген* ***системалуу дүйнөтаанымын*** түзгөн. «Теңирлик» динчиликке байланыштуу аталышы. *Ээси Теңир болгон объективүү аң-сезим менен кубат-билим байланышын түзүүгө ээ болгон байыркы кыргыздар системалуу дүйнөтаанымды калыптандырган.* Мындай тааным Теңирден адамзаттын биринчи пайгамбары болгон Адам-атага берилген илим–билим. Ал чындыктуу гана билим. Анын негизинде жарандардын субъективдүү аң-сезимдери калыптанган. Ал объективдүү аң-сезимге адекваттуу келген **алгачкы тааным - Теңирдик**. Мындай алгачкы системалуу дүйнөтааным *телегейин тегиз кароону*, баардыгына *системалуу мамиле кылууну гана үйрөтүп, ар нерседен анын жамандыгы менен жакшылыгын ажыраткан ченемин таба билүүгө* мажбурлап, ошондуктан керемет кудуретине ээ болгон *Кыргыз Улуу Сөзүн жаратып*, дүйнө элинде жок *Санжыра санатына* жана *жашоо эрежесине* айланган. **Теңирлик бөлөк элдерге таратыла баштаганда ага тең бир да дүйнөтааным болгон эмес (М. Аджи). Илимдин өнүгүүсү болсо анын түшүнүктөрү туура эле экендигин ырастадоо.**

Теңирликте эки дүйнө тең камтылып каралып, бир көз караш менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан, ал толук системалуу билим, таануу. **Кыргыз үчүн Теңирлик анын ишеними да, билими да, б.а. *дини да, илим-билими да* болгон.** Азыркыдай экөө ажыратылып колдонулган эмес, бири-бирине карама-каршы болгон да эмес. Мындай билим азыркы убакытта колдонулбайт. Ошонлуктан, адаштырган азыркы билим системасы менен дайардалган билерман-башкаруучулар «*Теңирчилик кыргыздын дини*» -деп таанытыла десе болбой жатышат. Талапты койгондор тынчып калбай, болбогондордун сабатсыздыгын, айыбын ачыш керек эле теле-радио-гезитте.

Мындай билим азыркы илимге, динге, философияга, идеологияга, окутууда, тарбиялоодо, тиричиликте, башкарууда баардыгына тең жалгыз негиз болуучу чыныгы билим. Ошондуктан, азыркы илим-билимдин зарылдуу проблемасы болуп – *толук системалуу дүйнөтаанымдын жаңы деңгээлдеги байандамасын, жаңы илимий Аалам жол-жобосун жаратуу болуп эсептелет*. Буга азыр Г. И. Шиповдун илимий изилдөөлөрү мындай байандамаларды жаратууга жол ачып ага илимий негиз болгону турат. Анда кыргыздын Теңирлиги – адамзаттын алгачкы туураа субъективдүү аң-сезими катарында – мындай тактоого да негиз болуп өзү да такталмак. Ошентип, азыр системалуу дүйнөтаанымдын кезектеги такталган варианты жаратылганы турат. Эми кыргыздын элитасы эмне дээр экен буга.

Кыргыздын мурдагы мындай таанымы адамгерчиликтүү мамиледеги тиричиликтин стандартына толук, туура негиз түзгөндүктөн кыргыздардын башка жашоо жол-жобосуна берилбей өзгөрүүсүз экологиялуу көчмөндүк тиричиликти жүргүзүп келгени ошондон. Кыргыздагы көп сырлардын төркүнү анын ушундай таанымында. Эгерде К. Байбосунов “Тенгрианская или кочевая цивилизация древних кыргызов оставила человечеству высшую форму этики семейных отношений, кодекс чести” (В книге: Современность: философские и правовые проблемы, Б., 98) десе эле, аны кеңейтип, тактап, ал бизге негизгиси <u>*алгачкы системалуу дүйнөтаанымды*</u> калтырды дейт элек. Теңирлик бизге ушунусу менен баалуу. Ал ооз эки Санжыра санаты болуп айтылып келип, ортодо жоготуу да болду. Мына ушунусу өкүнүчтүү.

Теңирлик жөнүндө Чоюн Өмуралиев, Дастан Сарыгулов, Орозобек Айтымбет жана башкалар жазып жүрүшөт, бирок анын системалуулугуна көңүл бурушпайт. Себеби, көпчүлүк Теңирлик системалуу дүйнөтааным экендигин түшүнүшпөйт. Анткени, адамзаттын азыркы таанымында ал калыптана элек. Адабийатта колдонулган “Теңирчилик” терминине караганда башка тилде

айтканга кыска “Теңирлик” ыңгайлуу деймин. Демир Кадыров «*Теңирлик или культ Единого Мирового Поля*» китебинде “*История возникновения веры Теңирлик уходит своими корнями в историю зарождения самой человеческой цивилизации. Вера Теңирлик самая древняя Вера известная человечеству*” –дейт. Бул эмгекте Теңирлик жөнүндө көп жаңы ойлор айтылган. Ал эми, кыргызмын деген Э. Нурушев (пророк в отечестве киргисов по версии ВБ) (Вечерний Бишкек, 27.04 12) болсо,“Көкө Теңир – вера калмыков” – деп кыргызды атайын адаштырат.

Азыркы кыргыз болсо өзүнүн Теңирлик таанымын, философиясын окутпайт, пайдаланбайт. Себеби, алар системалуу эмес илим-билим берүү системасы менен дайардалган адистер, киргистер эмеспи. Алар Санжыранын “*Теңирлик таанымы байыркы эле эмес, дайымкы тааным*” дегенди унутушкан. Алар адашкандын таанымында, анын философиясын окутушат, жетекчилер адаштырган идеологияны колдонушат. Себеби азыркы учурда өзүмчүлдүктүн эрежеси бойунча жашагандарга, башкаргандарга ушинтүү ыңгайлуу жана зарылдуу. Бирок, мурда жана азыр дагы фундаменталдуу маселелерди чечүүнүн тууралыгы жагынан Теңирликтен ашкан философия жок.

Эң алгачкы болгон Теңирлик системалуу дүйнөтаанымынан дүйнөдө сайасатка жараша бурмаланган, ошондуктан адаштырган, башка таанымдар, философиялар, диндер жаралган (М. Аджи). Кытайлыктар гана Теңирликти туура өздөштүрүп Конфуцийдин жана даосизм билимдери болуп колдонулуп келүүдө. Бул болсо кытай цивлизациясынын башка адашкан цивилизациялар сыйактуу жоголуп кетпесине негиз болууда. Түрк уруусунан болгон Будда дагы аны тереңдетип өздөштүрүп буддизмди жаратты. Калгандар болсо, Мурад Аджинин айтуусу бойунча, аны бурмалашкан түрдө башкаларга, кыргыздын өзүнө кайра таңуулап, кыргызды адаштырышып азыркы толук эмес болгон илим-билимдикти жаратышты. *Теңирлик* илимий жана диний түшүнүктөрдү бир бүтүм түшүнүктөрдөй кылып

колдонгон тааным. Ал эми азыркы таанымдарда алар өздөрүнчө. Атайын жүргүзүлгөн сайасаттын негизинде алар бир убакытта бири биринен ажыратылган (М. Аджи). Ошондуктан, азыркы дүйнөтааным, илим-билим жана окутуу алигиче толук системалуу абалына келе элек  Муну системалуу эмес билим алган азыркы кыргыздар да билишпейт. Ошондуктан, «*Теңир - деп сүйлөгөндү жок кылуу керек*» деген киргистер пайда болууда. Анын үстүнө, Теңирликтин чыныгы маани-маңызын азыркы окутууда атайын туура эмес түшүн-дүрүлөт, себеби ал **адамзаттын таанымынын чыныгы башатын жаап жашыруу сайасаты** менен байланышкан (М.Аджи). Албетте, кишичилик эмес тиричиликтин кесепетинен Теңирликте да жана исламда да бурмалоолор бар, бирок негизги концепциялары бирдей. Ошондуктан, аларды бири-бирине карама-каршы койуу бул, мурда айтылган себеп бойунча, адаштырган сайасаттын кесепети экендигин Кыргызстандагы диний кызматкерлери түшүнүшү зарыл. Бекеринен «*кыргыздар Куранды билишпейт, бирок Куран бойунча жашашат экен*» делбейт эле (Д.Сарыгулов «Улутман»).

«*Если народ **лишит истории ( самосознания )**, то через два поколения он превращается **в толпу**, еще через два поколения им можно управлять **как стадом***» - деген чындыкка негизделген белгилүү империялык сайасат менен кыргыз өзүнүн Теңирлик субъективдүү таанымын жээригенге келген эмеспи. Мындай сайасатты колдогон өзүмчүлдүү бийликке кошоматчылдык кылуу менен карьерасын жасаган кызматчылардын кесепеттеринен, кыргыз философтору кыргыз философиясын, кыргыз тарыхчылары кыргыз тарыхын, кыргыз көркөм ишмерлери кыргыздын маданиятын, кыргыз тилчилери кыргыз сөзүнүн төркүнүн так билишпей, жалпы кыргыз *маңкурттук* абалга келтирилди.  Бул жагдайда жазуучу Назира Жуман кызыбыздын Манас эпосундагы окуйалар, байандоодо колдонулган сөздөрдүн төркүнү жөнүндөгү изилдөөлөрү  мактоого татыктуу (*Манас куту. Адам таануу*). Ал эми «*маңкуртчулук - Кыргыздын кыяматы*» - эмеспи дейт С.

Иптаров. Азыркы кыргыздардын ушунчалык бузулгандыгы, алардын арасында бири-бирин жээригендердин, келжиреп түшүнгүсү келбегендердин, өзүмчүлдүккө берилишип эми көп партиялык лидердердин бир бүтүн элди койлордой короо-короого бөлүп алып, алдап адаштырып эрчиткендиктери ушундай сайасаттын ишке ашырышынан эле болууда да. Казнасы бай кыргызды жаман атты кылгандар азыр айбай көбөйдү. Мындай жашоодо тилин-дилин жоготуп киргис болгондор, алданып адашып калмак болуп, калмактын тилине кирген кыргыстар көбөйдү. Алар ушундай адашкан, алданган абалда болушкандыктан кыргыздын тарыхий феномендүүлүгүнө ишенишпейт. Кыргызстанда реформанын эл каалагандайы жүрбөй жатканы, идеологиянын табылбай, жетекчиликке алынбай жатканы, башкаруу системанын өзгөрбөй жатканы да ушундайлардын кесепеттеринен. Түгөлбай Казаков «Улутман» берүүсүндө таамай айткандай, элдин ушундай абалда болушу менен бийлик аркылуу мындай адаштырган жетекчилерди, кызматкерлерди алигиче атак-даңкка, сыймыкка ээ кылуу сайасаты улантылууда дагы, жаш муундарды тарбиялоодо терс таасирин тийгизип, кыргызды бириктирбей келечегин «**кендирдей кесүү**» процесси атайын улантылып келди эле мурда жана дагы эле улантылууда. Ушундайлардын кесепеттери 2005-чи жылкы, 7.04.2010-чу жылкы окуяларга алып келди Эми кыргыз болгон окуйалардан сабак алып, **империялык сайасатка алдануудан, өзүмчүлдүү жетекчилик, кошоматчылдык кызматчылдык** адаттан арылуу үчүн Б. Аматов сунуштаган «**Кара тактаны**» уйуштуруу жана *люстрация мыйзамын* кабыл учурдун зарылдуу талабы. Элдин, мамлекеттин келечегин, суверендүүлүгүн ойлобогон алдым-жуттум бийликтегилердин атын атап, кылган «жакшылыктарын» эл билсин деп тарихый кара тизмеге киргизип тарыхка аттарын атап калтырыш керек. Ошентип гана биз оңолобуз! Жаап-жашыра берсек, алар «Эл баатыры» болушуп араны сасыта беришет. А. Атамбаев айткандай, бизде текелер бир короо койлорду эрчитип

барып эткомбинатка салгандай жок кылуу процесстери эле болууда. Бөлүнүп текелерди эрчигенди токтот!

**1.2.** *Теңирчилик көчмөндүк тиричилик жүргүзгөн Адам Атага жана анын тукумдарына – адам болом дегендерге бериллген алгачкы дин, мусулманчылыктын дини болот.*

Биринчи пайгамбар Адам Атага он барактай маалымдама берилгени адабиятта айтылат. Кыргыздын системалуу дүйнө-таанымынын негизин ошол тексттин маңызы түзөт деп айтаар элек. Буга Адам Атага, Обо Энеге, Теңирге-Жаратканга максат-милдеттерине жараша, илимий жагынан туура, так аталыштар-дын кыргыз тилинде, анын экинчи тилинде да символдолушу дагы да илимий чындыктардын берилиши далил болбойбу.

*Кыргыздын* ***Теңирлиги*** *чындыгында бар болгон объективдүү аң-сезимдин ээси Теңир менен жана биринчи жаран Адам-ата менен байланышкан* ***эң алгачкы жарандык дүйнөтааным,*** *б.а. алгачкы илим-билим менен диндин бир* ***бүтүндөй, системалуу түйүнтмасы****, азыркы илимдин жана диндердин башаты. Таанымдын башаты кайдан экендигин жана ал кыргыз эли менен гана байланышкандыгын жашырыш үчүн азыркы учурда Теңирлик жөнүндө көп туура эмес ойлор таратылат*.

Ал эми кийинчирээк ар кайсы жерде пайда болгон башка диндер болсо, алар жарандар адамгерчилик касиетинен айрылып, адамгерчиликтүү эмес тиричилик жүргүзгөндүгүнүн жаман кесепеттеринен арылтуу үчүн адам эмес, бузулган жарандарга берилген диндер. Ошондуктан, алар бузулган жарандардын гана диндери болуп, ар башкача адашкандардын чөйрөсүндө ар башкача традициялуу диндер болуп калыптанган. Убагында Теңирлик адамдай боло тургандар үчүн, *адегенде*, ал эми калган диндер (таанымдар) – *бузулгандар* үчүн *кийин* берилген-дигине азыркы кыргыздар жана башкалар маани беришпейт. Пайгамбарлар өткөндөн кийин анын шакирттери аркылуу мын-дай таанымдар, негизинен, жазмага калтырылган. Ошондуктан, сайасаттын негизинде алгачкы ойлор, тексттер атайын кийин да

бурмаланган (М. Аджи). Теңирлик менен таанышкандан кийин дагы сайасатка жараша анын жазмаларын пайдаланып жаңы бурмаланган таанымдарды, динди түзүүгө чейин барышкан. Мисалы, христиан дини (М. Аджи). Теңирликтин тууралыгы азыркы диндер, таанымдар менен салыштырылганда да билинет. Ошондуктан, ар кандай диндерде адамга жана адамгерчиликтүү тиричиликке кереги жок жасалма атрибуттары да көп. Ыймандуу мусулман болуш үчүн жөнөкөй кыргыз кармаган эрежелер жетиштүү эмеспи? Бир эле элден пайгамбарлардын көбүүрөк болушу менен мактангандар бар. Бул болсо мындай эл улам берилген жол-жоболорго карабастан мурдагы эле адаштырган адаттан, өзүмчүлдүк табийатында болгон эл экендиктен, ага мүнөздүү жашоо-тиричилектен кутула албагандыкты, улам эле бузулгандык кайталангандыкты билдирет. Муну Каббаланын Эл аралык академиясын негиздеген М. Лайтман ырастайт (*ютуб. Трамп как средство сближения с Творцом)*). Ошондуктан, муну менен мактанбай, уйалыш керек. Ал эми кыргызда бир эле пайгамбар болгон. Адам атага берилген системалуу билимди кыргыз өзүнүн жашоосунун, тиричилигинин илимий жол-жобосу да, дини да катарында тутуп колдонуп келген. Муну менен кыргыз сыймыктанса болот! Кимдин ким экендиги ушуну менен эле айкындалбайбы, окурман? Муну менен адашкан киргистин мурдагы кыргысты жемелегенин, бузулгандыгынан аны жамандаганын токтотсо болот, жөнүн айтсаң түшүнбөй кайаша айткандардын баардыгынын оозун басса болот! Бирок азыркы кыргыз башчыларынын адашкан-дарды тууроо сайасатынын кесепетинен өзү да адашкан абалда. Жашоодо адашып **калмак** бар. Алардан ар кандай *эл да куралган*.

Кыргыз эли оомалуу-төкмөлүү дүнүйөдө жашаса дагы, кийин жаңы башка динге жана анын кошумча жасалма талаптарына толук берилбегендигинин бир себеби, алардын баардык элдерден мурда эле туура, жөнөкөй системалуу дүйнөтаанымга ээ болгондугунда жана анын кийин жаралган жаңы бурмаланган

таанымдардан туурараак экендигин түшүнүп келгендигинде. Теңирликти татарлар окуу жайларында окута башташты (Р.Н. Безертинов, Древнетюркское мирровозрение «Тенгрианство»). Кыргыз жетекчилери окутмак турсун адаштыргандын сайасаты менен өзүнүкүн жээрип жүрүшөт. Чындыгында, сайасаттын негизинде Теңирликтин бурмаланган жактары бар. Муну түшүнүү менен биз дагы аны баардык окуу жайларында туура окутуп, ал кыргыздыкы экендигин далилдеп, анда туура дүйнө-таанымдын негиздери туура берилгендиги менен баардыгынын көздөрүн ачып, Теңирликти жерибей аны менен кыргыз сыймык-танышы гана керек экендигин даңазалаш керек. *Теңирликти жээригендерге айтаар элем*: «силер орус баласы билгенди да билбеген адашкандарсыңар»- *деп (кара ютуб. Веские причины быть тенгрианцем).* Алардан сураар элем? Эмне Жараткан Адам-атага туура эмес билим берип, ал эми Мухаммадга чыныгы билим бергенби? Жараткан бирдей эле чыныгы билимди Адам-атага кыскача нускалап, ал эми Мухаммадга майдалап тактап берген эмеспи. Мындай билимдер эч качан ойлонуп табылбайт дагы Жогорку акыл-эстен гана тандалгандарга байланышуу менен гана берилет. **Теңирликти кыргыз ойлоп тапкан жок**! Ал кыргыздын арасынан байланышууга тандалга берилген табылга. Тактап айтканда, Адам-атага *адамгерчиликтүү тиричиликтин негизги –* ***мусулманчылыктын жоболоору****-* берилген. Ал Тенирликке негиз болгон, Мухаммадга ал кошумча такталып *кишичиликтүү тиричиликтин жоболорун* жараткан варианты берилген. Исламдын негизги эрежелерин Мухаммадга чейин эле илгерки түрктөр - кыргыздын тукумдары - дүйнө жүзүнө жайышкан (М. Аджи). Теңирликти ислам таанымына каршы койбой, андан жана азыркы илим-билимдерден азыркы шартка ылайыктууларын алып, тактап чыгып жаңы Теңирликти жетекчиликке алыш керек адашкан кыргызга, башкалар тартып ала электе.

Саи Баба болсо «Никому не нужно менять свою религию, ибо в каждом есть Истина, Бог по ихнему представлению. Неотри-

цать, осуждать их, а нужно только их понять. **Уважайте равно все религии.**» - дейт (www.sathya.sai.ru). Анда Теңирчилик менен исламды азыркыдай бир-бирине каршы койууну токтотуш керек!

Кайталаймын, **Теңирлик**, илим-билимдин негизин камтып объективдүү билимге адекваттуу келген, Жердеги азыркы болгон баардык субъективдүү таанымдардын **эң алгачкы системалуу билими.** Минтип айтууга Г. И. Шиповдун илимий теориясы негиз берет. **Ал объективдүү аң-сезимден Адам-ата аркалуу анын тукумдары кыргызга берилген тааным. Теңирлик – бул кыргыздын *субъективдүү таанымы,* кыргыздын *илими да, билими да жана дини да болмок, к.а.* <u>*системалуу билими*</u> !**

"Наши *биополя – души, наши мысли – все это полевые сущности.* Думая о чем то, мы наполняем этими мыслями свои биополя. Силовые магнитные линии Земли, словно невидимые волны, вращающиеся вокруг планеты, пронизывающие нас каждые мили-мили-милисекунды, считывают с наших биополей информативное содержимое, которое потом наполняет геомагнитное поле. Так внутреннее состояние нашей ауры отражается в душе Земли, а через нее в Едином Поле. Мировое Поле "слышит и видит" все наши мысли и изнутри нас, так как мы им наполнены. Именно это является главным гвоздем в понимании сути нашего молитвенного общения с Богом.

Молитва состоит из двух составляющих – *из мыслей и слов*. Богу все равно, на каком языке молятся люди. *Единое Поле "знает все языки", так как они порождены, в конечном счете, самим Полем.* Мировое Поле содержит в Себе смысловую картинку каждого слова всех языков мира прошлого и настоящего. Стоит человеку выдумать новое слово и подумать о его смысле, т.е. свзать это в с определенным визуальным образом какого-либо предмета, вещи, понятия, ощущения и т.д., как эта информация тут же записывается в Мировом Поле. Так что все смысловые значения наших человеческих слов всегда есть в Мировом Поле. Психиатра у полиграфа можно обмануть, говоря

одно, а думая о другом. Единое Поле не обманешь. Оно и слышит ваши слова, и видит ваши мысли. Единое Поле знает всю подноготную вашей души. ” - дейт Демир Кадыров.

Байланышуу талаалуу структуралардын негизинде болот. *Жүрөктө* сакталган Жараткан берген *дил талаасынан чыккан ойду кыргыз ниет* дейт**.** «*Пенденин дилиндеги – Жараткандын санаасында*» дейт эмеспи кыргыз санжыра санаты. Ошондуктан, дил дөөлөтү кыргыз үчүн «***урук***». Себеби, объективдүү билим менен пенденин таза чыныгы ойу баардыгынын чыныгы башаты, уругу боло алат. Таза ниет болсо адамгерчиликтин уругу. Ушул кыргыз сөзү адашкан заманда **«рух» (урук => рух)** болуп бурмаланганы көзгө эле көрүнүп турбайбы жана Акыр заманда <u>рух дөөлөтү - адашкандардын дөөлөтү</u> - гана калгандай эмеспи?.

Кыргыз үчүн *таза дил дөлөөтү* илгеритен бери **улуулуктун** белгиси болуп эсептелип келет. Ал эми башка элдер үчүн улуулуктун белгиси болуп азыркы учурда илимий-техникалык технологияларга ээ болуу болуп калгандай. Бирок азыркы илимий-техникалык технологияларга ээ болгон алардын рух дөлөөтү *жасалма Акыр заманга* алып келүүдө. Муну мурда болуп, жоголгон цивилизациялардын тарыхы да жана азыркы глобалдык проблемалар жөнүндөгү окумуштуулардын ойлору да ырастайт. Табигый Акыр заман бар дечи. Э. Кейсинин болжолу бойунча *Илгерки Алтайда* (М. Аджи: Алтай – Ала-Тоо – Тибет – Памир: илгерки кыргыздар жайлаган аймак) жашагандарда сакталган таза дил дөлөөтү Акыр замандан аман калгандарга урук болмок. Муну кыйыр бурят ламасы Итигэловдун феномендүүлүгү да ырастагандай (*ютуб. Итигэлов против смерти*). Мен буга ишенип, ушул аймактын тургуну жана кыргыз уругунда экенимине сыймыктанам! “Центром возрождающейся цивилизации станет Россия, **точнее Западная Сибирь**” – деп орустар мактанышат (*ютуб. Предсказания Э. Кейси о ближайщем будущем*). Анда орустардын “жакшылыгынан” анын калган өнүккөн жерлери Саи Бабанын айтуусундай болобу? <u>У новой цивилиза-</u>

ции должна быть совершенно новая идеология развития, которая не приводит к порождению Акыр замана ! У кого есть такая?

**1.3.** *Бир эле жаранга "киши" жана "адам" деген терминдердин кыргыз гана маданиятында колдонулушу кыргыз таанымынын жана анын негизиндеги кыргыз маданиятынын системалуугунун дагы бир белгиси.*

"*Киши – ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, акыл-эстүү жан, адам. Адам – акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши*" – дейт академиялык сөздүк. Сөздүк бойунча, *адам* менен *кишини* жана *адам болуу* менен *киши болууну* ажыратып так түшүнө албайбыз. Сөдүктү түзгөндөр кыргыз тилчилериби???

Ал эми Кыргыз санжыра санаты болсо «***киши адамы – Аалам адамы***» - дейт. Буга академиялык сөздүк көңүл бурган эмес. Мындай айтылыш менен *киши адамдан жогоруу бааланууда*. Биз аны "*жаран – адам - киши*" иерархиясы менен тастыктадык. Кыргызча, жаран, адегенде, адам анан киши болот. Адамдар **Теңирдин теңдик принциби** болгон жалпычылык менен жекечилик кызыкчылыктардын гармониясын коомдо сактоо эрежесине ылайыктуу жашашып адамгерчиликтүү тиричиликтенген жарандар. *"**Адам бузулса, Аалам бузулат**"* деп, кыргыз адамдын жашоосунун сырын Ааламдын сыры менен түз байланыштырган.

*"Адам артык болсун деп*
*Акыл менен тил берди,*
*Адил жүрөөр бекен деп*
*Амал, өнөр, дил берди"*

деп, кыргыз санжырасында так айтылган эмеспи. Бирок, мында «адам» дебей «жаран» деш тагыраак, тураа болот го дейм. Мындай иерархия бойунча "*киши адамы же киши болгон адам*" адамдык сапаттарга жетип карманганы менен кошо дагы өзүн жалаң эле материалдык дене эле эмес, дагы *руханийлик ("Жаратkандык") дүмүрчөгү бар экенине* маани берүү менен анын деңгээлин өстүрүп ыймандуулукка келип берилген адам, б.а. киши – ал *өзүнүн адамгерчиликтүү тиричилигин* Жаратканга

күн сайын медитация жана табынуу кызматын дайыма кылуу менен айкалыштырып, *өзүнүн рухун (аң-сезимин) дайыма* ***ыймандуулук принцибиндеги*** *бир калыпта алып жүргөн адам*. Ошондуктан, “***киши адамы – Аалам адамы***” – деген эмеспи байыркы кыргыз. Мындайча жашоону Ж. Султанов Тибеттен көрүп да  келбедиби. Тибеттеги кыргыздар жөнүндө “Белгилүү болду же 250 жашка чыккан Тибет кыргыздары ” видеону кара.

Кыргыз жараны  адам болуп жашайт, киши болуп өлөт. Себеби, Жок жана Бар дүйнөнү камтыган тирүү Ааламдын сырын тирүү адамдык касиеттер менен тыгыз байланыштырган кыргыз. Ошондуктан. “*Ааламдыг көркү - адам*” деген эмеспи кыргыз. Муну менен тирүү жарандын адам болуп жашагандагы касиеттери чалабыла көзгө көрүнгөн тирүү татаал Ааламдын терен сырларын башка жарандарга ачып көрсөтүп ырастагандай дейт кыргыз. Адам эрежеси менен тиричиликтенген *адилдик (теңдик) принципти* карманган жаран. Жараткан жаран “*адил жүрсө экен*” – деген дейт кыргыз. *Адил жашап киши болуу гармониясы тирүүлүктүн түбөлүктүүлүгү* (ютуб. Казиник. Эффект Бетховена). Бул жалпы адамзаттын идеологиясыбы?

Бирок жарандардын көпчүлүгү мындай касиеттерди туура колдонбой, өзүнүн максат-милдетин туура түшүнбөй, напсисин агытышып Теңирлик жол-жосундан чыгышкан, күнүмдүк  жана жекечилик максаттарды баардыгынан өйдө койгон жана ошону менен гана жетектенип, тиричилик курушкан, ошондойдун кесепетинен бузулган, адашкан, алданган  абалда болууда.

Адамдар дүйнөгө чыныгы көз карашка ээ болгондор, адил жүргөндөр. Ал эми адам эместер  жалган көз караштар менен жашагандар.  Анын үстүнө мындай көз караштар ар кандай элде ар башкача. Ошондуктан, азыркы заманда илим-билимдин туура эместиги кеңири түшүнүлө баштаганда, бирин-бири түшүнбөс-түк өсүүдө,  акырындап эл арасында конфликттер көбөйүүдө. Төрөлгөндөн өнөрлүк касиетке ээ болгон жаран өзү жашаган чөйрөнүн мыйзамченемин көңүлгө албай, ойундагысынын

баардыгын эле ишке ашыруунун кесепетинен адашкандын кейпин кийип, глобалдуу проблемаларды эле жаратууда. Адашкандар Ааламдын көркү *адам* экендигин, Аалам адамдай тирүү экендигин, ошондуктан, жарандын ойуна Аалам таасир этип, жаран, адам бузулса Аалам бузуларын, адам же киши атка конгон гана Ааламга түркүк боло алаарын түшүнүшпөйт. Жарандардын жашоо идеологиясы Тенирликтин адамдай киши болуу идеологиясы эндигин азыркы адашкан кыргыс азырынча таанығысы жок. Ал эми адашкан өзүнүн өзүмчүлдүк идеологиясы менен дүйнөгө түркүк боло албасын кыргыз илгертен бери Санжыра санаты кылып айтып келүүдө. Азыркы илим-билимге негизделип өнүккөн тиричиликти, кыргыз маданияттыгынын термини менен айтканда, адашкандыктын тиричилиги. Адашкан кылык-жорук батышта эмнеге алып келип жатканын кыргыз теле-кинодон көрүп эле жатпайбы. Системлауу билимин жоготкон азыркы кыргыз мына 30 жылдын ичинде эле адашкандардан ашып-түшүп, жаман жоруктарды жасашууда.

Чындыгында, жаран, адам, кишини бири биринен ажыратып таануу туурараак, азыркыдай чаташтырбай. Азыркы кыргыздын мындай ажыратып таанусунун жоготушу, ал өзүнүнүн системалуу дүйнөтаанымын жоготкондугунун дагы бир белгиси. Адаштырган жетекчилик сайа+сат+тын жана Санжыра санаттарына тийиштүү көңүл бурулбагандын негизинде кыргыз өзүнүн системалуу дүйнөтаанымына маани бербей келүүдө. Жараткан биринчи жаранды жаратканда тукумдары адамдай болсун деп ага Адам ысмын берген. Муну жаранга ат берүү логикасы айтып турбайбы. Бирок, тилекке каршы тукумдары андай болбой маңкурттай жаран болгон мезгил да болушу мүмкүн эле. Башка элдерде жаранга кыргыздын «жаран» деген бир эле терминине тийиштүү термини колдонулат. Мындай элдердин тилинде «*адам же киши*» терминине тийиштүү же кыргыздыкындай аны менен байланышкан туунду терминдер жок. Мисалы, улуу орус тилинде адамга тийиштүү термин табылбагандыктан, орустар “Человек с

большой буквы” деп айтууга барышкан эмеспи. Бул акыйкаттын өзү эле кыргыз эли эң байыркы эл, Адам ата жаралганда жаралган эл экендиги жана анын тике тукумдарынан эле экендигин кыйыр далилдейт. Башка элдерде кыргыздыкындай “а̀дам” түшүнүгүнүн колдонулбашы алар кийин жаралгандыгын эле далилдебейби? Эмне үчүн анда кыргыз аларды туурашы керек?

Кайталаймын, убагында Теңирлик адамдай боло тургандар үчүн, *адегенде*, ал эми калган диндер (таанымдар) – *бузулган жарандар* - үчүн *кийин* берилгендигин, болгондугун баардыгы билишишпейт. Ошондуктан алар көп пайгамбарлардын берилиши менен кээ бирөөлөрдүн мактанышы акмактык эле экендигин да түшүнүшпөйт. Ойгон, оңолгун киргис, кыргыс!

**1.4.** Ар кандай элдердин адабияттарында Адам-Ева жөнүндө берилген байандамалар бар. Мындай байандамалар ойдон чыгарылган немеби же болгон чындыктуу окуйаянын баяйадамасыбы деген суроо туулат? Кыргыздын азыркы сөздүгүндө «*адам*» термини бул араб тилиники, ал эми «киши» термини кыргыздыкы имиш. Бул ойду академик А. Акматалиев (1-радио, 18.09.14) да колдойт. Мен алардан сураар элем: Биринчи жаранга атты ким берген? Сайасатка жараша тарихый байандамалар бурмаланып келгени чындыкбы? Чындык. Ошондой экендиги жөнүндө «Территория заблуждений» телеберүүсүндө атайын фильм да көрсөтүлгөн. Сөз арабдыкы экендиги эмне менен далилденет? Эмне «атты араб тилинде бердим» - деп айтылган археологиялык жазма материал бар бекен?

Мен адистигим информатик катары, бул терминди кыргыз тилинин термини деймин. Кыргыз гана «адам» аталыштын маңызынын логикасын туура жоруп негиздей алат. Кыргыз тилинде «адам» термини менен байланышкан көп сөздөр да бар, ал эми башка тилдерде мындай жок. Башканыкы дегендер, мисалы, мага кыргыздын «*кишимин деп мактанбай, адам болдум деп мактан*» деген макалын эле башка тилге которуп жана «Адам», «Ева» аталыштардын маңызын, аталыш логикасын ошол тилде түшүн-

дүрүп беришсин. Ошондо, маанисиз аталыш илим-билимде болбосун, бул талашсыз чындык экендигин эске алынсын. Которо да алышпайт, кыргыздыкындай логикалуу түшүндүрүп да бере алышпайт. Ошондуктан, «адам» кыргыз сөзү деймин. Андыктан Адам-Еванын байаны ойдон чыгарылган уламыш десек дагы, ал кыргыздын уламышы эле деймин. Азырынча аны башкалар өзүнүкү кылып мактанып жүрүшөт. Ал эми «Территория заблуждений» (30.08.2014) бойунча ал шумерлердики имиш. Ал эми шумер тили кыргыз тилине жакын экендиги көп жерде айтылат. Бул дагы биздин болжоо тураарак экендигин айтат.

Эгерде ал болгон окуйанын байаны болсо, анда ал дагы кыргыз менен гана байланышкан окуйа деймин. *Адам-ата менен Евага (кыргызча Обого) ысымдар кыргыз тилинде берилген, ошондуктан алар кыргыз жана алардын тукумдары да кыргыз*. Муну дагы Баатырбек Исмаилов какшап айтып келет. Ошондуктан, мындан кийин Адам-Ева баяйаы менен кыргыз гана мактанышына акысы бар деймин. Америкалык генетиктердин изилдөөсү бойунча («Военная тайна» телеберүү) жердеги элдер бир эненин балдары! Д. Сарыгулов дагы өзүнүн кыргыз сыймыктана тургандай изилдөөлөрү менен кыргыздын пайда болушун Ата заманга жеткендей кылып болгон этнотарихый материалдар менен далилдеп жатпайбы («Кыргыз Туусу», янв. 2012).

Ал эми Омурбек Кулов – эксперт по исламскому праву (ВБ, 27.04.12) болсо минтет: «Мы, мусулмане, считаем, что тенгрианцы позорят Манаса и весь кыргызский народ, делая пустословные и необоснованные заявления, вроде «Адам – первый человек, кыргыз»»». Ошондой эле, Э. Ногойбаева - представитель интеллектуальной элиты КР (ВБ боюнча) минтет: «… с экрана странные аксакалоподобные люди с важным видом рассказывают небылицы о нации, о прадеде Адаме и кыргызе Атилле. Подобная «дискуссия» тот самый опиум для народа!» (ВБ, 20.04.12). “Необоснованное заявление” мурда болгон. Ошондой «опиум» бизди адаштырган, жолдош интеллектуалдар. Ал эми

орустардын азыркы «дети Евы славяне» дегени «обоснованное заяление» бы, жолдош эксперт? Билимибизди такташ биздин милдет. Бул системалуу билимдүүлүктүн талабы.

Ааламдын сыры так түшүнүлүп, “Теңир, Жараткан” аталышында, элдин дүйнөтаанымда чагылдырылышы, А̀дам Ата жана Обо Эненин ысымдары менен байланыштырылышы, дагы а̀талган ысымдардын жалгыз гана кыргыз тилинде чын сыяктуу жорулушу жана Адамдын тукумдарынын чыныгы жашоо максат-милдети жөнүндөгү ойду камтыган белгинин (Теңирликтин белгиси жөнүндө кийинчиреек) кыргыз элинде гана болушу (башка эддерде жок), <u>*бул элдин тарыхы Адам Атадан башталаарын гана дагы далилдейт!*</u> Жалгыз кыргыз элинин ичинде гана өңү ак, сары жана кара келген жарандардын болушу дагы муну кыйыр айткансыйт. Ойгон, оңолгун кыргыз!

**1.5.** <u>*Азыркы цивилизация - адамгерчиликтүү же кишичиликтүү эмес болгон цивилизация*</u>. Буга чейин жер бетинде 21 цивилизация курулса дагы (А. Тойнби), алар жалган таанымдагы маданияттыкта болгондуктан, жаралып, өсүп-өнүгүп, аягында кыйрап, акын Мухтар Шаханов айткандай, адашкан өнүгүү эле. Мүмкүн алар ар кандай маданияттыктын негизиндеги технологиялар менен өнүгүшүп жетишкендир. Бирок, Акыр кыйаматка чейин колдонулуучу тиричилик маданияттыгын таба алышкан эмес. Ошондуктан, өнүгүү Акыр заман менен бүткөн. *Азыркы тиричилик да – адашкан өнүгүү.*

Ал эми, көчмөн кыргыздар ат жабдыгына Теңирликтин белгисин тагынып алышып адамгерчиликтүү тиричиликти коргошкону аракет кылып келишкен. Атилланын жетекчилиги менен же Чынгызхан жүргүзгөн согуш М. Аджи изилдөөсү бойунча, «была священная война - война за торжество Единобожия». Себеби, «Мир совершенен, когда им правит Всевышний. Вот вся философия Чынгызхана». «Еще в IX веке мусульмане помнили фразу Всевышнего, не стесняясь, повторяли ее: «*У меня есть войско, которое Я называю тюрками, и поселил*

*на востоке. Когда Я разгневаюсь на какой-либо народ, Я даю моему войску власть над этим народом»»*. Мындай айтылыштын мааниси кыргыздын урпагы болгон ***Түрк атага*** анын өзү жана тукумдары (**тюрктөр**) дүйнөгө «***түркүк***» болсун деген мааниде ысым берилгендик менен байланышкан эмеспи.

**1.6.** *Азыркы цивилизациянын адамгерчиликтүү эмес болушуна кубат-билим жана материалдык дүйнөлөр жөнүндө бир бүтүндөй болгон чыныгы системалуу илим жок болуп, анын системалуу эмес илим болушу себепкер*. Тактап айтканда, деги биздин *илим-билимибиздин* да, анын негизинде *иш-аракетибиздин* да жана *таалим-тарбия берүүбүздүн* да, б.а. *баардык аракетибиздин азырынча толук чыныгы системалуу эместигинен*. Мындай илим-билимдин негизинде азырынча *баардыгына туура эмес мамиле кылуу* жасалат. Ошентип, *цивилизациянын адамгерчиликтүү эмес болушу жарандын баардыгына туура эмес мамиле жасоо менен байланышкан*.

Чындыгында, азыркы билим берүү системасы келечектеги адиске чыныгы системалуу билимдикти азырынча камсыздабайт. «Система познания современной науки несовершенна, т.к. нечувствительна к более тонким высокоэнергетическим уровням Бытия, Космоса, имеющим отношение к сакральному, нравственно-духовному и художественно-эстетическим аспектам жизнедеятельности человека и общества. К сожалению эти уровни Бытия наукой пока не признаются как будто их нет. Они не представлены в цельном, взаимосвязанном виде ни в мировоззренческой системе, ни в системе познания современной науки и фактически остаются за пределами ее осмысления и практического руководства в деятельности, что способствует недопустимому накоплению погрешностей в результатах и возникновению кризисов как следствия» (http://lib.icr.su/node/1146).

«Наступило время осмыслить религию с позиции современных достижений, несмотря на то, что современный уровень науки является лишь каплей в океане знаний Высшего Разума. Та же

религия подсказывает путь для такого исследования – *логически-интуитивный подход*, который пока еще трудно воспринимается учеными-экспериментаторами, но уже имеет место в современной науке (теория физического ваакума Шипова и др)» (Э. Мулдашев. Что сказали тибетские ламы.).

Обьект жөнүндө жарандын толук чыныгы түшүнүгү болгондо гана, анын ага болгон мамилеси туура болоорун бардыгыбыз илимий тажрыйбадан билебиз. Ал эми азыркы учурда бүтүн эки дүйнө жөнүндө ар бир жарандын бир бүтүндөй чыныгы билүүсү жок болуп, бул жагынан "чала сабаттуу" болгондуктан, анын баардыгына болгон мамилеси туура эмес, т.а. системалуу эмес түрдө болууда. Мындай мамиле *ыймансыз маданияттыкты* гана жаратууда. Ойгон, оңолгун кыргыз!

**1.7.** *Ыймансыздык маданиятты жараткан* азыркы *тиричилик Ааламдын жол-жосуна шайкеш келбеген өзүмчүлдүү маданияттыкка негизделген.*

"*Жаман киши өз камы үчүн күйүнөт, жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт*" деп, кыргызда жалпылык дайыма өйдө койулган эмес беле. Ал эми азыркылардын "өзүмчүлүк аркылуу жалпычылыкка барабыз" дегени адашкандыктын жолу, себеби ал системалуу эмес түшүнүккө негизделген. Мындай маданияттык көп жакшылыктарды жаратканы менен, коомдо, жарандардын арасында ошончолук укмуштуудай жамандыктарды жаратууда. Эки кылымдай мурун сабатсыз, бирок кыргыздын системалуу дүйнөтаанымындагы санаттарга сугарылып акылман болгон, айан алуучу кыргыз Калыгулдун: "*Заман өзгөрөт, пейил жоголот.*
***Адам** пендеси бирин бири сүйбөй калат.*
*Акыл айтсаң, чатак салат.*
*Жоготуп дилин, унутат тилин. Кары – жаштан уйалбайт.*
*Дүнүйөгө көзү тойбой, алдым-жуттум көбөйөт.*
*Оокат-байлык ушунчалык көбөйөт, ошону топук кылбай,*
***Киши** өлтүргөн көбөйөт*" –

деп айтканы азыр атка-рылып жатпайбы. Бул болсо, *кыргыз үчүн анын системалуу мамилелери аткарылбай калган заман, б. а. Акыр заманы келээр белгиси* болгон. Мындай учурда салттуу традициялуу туруктуу өнүгүү сайасаты жок болгон башаламандык. Бийлик бир колдо эмес, алдым-жуттум депутаттарга толгон парламентте, жоопкер-чилиги жок өзүмчүл өкмөттө. Парламент менен жазылган мыйзамдарда элдин кызыкчылыгы приоритетүү эмес. Жалаң алдым-жуттум идеологиясына ылайыктуу. Ушундайча жазылган мыйзамдардын айынан азыр бузулган кыргыздын башы айланып, ишти тууraa алып бара албай, мындай парламентти багуудан жадап турган кези. Проблеманы чечүүнүн жолу – элдин кызыкчылыгына иштебеген мындай депутаттарсыз жана парламентсиз жашаш керек. Аларды бакпай эл өзүн өзү башкарып багып, бийликти өз колуна толугу менен алышы керек.

Ошентип, биздин азыркы заманыбыз – бул системалуу эмес мамилелердин жана алар менен байланышкан глобалдуу проблемалардын Заманы, кыскача кыргыздын системалуу маданиятынын термини менен айтканда, Акыр Заман эде. *Системалуу* жана *системалуу эмес мамилелер* менен байланышкан тиричиликтер кыргыз гана маданиятында *адамгерчиликтүү* жана *адамгерчиликтүү эмес тиричилик* деп так ажыратылып, бул дагы кыргызда Адам Атанын ысымы менен байланыштырылган. Башка кайсы тилде ушинтишкен?

*Чаржайыт келген адашкандык тиричиликке парламенттик башкаруу ылайыктуу*. Себеби, ал мурда айтылган империялык саясаттыкты ишке ашырууга ыңгайлуу. Бул сырткы күчтөргө жана алар менен кошо байышкан өзүмчүл кыргыз башкаруучуларга эле ыңгайлуу. Ошондуктан, аны сактаганга тырышат.

Кыргыздын системалуу илим-билими болсо «*ач көздүк Акыр замандын келишин тездетээр экенин*», «*Адам бузулса – Аалам бузулаарын*» - эскертет. Аалам бузулса эмне болот? Адамдын бузулганы анын ойун бузулганы. Ой – бул Ааламдын баардык

жерине жете алган кубат (энергия). Ошондуктан, ой бузулганда жарандын клеткасындагы суюктуктардын молекулары, атомдору, ошондой эле Ааламдагылар да бузулат («Великая тайна воды»- телефильм же Исследования института проф. П. Гаряева). Жетекчилерт аны эске алдыбы? Албады. Ошондуктан, «караңгы» делип келген кыргыздын айтканын ишке ашырылган жагдайдабыз азыр биз. Азыр Калугул айткан өзүмчүлдүү акылдуулуктагы алдым-жуттумдун, арам ойлордун күчөп ишке ашырылган кези. Азыр *системалуу эмес гана илим-билим идеологиясы* үстөмдүк кылынып тиричиликтенилгендиктен **адамдык акылмандуулук** менен байланышкан кыргыз сөздөрүндөгү **системалуу маңызга** маани берилбейт. Себеби, мындай тиричиликтин саясатына ал жат, анын зарылчыгы жок. Кыргыз тилинин жана анын снүн баркы кеткендигинин бир себеби да ушунда. Ойгон, оңолгун кыргыз!

**1.8.** Кыргыздын ой-санаасы Жаратканга жетип тургандыктан жана аруулугун тазалыгы Жоктон Манастай сыйкырдуу жаранды кабыл алууга шарт түзгөн жана болгон ойлор кыргыздын генинде жазылып калган. Ал Иусус сыйактуу Жараткан менен жаратылган жаран. Ал Жакыптан эмес! Ошондуктан, **ал сыйкырдуу касиеттерге, сыпаттарга ээ болгон жоокер** болуп чыгат. Анын Жараткан менен ага берилген сыйкырдуу жандоочуулары да болгон. Манаска, 1: «*ыдырагандарды чогултуп бир эл кылуу*» жана дагы, 2: Е.П. Блаватскаянын сөзү менен айтканда, ал «*Живой огонь, который дает человеческому разуму **самопознание** и **самосознание** или **Манас***» деген *миссиясын да аткаруу* үчүн жаратылган. Бул Манас миссиясы Атымгүлдүн "Мезгил сабактары" китептеринде так айтыат (*ютуб. Сырдуу дүйнө 6,7,14-16*). Бекеринен *думана (контактер)* ага ушундай сырдуу ысымды бергиле дебейт. Санскрит тилинде «**Манас**» термининин мааниси <u>Жараткандын *Көк түстө болгон* **Жогорку акыл-эс**инин</u> мааниси менен тыгыз байланышкан.

Сырдуу Кайлаш(с) тоосунун этегинде «Манас», «Шайтан» көлдөрү бар. Манас көлү Жогорку акыл-эстей тып-тынч жаткан таза көл, Шайтан – дайыма толкунданып турат. Манастан гана Шайтанга суу куйулуп турат. Жараткан муну менен кыймылсыз объективдүү ан-сезимден (Манастан) азоолонуп адаштырган акылдагы тынчтыкты билбеген субъективдүү ан-сезимге (жаранга) таза информация, энергия берилет дегендик эмеспи.

Ушундай сырдуу касиеттерге ээ болгон баатыр Манасы жана жандоочуулары менен Жараткан адашкан кыргыздарды акыл-эске келтирип алар да сыйкырдуу Адам-атанын ушундай сырдуу тукумдары экендигин эскерткен. Думана баланын жаны Жогорку акыл-эстен экенин билип, анын жараталышынын атайын миссия-сы бар экендигин билген. Илгеркилерде айан алып байланышуу болгондуктан, ошондой миссия ишке ашырылаарын кытай контактерлору да билишкен. Жаран көз менен көргөндү эсине сактап калгандай, объективдүү ан-сезимдин дагы Манас эпосундагы окуйаларды эсинде сактайт. Манас айтуу айанын алган кыргыз-контактер мындай эстен кабар алууга ээ болуп эпосту айтуу касиетине ээ болгон. Жараткандын кыргызга ушун-дай касиетти бергени , ал Адам-атанын түз тукуму дегендик да.

«Манас», «Асман» жазылыштары бири-биринен окулгандай болуп кыргыз тилинде берилиши «Манас - Жогорку акыл-эс Асманда» - деген сырды камтыгандай? Манастын сыры Асман мейкиндигинин (*индусча Акаштын, кыргызча Жоктун*) сыры менен байланышкан. Ал чечилсе, кыргыз сыры да чечилет. Кыргыздын сыры Жоктун сырында. Т. Токтогазиев китебинде Асмандын 7-кабатында Пайгамбар жоокер Манасты көргөн дейт.

Манас Иусус сыяктуу эле пайгамбар, бирок ал *жоокер-пай-гамбар.* Б. Осмонкулов *«**Манас** галактикалык масштабда Жар-аткандын астында кызмат кылган **улуу Рух**» - дейт (Сырдуу дүйнө 14-21).* Миссия бойунча, Жараткан менен жаралган эл - Адам-атанын тике тукумдары - кырылып жок болбошу керек эле! Жашоодо адашып **калмак** бар. Мындайлардын тукумунан көп эл

да жаралып кеткен. «*Дремов доказал, что название «**калмак**» произошел до появления самих **калмыков»*** - дейт т.и.д. казак Жакшылык Сабитов (ютуб. *ДНК Санжыра 2-бөлүк*). Бузулбаган Адам-атанын тукумдары жоголсо, анда аны менен кошо, Жараткан менен ага ыйгарылган, канына сиңирилген **таза дил дөлөтү (*куу+дай+лык сыпа*ты)** да жоголмок. Ой бузулуу менен дил, анан тил, ошентип эл да бузулат. Ошондуктан, жоокер Манас көп элдердин (уруулардын) ичинен жалгыз кыргыз элинде жаратылып анын адашкан тукумдарынын ан-сезимин ойготуп бир эл кылуу аракети ага тапшырылган да эмеспи. Бул жана кийин Манас окуйаларын дастан кылып айтуу касиети кыргызга берилгендиги кыргыздар Адам-атанын түз тукумдарынын белгиси эмеспи. Тибетте кыргызча сүйлөп, бирок «кыргыз» терминди колдонбой жашагандардын биз Күн уруусунан дегени жок эле дегенде Адам-атанын убагында жаралгандарын ыраста-байбы. Бул дагы терминдин «*кырылгыс-кыргыс-кыргыз*» деген-ден экендигин жана ал кийинчерээк болгондугун ырастайт. Ал эми адабийаттагы мунун маңызсыз ар башкача жорулуштары адаштыргандык эле. Ар кандайча адаштырган жорулуштарды жокко чыгарып, «***кыргыз***» терминдин кыргыз тилиндеги бир гана «*кырылгыс* - ***кыргыс***» деген семантикасын колдонуу туура. Бир жорулушка келип, адаштырууну токтотуш керек!

Ал эми жоокерлик миссиясы аткарылгандан кийин Манас Иусус сыяктуу эрте өлтүрүлөт. Бирок, мындай элдин тукумдарынын ойу бузулуп, анын кесепеттерине дагы чалдыкбашы үчүн «*өзүн өзү таануу*» сабагы катарында Жараткан кыргыз элине гана *айан алуу менен гана* Манас-кыргыз окуйаларын улам-улам ооз эки айтуу касиетин ыйгарып аны айтылып угулушу менен эл эске келип тазалансын дегенсигендей. Дүйнө элдердин ичинен жалгыз кыргызда гана Манас дастанын жатталбай ооз-эки айтылып калышынын чыныгы себебинин бири да ушул эмеспи.

Манас эпосунда кыргыз тилинде сырдуу ысымдар гана берилээри, тирүүлүктө сырдуу окуйалар көп болоору, жаранда жакшы

жана жаман мүнөздөр, коомдо жакшы-жаман жоруктардын такай болоору, тирүүчүлүктүн татаалдыгы толугу менен энциклопедиядагыдай берилген. *Манас эпосунун, төкмөнсүнүн айтылышы менен кыргыздын улуулугу даңазаланганда* аны уккан кыргыздын, Жогорку акыл-эсти уккандай, анын аң-сезими, акыл-эси өзгөрөт. Анткени, айтылган сырдуу окуйалардын жана акылмандуу санаттардын таасиринде таануу, салыштыруу болуп, жарандын *өзүн өзү таануусуу болуп* анын чала түшүнүктөрү такталып, бир *системалга келтирүү болуп*, ошону менен *ыйман жолуна түшүү* ачылып, жарандын *адам, анан киши болуу билими* калыптандырылып **кыргызды башка элдерден айрымалаган бөтөнчүлүктөрү** да жаратылат! Туураа, чыныгы ойлорго келүү, колдонуу “оорукчандарды” айыгышына да таасир эте алат. Чындыгында, чыныгы ойлор гана айыктырат (П, Гаряев). Жогорку акылэстин ойлору ощондой да. Манас эпосунун айтылыш процедурасынын маани-маңызы ушунда. Пандемия убагында ал ырас колдонулду. Бирок, казнада Манас эпосунун Сай+ак+бай менен айтылышынын толук варианты жок экен да. Бул өтө өкүнүчтүү. Мына киргис жетекчилердин кылганы. Алар менен мактанып баатыр кылып, эстелик койуп жүрөбүз. Бул дагы кыргыстын киргис кылганга алданып адашкандыгы, аны ээрчигендиги..

Манастын, Санжыра санаттарынын ооз-эки айтылышы менен элге жазылбаган тарых, чыныгы билим берүү болуп келген. Ошондо, азыркы университеттик билимге караганда туурараак фундаменталдуу концепциялар үйрөтүлгөн. Эпостогу о+куй+алар кыргыздын тарыхы болгондуктан, ал тарых окуу куралдарга киргизилип мектепте, ЖОЖдо кеңири окутулушу зарыл.

**1.9.** *Кыргыздын оймо-жазмасында, макал-ылакап, ырым-жырымында, санжыра санатында <u>алгачкы жөнөкөй системалуу дүйнөтаанымы, баардыгына системалуу мамиле кылуусу</u> байандалып, кыргыздын тиричилиги анын негизиндеги <u>ыймандуу маданияттыкта</u> болгон.*

Мындай системалуу тааным, мамиле кары аалымдарынын акыл-эсинде улам толукталып чогулуп, улам кийинки жаш муундагыларга акыл-насыят болуп берилип, үзгүлтүксүз оозеки санжыра санаты катарында айтылып келген. Аны менен карылар, аалымдар көпчүлүктү ыйман жолуна улам салып, ынсаптуу кылышкан. Ошондуктан, "*Карыга жетип, касиетке жетпеген жаман. Нускалуу кары болбой ыймандуу жаш болбойт", "Карыдан уйат кайтса, жаштан ыйман кайтат"* делет. "*Дөөлөтүң - ата-энең, таалайың - уул-кызың*" - деп түшүнүлгөн. Ыйманы жок элдин ырыскысы ченелүү, келечеги жок экендиги түшүнүлүп, *"кайда болсо напсим тыйып, ыйман берип, <u>касиеттүү элиме</u> уйат кылба"* делип тиричиликтенилген. "*Напсиңди агытып ыпласка барба*" - деп санжыра үйрөтүп келген. Ал заман жөнүндө

«Кыргызга ким чак болгон?
Баатырлары көп болгон,
Байыркыга сөз болгон,
Кыраандары көп болгон,
Кылым арта сөз болгон»-

деген Арстанбектин айтуусу бар. Ойгон, ойлончу кыргыз!

Напси деген жаранды азгырган *шайтан* эле. Ал эми биз шайтанды сырттан издеп, өзүбүздө экендигине маани бербейбиз. өзүмчүлүк менен напси түздөн түз эле байланышта болот. Муну адам болом деген жаран түшүнүшү зарыл.

**1.10.** Кыргыз тили системалуу илим-билимдин негизиндеги баардыгына **системалуу мамиле кылууну** чагылдырган тил дейбиз! Муну кыргыз тилинде колдонулган көп кош сөздөрү да далилдейт го дейбиз: адам-киши, макал-ылакап, ырым-жырым, жол-жосун, жүрүм-турум, убал-сооп, аздыр-көптүр, каада-салт, нарк-насил, үрп-адат, дээр-зээн, акыл-эс, арам-адал, аң-сезим, маани-маңыз, өбөк-жөлөк, эриш-аркак, илим-билим, акыл-насыят, кылык-жорук жана у.с. Бар дүйнөдөгү карама-каршы-лык жагдайларды сыпаттаган Санжыра санат сөздөрү, кыргыз макал-

лакаптары дагы муну ырастабайбы. Себеби, мындай сөз-дөр системанын элементтеринин бир-бири менен болгон байланыштарын, катнаштарын мүнөздөгөн терминдер. Мисалы, «аздыр-көптүр» деген неме карым-катышта болгон эки системада бирөө үчүн аздык болсо, экинчи үчүн көптүк болушу ыктымал.

Азыркы кыргызча сөздүктө көп сөздөр башка элдики болуп жүрөт. Бул *жалган!* Бул атайын жүргүзүлгөн тымызын саясаттын кесепети жана кыргыздын тукумдарынын башка элдерге тийгизген тарихый таасирин кыргыз өзү билбегендиктен (М. Аджи. Тюрки и мир, М., 2004). Башкалар болсо, мындай таасирди атайын жаап жашырыш үчүн, өздөрүнүн сөздүгүндө сөзүнүн жаралышы жөнүндө айтышпайт. Ал эми Юдахиндин сөздүгүндө бул ыкма ошол убакыттагы саясат боюнча адаштырыш үчүн атайын колдонулган, анын кесепетинен парадокстор да кездешет. Мисалы, сөздүк боюнча «*акыл*» арабдыкы, ал эми «*билим*» кыргыздыкы имиш. Анда суроо туулат: Акыл жөнүндө түшүнүгү, термини болбогон кыргыз – акылсыз кыргыз - кантип «билим» терминин жаратып, билимдүү болуп калган? Кыргыз болсо: «*адам артык болсун деп, акыл менен тил берди*» - дейт го. Экөө тең бирдей эле кыргызга берилди да. «***Акыл***» деген, кыргыздын «***ак кыл***» деген акыйкат бүтүмү дейт С. Иптаров. Бул жөндөмү менен кыргыз бирдеменин аныктыгын, чындыгын, актыгын тактайт эмеспи. Кантип эле араб сөзү ушитип кыргызча жоорулуп калсын. Кыргыз Аллах - Ал+ак, алла – алда, акыл – ак+кыл деп кыргызча логикалуу түшүндүп бере алат. Ал эми араб, еврей ушул сөздөрдү өз тилдеринде ушинтип түшүндүрүп бере алабы? Бере албашы, ал кыргыз сөзүнөн экендик!

Тескеринче, кыргыз сөздөрүнөн башка элдердин көп сөздөрү жаралган, ошол эле «кечөө» эле жаралган араб тилинин сөздөрү да! Муну ырастаган изилдөөлөр бар (М. Аджи) жана жаңысы да пайда болууда. Мисалы, профессор А.А. Бекбалаевдин гунндар жөнүндөгү трилогиясы. Дагы Х. Карасаевдин эскерүүсү бойунча (радио берүү), Юдахиндин сөздүгүнө көп кыргыз сөздөрү

киргизилген эмес. Себеби, алар мындай сөздөргө тийиштүү орусча сөздөрдү таба алыша албай койушкан. Андай болсо, кайсы тил «улуу тил» деген эпитетке, чындыгында, ээ болушу керек эле? «*Кандайдыр бир касиети үчүн кыргыз тилин сүйүп калдым*» деп Юдахиндин айтуусунда атайын жашырылган, ачылбаган сыр жатат. Ал сыр тилдердин ичинен кыргыз тили гана ***системалуу мамиленин тили*** экендигинде! Адаштырган сөздүктүн тиражын көбөйтпөй, такталган кыргыз сөздүгүн түзүү учурдун маселеси! Х. Карасаевдин көп кыргыз сөздөрүн арабча-иранча жоруп ошол элдики кылганына мен макул эмесмин.

"Кыргыздын ар бир сөзүндө дем (энергия), күч бар. Ошону силер байкабайсыңар дешчи академиянын окутуучулары" - дейт А. Бекова. Б. Исмаиловдун божомолуу бойунча кыргыз сөзү **Жараткандын сөзү** дегенге мен толук кошулам. Анын сөздүгүн түзүү кыргызга зарылдуу. Муну менен көп чындыктар ачылмак.

Мисалы, Обо энеге берилген ысымды же «Жараткан жаранды, жаратылышты жарып жаратат» дегенди эле карайлы. Муну азыркы илимий жетишкендиктерге салып жоруучу, окур-ман. Кыргыз сөзүнүн улуулугу эмнеде? Анын чындыгында эмеспи! Радио-теле берүүлөрдө жөн эле далилсиз кыргыз макал-сөзүнүн улуулугунун мактай беришет. Чындыгында *анын улуулугу* ***чыныгы системалуу илимий билимдерди камтыганында***. Муну Курандын хадистери менен кыргыздын макалдарынын маанилештиги айкындабайбы. Алар объективдү ан-сезимден алынган табылгалар да. Бул болсо айтылбайт, себеби, азыркы билимдүү кыргыз аны билбейт. Окутулбагандыктан билбейт. Ал эми баардык илимий чындыкты билген – бул Жараткан гана! Себеби, болгон Жараткан гана объективдүү чөйрөдөгү билимдин ээси («Чистосердечное признание» телеберүү, 23.05.2010). Тилдин алгачкы терминдерди Жараткан аркылуу берилээрин кыргыз «*Адам артык болсун деп, акыл менен тил*» дейт эмеспи. Тил, анын алгачкы сөздөрү ушинтип эле жаралган эмеспи. Эмне бул жалганбы? Объективдүү аң-сезим менен байланышты түзө

алган таза жарандын касиети кыргыздын Улуу сөзүн, Улуулугун жараткан. Кыргыз мындай чындыктуу сөздү барктап, сөзгө жыгылып келген. "*Киши эмес – сөз эмес сөздү сүйлөйт*" делген. Азыркылар кандай сүйлөйт?

«Кыргыздын байлыгы - сөз» - дейт Сабыр Иптаров. Мындай Улуу Кыргыз Сөз казынасына айланган системалуу дүйнөтаанымдын, билимдин сөздөрү жаш муундагыны турмушка үйрөтүп, тарбия берип, анын сөзмөрлүгүн, акылдулугун өстүрүп, акылмандыкка багыттап, адамдыгын жөндөгөн, руханий байыткан. Ошондуктан, Санжыранын санаттары, кыргыз макал-лакаптары мектепте сабактарда кеңири колдонулушу жана теле-радионун баардык каналдарынан күн сайын <u>сөз төркүнү</u> айтылып турушу зарыл. «*Өнөр алды – кызыл тил*» жана <u>*кыргыз тили системалуу мамиленин тили*</u> экендиги деген дайыма эске алынып, үй-бүлөдө, бакчада, мектепте, анан жогорку окуу жайында адистен мурда адамды жөндөө, түзүү жүргүзүлүшү керек. Балдарды кичинекейинен кыргыз тилдин ушундай жагдайына көңүл буруп, тарбиялаш керек. Келечектеги адам-адиске чыныгы системалуу билим берүү калыптанышы тийиш. Азырынча, ал калыптана элек. Азыркыдай билим-тарбийа бербей системалуу дүйнөтаанымга негизделген системалуу билим берүүгө келишибиз керек. Башкаларды туурабай, кыргызча жашап-сүйлөп, оңолгун кыргыз!

**1.11.** Дүйнө элдердин ичинен жалгыз гана кыргызда *эки тил* колдонулат: *табигый тил* жана *ойум-чийим тили.* (М.В. Рындин. Киргизский национальный узор. Л., 1948). Кыргыздын экинчи тили менен философиянын мыйзамдары толугу менен сүрөттөлүп баяндалат. Мурда оймолор менен жасалгаланган туш кийизде, шырдакта, ала кийизде, кийим-кечесинде, жашаган боз өйүндө объективдүү билимге тиешелүү фундаменталдуу ойлор насыят болуп сүрөттөлүп айтылып келген (М.В.Рындин.). Ушунтип колдонулган экинчи тил башка элде жок. Азыркы кыргыз бул тилдин «сүйлөмдөрүн», алар менен баяндалган маңыздарды түшүнбөй калган манкурттук абалда. Окуу жайларда, көркөм

академияда экинчи тил окутулушу жана жарнамаларда ойум-чийим тийиштүү маңызы, Санжыра санаттары менен коштолуп, түшүндүрүлүп туура колдонулушу керек. Азырынча минтүү жок. Эгерде Улуттук университеттин фойесинде оймонун баардык түрлөрү аталып тартылып, оймо менен дүйнөнүн, өнүгүүнүн философиясы сүрөттөлүп, түшүндүрмөсү менен берилсе келген конокторду таң калтырбайт беле. Эч кимде жок туура Теңирлик дүйнөтаанымы жана оймо тили кыргызда гана экендигин даңазалабайт беле. Көпчүлүктүн башаты кыргыздан экенин азыркы кыргыз өзү да жана бөтөндөр да түшүнбөйт беле. Улуттук окуу жайдан сабак, кыргыз сабагын алышкандай болбойт беле. *Кылымдар бойую ойум-чийим кыргыздын иероглиф-жазмасы болуп келген*. Анын негизги элементтеринин, ойумунун (*фразаларынын*) саны эки жүздөй. Аларды ар түрдүүчө бириктирүү менен орнаменттик сюжеттерди («*сүйлөмдөрдү*») курса болот. Мындай сүйлөмдөрдөн «*насаат-байандаманы*», б.а. бир объектти, мисалы, туш кийизди, шырдакты жаратса болот.

Азыркы кыргыздар мындай объекттердин маңызын окуп түшүнүүдөн ажыраган кез. Ошондуктан, ойум-чийим менен берилген жазманы окууну мектептерде үйрөтүүнү жандандыруу керек. Мисал катары, китептеги 3-сүрөттүн окулушун келтирели.

Ар бир кабардын сөзсүз башаты болот. Ошондо, кабардын жаралышы кандайдыр бир эрк бойунча гана. Мисалы, бирөөнүн буйругу, калоосу менен же туйгунун (интуициянын) таасири менен. Чыныгы кабардын башаты болуп Ааламдын кубат-билим талаасы болгон объективдүү ан-сезим гана болот! Кабар андан алуучуга коддолгон түрдө гана берилет, б.а. кабар кандайдыр бир белгилердин жардамы менен баяндалып берилет. Мисалы, сөз, сан, сүрөт түрдө белгиленип (коддолуп). Кыргыз илгертен бери дүйнө жүзүндөгү элдердин эң биринчилееринен болуп Ааламдын кубат-билим талаасынан алынган чыныгы кабарды, түндүгүнөн түшкөн кабарды, өзүнүн ойум-чийими менен коддоп келген. Аны үчүн мурда айтылгандай, эки жүздөй оймону (кодду) колдонгон.

Азыркылар сабаттуу, бирок ал жалган сабаттуулук. Себеби бир тараптуу, системалуу эмес сабаттуулук. Андыктан азыркылар өзүнүн мурдагы системалуу дүйнөтаанымына маани беришбейт.

Ал эми кытайлыктар болсо мындайча системалуу тааным, мамиле жасоо менен жана эң байыркы символдуу жазма менен таанышкандан кийин гана алар өздөрүнүн тийиштүү кытайлык дүйнөтаанымын жаратышкан жана иероглифин, монадасын кыргыздын ойумунан табышып, колдонууга келишкен. Кыргыздын ойум-чийим ыкмасынан чыгыштык иероглиф жазмалары жана башка элдерде анын өзгөртүлүп берилиштери жаралган. Мисалы, кыргыздын «адам» ойумунун Теңирликтин белгисин-де берилишинен кытайдын «адам» деген иероглифи жаралган.

Муну мурда башкача, ал эми “бзч X кылымдан кийин кыргыздар кытайлыктарды Тамгачы” (О. Айтымбет) - деп атаганы далилдейт дейбиз. Муну дагы кытай акылмандары Лао-зы менен Конфуцийдин чыгармачылыгы жана эскерүүлөрү кыйыр далилдейт. Мисалы, Конфуцийдин «*элдикин элге бердим*» дегени «*кыргыз элдикин кытай элине бердим*» дегени да. «Оказывается, великую китайскую стену возвели не для защиты от кочевников, а чтобы остановить отток людей от империи, китайцы бежали на север семьями и целыми деревнями. Там жилось веселее, это слова из китайской летописи. Разве то не оценка тюркской жизни?!» (М. Аджи). Конфуций тарынганда аларга кетип калам деп айтканы дагы муну ырастайт. Ал эми китеп беттеринде башкача жазылып калгандыгына, кыргызда китеп жазуу өнөрү болбогондугу, ооз-эки айтуулардын унутулганы жана үстөмдүк кылган сайасат буга шарт түзгөн. Мисалы, Рындиндин китебинде келтирилген туш кийиздин окулуп жорулуштары сыйактууну, бирөөнү туурамай сайасатынын негизинде, элүү жылдын ичинде эле жазуусу болгон азыркы кыргыздар да тарабынан унутулгандыгы муну далилдейт го. **Ойгон, оңолгун кыргыз! Качанкыга чейин алданып калмак болгон жан болуп, бирөөнү эрчиген *кун карама* болуп жүрө бересиң?**

**1.12.** *Кыргыздын ойум-чийими менен философиялык мыйзамдар толугу менен байандалат.* Кыргызды курчаган дүйнөнүн өнүгүп-өсүш мыйзамченемдүүлүгү логикалык жагынан толук туура түшүнүлүп, ал колдонгон оймо-чиймесинде толугу менен туура баяндалышы анын кийген кийимдеринде, отурган ала-кийиз, шырдактарында, тегерегинде илинген туш кийиздеринде, тиричилигинде колдонулган каражаттарында, жашаган боз үйүнүн түзүлүшүндө жана анын ичинен да, сыртынан да кооздолуп берилиши менен, өзүнүн дүнүйө жана жашоонун максаты жөнүндөгүсүн туура түшүнгөндүгүн кооз жердин бетинде ушундайча баяндамалар менен жасалгаланган, көп сырды камтыган боз үйүн тигип, Дүйнөнүн иерархиялуу Улуу жолу-жосуна ылайыктуу Наркты, Салтты (Сыйды) кармоо менен кыргыз гигиенасы табият менен бирдиктүү келген экологиялык жагынан таза көчмөн турмушту куруп келген. Нукура өзүнүн мындай маданияттыгы убагында кыргыздын эч кимде боло элек билимге ээ болгондугунун, эң илгерки эл экендигинин белгиси. Мындай системалуу мамиле кылуу менен тиричиликтенүү, ошого жараша жашоо жол-жобосун, өзүнчө улуттук менталитетти калыптандырган. Ошондуктан, дүйнөгө болгон системалуу көз караш менен караганда гана буга чейин жарандар менен так түшүнүлбөгөн кыргыздын менталитетин туура түшүнсө болот.

*Кыргыздын оймо-жазмасында, макал-ылакап, ырым-жырымында, санжыра санатында алгачкы жөнөкөй системалуу дүйнөтаанымы, баардыгына системалуу мамиле кылуусу баяндалып, кыргыздын тиричилиги анын негизиндеги **ыймандуу маданияттыкта** болгон.* ***Кыргыздын тили ыймандуу маданияттыкты, б.а. акылмандуулукту камтып чагылдырган тил.*** Кыргызда «*ыймандуу болуу*» дегендик, анын «*акылмандуулукту камтыган системалуу дүйнөтаанымда болуу*» дегендик.

Кыргыздын сыры ал колдонгон тининдеги ар бир сөзүндө, ойум-чийимдеринде, чертилген күүлөрүндө, ырларынын обондорунда, жүрүм-турумунда, кийген кийимдеринде, жашоо ереже-

синде, кыскасы, ушуларга негиз болгон ад колдонгон дүйнөтаанымында – системалуу таанымында камтылган. Такталган Теңирликти жакшылап таанышйлы, кыргызым, аны жээрибей.

**1.13.** Кыргыздын тарыхын "*байыркы кыргыздар*" жана "*азыркы кыргыздар*" деп ажыратып таануу тууран эмеспи. Байыркы кыргыздар азыркы көп элдерди жаратууга негиз түзүп, түрк элдеринин ата-бабалары байыркы кыргыздар эле. Байыркы кыргыздардын тарыхы, Адам-Атадан эле башталып, атайын ал "*кыргыз*" атка конгон. Кыргыздын Теңирлик системалуу дүйнөтаанымы башкаларга тараганы шексиз. Кыргыздын тарыхын такташ үчүн тилдин терминдеринин жана Санжыра санаттарынын семантикасын, Санжыранын өзүн колдонуш керек. Буд бойунча Дастан Сарыгуловдун изилдөөлөрү доктордук илимий даражага татыктуу (ютуб. БКМА. Дастан Сарыгуло Санжыра 1-4). Кубан Чороевдин «Кыргыз элинин 7000 жылдык тарыхынын далилде-ри» видеосунда Төлөк Төрөкан уулунун «Кыргыз эл санжырасы» китебиндеги маалыматтардын генетикалык изилдөөлөр менен ырасталган фактылары айтылат. Ал жазган «Байыркы кыргыздардын генетикалык тарыхы» деген китебинде «ата-тегинин тарыхы менен сыймыктанбаса кыргыз оңолбойт» деген туураа ойду айтат. Бул жагдайда З. Кудайбергеновдун чогулткан тарыхий материалдары, Т. Карымшаковдун «Санжыра» берүүсү өтө пайдалуу. Кыргыз сөздөрүндө катылган чындыктарды издөө менен дагы көп тактоолорду киргизсе болот. Кыргызды адаштырган Юдахин менен Карасаевдин сөздүгүн тактап чыгыш керек! Буга Б. Исмаиловдун сөздөрдү жору ыкмасы зор салым кошуп, адаштырган сөздүктөрдүн ордуна жаңы кыргыздын сөздүгүн түзүп учурдун зарылдуу проблемаларын чечсе болот. Деги ата-замандан берки элдин тарыхын анын сөздөрүн жалаң эле археологиялык фактылар же жазылган жазмалардын (мүмкүн атайын адаштырышуучу үчүн) негизинде толук далилдөө мүмкүн эместиги талашсыз да.

Түркология кеңейтилип, Кыргызология илими жаралышы керек. Ошондо, мурдагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарында кетирилген каталардын, бурмалоолордун баардыгын тактап бир системага келтирүүдө белгилүү О. Айтымбеттин, М. Аджинин, Д. Сарыгуловдун, К. Чороевдин, К. Мусаевдин жана башкалардын изилдөөлөрүн, универсалдуу каражаттардын бири болгон тил каражаттарына маани берилип, Б. Исмаиловдун тапкылары да кеңири колдонулушу өтө зарылдуу. Түрк дүйнөнүн башаты кыргыз дүйнөсүндө жаткандыгын түрк изилдөөчүлөрү өздөрү танбастыгын Д. Сарыгуловдун изилдөөсү менен табылган материалдар ырастайт (*ютуб. Кыргыз тарыхы чон саясатка айланып кетти* же *Манас жаңырыгы 30.03.21*) Кыргыздын чыныгы тарыхы полиогенетикалык негиздөөлөр менен такталганда аны адашкан көпчүлүк менен атайын адаштыргандар айласыздан кабыл алат го деймин! Жерде ар кандай түрдөгү жарандардын цивилизациясы болгондур (Джули По, Атымгүл), бирок адамзаттын Жердеги тарыхы Адам-атадан эле, демек, кыргыздан гана башталат деген менин ойум акырындап чындык деп далилденерине ишенемин! Кыргыздын байыркылыгын тарыхчылар 2800 жылга, К. Чороев 7 миңге, Д. Сарыгулов 150 миңге, А. Байтур 300 миңге жылга, ал эми мен Адам-атага чейин чойуп жатам. Талашкыла. "*Адамзаттын* эң *улуусу, баардык элдердин мураскору кыргыз*" – дейт Кубанычбек Тезекбаев (*Сырдуу дүйнө*). "Дүйнөнү кыргыз башкарат"-дейт А. Бекова, Муну анын Адам-атанын түз тукуму болуп, чыныгы системалуу субъективдүү таанымга анын гана ээ болушу, кырылбас эл болгон аталышы ырастайт. Бул Теңирдин кыргызга берген аманаты! Илгери кыргыз ар кандай элдерде падышачылык өкүм жүргүзгөндүгү белгилүү, ошондой эле атайын сайасаттын негизинде эл "толпа". "стадо" абалына жеткирилип башкарылып да келинген.

### 2. *Кыргыздар эми ким болушу тийиш?*

Батыштагылар өзүмчүлдүү маданияттын негизинде өзүнчө өнүгүп-өсүп, бирок мындай маданияттыктын жаман кесепеттеринен кийин жаңыча жашоо аракеттердин үстүнөн ойлонууда. Профессор Л.И.Евенко минтет (М. Мескон. Основы менеджмента, 97): "За свою историю человечество выработало всего три принципиально различных инструмента управления, т.е воздействия на людей: 1. *иерархия*; 2.-*культура*; 3. *рынок*.

В реальных хозяйственных и социальных системах все они существуют. Речь идет лишь о том, чему отдается приоритет. Это и определяет сущность, облик экономической организации общества. К тому же *рынку и иерархии соответствуют разные культуры, почти полярно противоположные по своей сути*."

Кыргыздын көчмөндүк цивилизациясында, анын алгачкы системалуу, ыймандуу маданийаты приоритеттүү болгон. Азыр бүлдүргүсү ыдыраган тиричилик. Мындай системалуу мамилеси жок өнүгүү - бул адашкан, Теңирдин жол-жосунан, б.а. табигый эволюциялыктын шайкештүүлүгүнөн чыгарган өнүгүү. «Алтай в Европе называли Эдемом – Раем земным. Отсюда в мир пришли религия и знания о Боге Небесном (Тенгрианство). Великое переселение народов, начав-шееся на Алтае до новой эры, охватившее всю Европу, заверши-лось в XIX веке преобразованием (христианизацией русскими) самого Алтая, его древние монастыри пали. Религия Запада, по-своему исправившая священные книги Алтая *(Теңирликтин негизинде жаратылган)*, окончательно превратилась в политику *(ал кыргыздарды Теңирлигинен, өзүнүн тарыхынан ажыратуу ты-мызын сайа+сат+ы. Буга азыркы кыргыздар дагы эле тийиш-түү маани беришпейт).* Власть над миром перешла из одних рук в другие. Едва ли не все царствующие роды Европы состояли из тюрков. В том списке и папы римские, и короли Англии, Франции, Германии, Швеции, Норвегии. ...Московская Русь принимала, вбирала в себе великую ценность – аристо-кратические роды, знатные и образованные, им давала приют. Они, изгнанные Батыем, приняв «чужой устав»

и чужое солнце, становились русскими, Аксаковы, Булгаковы, Годуновы, Кутузовы, Куракины, Нахимовы, Суворовы, Толстые, Тургеневы, Юсуповы. Сотни фамилий, сотни родов. Да каких! Они говорили на тюркском языке. С них, с этих драгоценных осколков Золотой Орды, начиналась Россия, ее дворянство. На руинах тюркской державы поднималась Россия, ее создавали иезуиты, делая буфер между двумя мирами–Востоком и Западом. ..Запад возвышался, унижая Восток. Так росло его величие! ..Исказив историю тюрков Алтая, Запад и российские власти тем самым загнали мировую науку в тупик» (*М. Аджи).* Дагы кара *(ютуб-Разоблачение российских историков*).

Азыр дагы эле ушундай сайасат улантылып кыргыздарга өзүнүн Теңирлигин тааныптпай, тарыхын тактоо колдонууга алынбай жатат. Бул азыркы бийликтин элге душмандык кылуусу. Жакшылыктар менен кошо ошончолук жамандыктар өнүгүүдө жаралышы, Теңирдин теңдик эрежеси бойунча мыйзам ченемдүү болсо дагы, адамгерчиликтүү коомдо адамдар арасында азыркыдай жазалып жаткан укмуштуудай жамандыктар болбой жарандар арасында адамгерчиликтүү мамилелердин амандыгын сактоо менен гана тиричиликтениш керек эле .

Эми кыргыздар адашкандарды “сокурдай" эрчибей, кыргыз өкмөтү жетектене турган мындан аркы киши болгондой адамча өнүгүнүн системалуу улуттук же мамлекеттик идеологиясын тактоо зарылчыгы туулууда. Ошондо кыргыздын системалуу дүйнөтаанымы мындай идеологиянын негизи болушу тийиш. Бирок, биринчи жарыйаланган Кыргызстандын идеологиялык программасында болгону “*ырайымсыз рынок чөйрөсүндө үч өзөктүү сапатты табышып*” ал колдонулган. Ырайымсыз абалга алып келгендерге эл дале тийиштүү баа берилбей, аларга көмөкчү болгондордун бийлигине алданып кыйналуудабыз. Азыр дале рынок экономикасынын киргизилгенин биздин жетишкенибиз деп мактангандар бар, мисалы, ректор А. Акматалиев (28 авг.2020. КТРК). Мында бийлик тарабынан жасалган аракеттер

элдин көсөмөлдүгүндө болбой, ***эл өзүнүн жашоосун өзү башкара албай жатат*. Азыр бизди жыйынтыгына эч кандай жооп бербеген *алдамчы, өзүмчүл болгон топ эле башкарат***

Теңирлик таанымындагы болгон кыргыз К. Жетимишбаев, Р. Масыракуновдун. «Санжыра санаты» китебинде айтылгандай:

*1. никени бузбай;* *2. аманатка кыйанат жасабай;*

*3. антты бузбай;* *4. бирөөнүн дүнүйөсүнө көз артпай;*

*5. чыныгы тааным менен такталган салтты (сыйды) бузбай;*

*6. напсисин (б.а. шайтанын) агытып, ыпласка барбай;*

*7. өзгө, жатка калыс болуп;* *8. арамдыктан алыс болуу*

менен гана жаран *адамгерчиликтүү* болуп, адам атка конуп, аны менен бирге боло турган *акылмандуулугун (чыныгы системалуу билимдүүлүгү менен сүйкүмдүүлүгүн)* жандандып аны күнүмдүк тиричилигинде колдонууга аракеттенген эмеспи. Баардык учурда, жагдайда *“напсисин тыйа билген эр адамдын белгиси”* жана “*акылмандык бар жерде, акыйкат болуп, жалган жок*” болоорун коомчулукта колдонуш керек.

Ал эми азыркы учурдагы таалим-тарбия берүүдө баардыгына системалуу мамиле кылуу деген жок. “*Билимдүү болмок оңой, адам болмок кыйын*” – дейт кыргыз. Системалуу билим гана акылмандуулукту калыптандырмакчы, адамдыкты жөндөмөкчү. Азыркы батыштык болгон илим-билимге акылмандуулук жетишпейт. Бул анын жалган дүйнөтаанымдагы илим-билимдигинен. Баланы жашынан Теңирлик дүйнөтаанымындагы системалуу мамилеге үйрөтүш керек. Билимдүүлүк дагы адамгерчиликтүү болгондо гана туура тиричиликти жүргүзүүгө жетишээрликтүү болот. Азыркы алдым-жуттум бийликке булардын кереги жок.

Эми III кылымдагы александриялык философтордун, чындыгында, чыгыштык лозунгду тактап: “*Чыныгы системалуу дүйнөтаанымдан ашкан дин жок*” деп айтса болот. Системалуу дүйнөтааным - бул **Теңир таанымы - Теңирлик**. Ал баардык диний жана илимий көз караштарды синтездеп бириктирген, дүйнөгө болгон чыныгы көз караш, жалгыз чындык. Ага ишенүү,

моюн сунуу чыныгы ыймандуулукта болуу болуп эсептелет. Ыймандуу адам болуш үчүн аталган талаптар жетиштүү эмеспи. Мындай талаптар башка диндерде бар, бирок аларда адашкан тиричиликтин кесепеттеринен жаралган артыкбаш адам, кишиге кереги жок талаптары, жаралган ырым-жырымдары да көп.

Унутулган Теңирлик кыргыздарды бириктирүүчү урук боло алат. Ал баардык элдерди да бир максатка бириктирүүчү идеология. Аталган талаптар жарандар арасында адамгерчиликтүүнү камсыз кылган *чыныгы системалуу уруктар да.* Юдахиндин сөздүгү бойунча «**урук**» араб сөзү имиш. Анда эмне, арабтарга жолукканча жан-дүйнөсүнө маани бербей, тийиштүү терминдерди колдонбой келген элби кыргыз? Ал эми М. Аджинин изилдөөсү бойунча, кыргыздын тукумдарынын араб тилине жаралышына тийгизген таасири чоң. Анан кайдан «урук» араб сөзү болот? Сөздүктөгү бөтөн элдики делген сөздөрдү кыргыздыкы эле экендигине тактоого убакыт келди. Пендечилик адашуулан Урук байлыктары **Рух** деп бурмаланып, айтылып калган эмеспи.

Аталган байлыктар же уруктар ишке ашырылганда гана *жарандын Урук дүйнөсү өзгөрүп, ал кубат-билим талаанын жаратуучу же аракет кылуучу Ыйык Урук деп аталган күчүнө (касиетине) шайкеш келбейби.* Ошондо гана жаранга Теңир менен кубат-билим байланышты калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, ал өзүнүн уктап жаткан парапсихологиялык күчтөрүн мындай байланышуунун негизинде ойготуп жана өркүндөтүп өстүрүү менен, аларды күнүмдүк тиричилигинде, жүрүш-турушунда жеткиликтүү туура колдонууну кайра үйрөнүштү жакшы адатка айландыра алмакчы дагы адам болгон жаран менен Космостун ортосунда гармония жаралбайбы. «*Алтай – был раем. Рай – это житье в гармонии с природой, самим собой и людьми*» - деп М. Аджи айткандай жашоо бизге кайра келбейби.

Аталган талаптар, чындыгында эле, *баардыгынын негизи, эң алгачкы себептери эмеспи. Ушундай аксиомалар ишке ашырылганда гана чыныгы билимдүүлүк менен адамгерчиликтүү ой*

*жүгүртүү камсыз болмок жана аныгы урук байлыктары жарандар арасында үстөмдүк кылмак дагы ден-соолуктуу турмуш болуп, тиричилик бейпилдикте өтмөк эмеспи*. Ошондо гана, санжырада айтылгандай: "*биринчи байлык - ден-соолук, экинчи байлык - ак жоолук, үчүнчү байлык - бар соолук*" болбойбу. .

Ошентип, *проблематиканын маңызы адамгерчиликтүү коомду түзүүчү негизги аксиомаларды - эң алгачкы негизги принциптерди - аныктоо менен аларды ишке ашырып, азыркы коомду адамгерчиликтүү коом кылып жаңыча кайра куруу маселесинде*. Ал эми азыркы цивилизацияны жакшыртуу боунча азырынча талкулоолордо айтылып, колдонууга алынып жүргөн бөлөк башка жакшы тилектеги принциптер эң негизгилер эмес эле, алардан *үчүнчү принцип-себептерден болуп жаралган туунду принциптер эмеспи*. Мисалы, Манас эпосунун философиясы аталган аксиомаларга негизделгени шексиз, бирок колдонулган Манастын жети осуяттары алардан туунду болуп жаралган принциптер эмеспи. Ошондой эле, Чынгыз Айтматовдун (Кыргыз Туусу, 14.07.98): "...*жоопкерчиликтин* жана *милдеттердин дүйнөлүк шарапаттуу декларациясы керек*"- эмеспи дегени туура, жакшы тилек, бирок ал да туунду тилек, ошондуктан негизги эмес, жетиштүү эмес. Азыркы коомдун, цивилизациянын негизин, пайдубалын куруу процессинде адамгерчиликтик жагынан баардыгын туура аныктоочу эң негизги принцип-себептер (б.а. адамгерчиликтүүнүн уруктары) колдонулбай кала берилип, туура эмес туунду аксиомалар колдонулуп калгандыктан, алар менен өзүнөн-өзү жаралуучу жамандыктын кесепеттери көбөйгөнү болуп жатат. Ошондуктан, *ойлогон ойду кыстаган тиричилик жеңүүдө эле болуп. Алдамчылар* үчүн актануучу *шылтоо болуп келүүдө эмеспи*.

Илимий-өндүрүштүк өнүгүүлөр бойунча биз "кыргыздык кереметти" жарата алабызбы аны убакыт көрсөтөөр, бирок У*рук дүйнөсү жагынан жаңыча коомду куруп, башкаларга үлгү болууга тарыхый маданияттык негиз бар экенин түшүнөлү*. Ал

тарыхый системалуу дүйнөтаанымыбыз – Теңирлик жана ага негизделген тарыхый тиричилик тажрыйбабыз.

Ошентип, цивилизациялардык абал жалпы жонунан академик Н.Н. Моисеев айткандай: “..деградация человечества как элемента биосферы сводится по существу к формированию новой цивилизации. Актуальнейшей задачей становится разработка "Стратегии Человека", согласованной со “Стратегией Природы”” .

Мындай стратегияны жаратыш үчүн жаран, адегенде, кандай чөйрөдө жашап-тиричиликтенип жатканын тууралаа түшүнүшү зарыл. Аны тууралаа түшүнүү таанымына - Теңирлик таанымына - кыргыз биринчи болуп мурда эле келген. Эми кыргыз илимий жетишкендиктерди эске алуу менен такталган Теңирлигинин негизинде өнүгүнүн жаңы тууралаа стратегиясын жарата алмак.

**Кыскача жыйынтыктап айтканда:**

**2.1.** Кыргыз үчүн азыркы учурдун зарылдуу максаты батыштык өзүмчүлүктүү тиричиликти, цивилизацияны Кыргызстандын чөйрөсүнө толугу менен киргизүү же адапташтыруу эмес эле, адегенде, кыргыздын алгачкы системалуу дүйнөтаанымын толук жана терең изилдөөнүн негизинде азыркы илимий жетишкендиктерди эске алуу менен системага келтирилип, экинчи деңгээлдеги такталган системалуу дүйнөтаанымды жаратуу. Башкача айтканда, илимий жана эзотерикалык дүйнөтаанымдардын негизинде бирдиктүү бир бүтүндөй болгон, бардыгынын башаты болгон, жаңы системалуу дүйнөтааным парадигмасы түзүлүшү тийиш. Илимий жаңы дүйнө сүрөттөмөсүн (дүйнө бейнесин) түзүү керек. Мындай дүйнөтаанымда илим менен диндин философиялары бир-бирине каршы болбой, *системалуу философия* гана болуп бириктирилген болот. Мындай философиянын негизинде адамзат жаңы акыл-эске келип, азыркы проблемалардын чечилишинин жолдору ачылып, жаңыча тарбий-

алоо, окутуу, мамиле кылуу, тиричиликтенүү, жашоо идеология-сы, башкаруу бийлик структурасы ишке ашырылбайбы.

**2.2.** Ч*ыныгы системалуу дүйнөтааным жаңы парадигмасы менен гана туура такталуучу адамгерчиликтүү коомдун пайдубалын түзүүчү негизги аксиомаларды - адамгерчиликтүү мамилелердин уруктарын - тактап, аныктоо менен, аларды коомдун пайдубалына төшөп, азыркы адашкан коомду жаңыча, адамгерчиликтүү коом болгондой кылып, кайра куруу - проблематиканын маңызы*.

Ошентип, жаңыча өнүгүүнү адамгерчиликтүү мамилелердин тиричилигин камсыз кылгандай болгон принциптерге негизделген коомдун, бийлик системанын пайдубалын куруудан гана баштоо керек. Мындай аракеттер жасалбай туруп эле кыргыздын турмушун жакшыртуу үчүн жасалуучу азыркы бирөөлөрдү опсуз тууроо аракеттер принцибинде туура эмес. Башаты жалган принциптерге негизделген азыркы өнүгүүлөрдү тууроо саясаты опсуз. Нью-Йорк университетинин профессору Л. Баритц аялы менен биздин Балыкчыдагы институтта бир ай болуп, кыргыздын турмушун көрүп: “Силерде материалдык, техникалык каражаттар бойунча жетишпеген-диктер бар экен, бирок, биздикине салыштырганда силерде жарандардын өз-ара мамиле проблемасы чечилген экен” - деп айткан. Буга чейин көп нерседен айрылдык эле, эми батышты тууранбыз деп мындан да айрылабызбы?. Анда мындай кесепеттерге алып келген өзүмчүл идеологияны турмуштун баардык жагдайына киргизе берүү азыркы аракеттерибиз, жалпы момун кыргыз элдин алдында кылмыштуулук кылуу эле эмеспи? Мурда коомдук система тураарак болуп жамандыктар аз болсо, азыр анын туура эместигинен момун кыргыздын айласыздан жасаган жамандыктары көбөйө баштады. “*Базарга баарын саткан, жанын да сатаарын*” – дейт кыргыз. Дүйнөнү каптаган кыпчактар *дилин анан тилин жоготуп* бөтөн чөйрөлөргө сиңишпедиби. Жаман өзүмчүл бийликтин айласынан тентигендерге жакшы шартты түздүк деп мактанган лидерлер көп.

**2.3.** *Жаңы системалуу дүйнөтаанымдын негизиндеги системалуу илимий изилдөөлөр жана системалуу билим-тарбия берүү калыптандырылышы тийиш.* Окуу жайларында окутулган дисциплиналардын мазмуну мындай дүйнөтааным бойунча такталышы, жаңылары киргизилиши жана тиричиликте такталган системалуу (ыймандуу) каада-салттык калыптанышы тийиш. Системалуу каада-салт гана ыймандуу каада-салт болот. Чала системалуу билим-таалим берүүнүн сапатын камсыз кылуу азыркы аракеттер жетишеерликтүү болобу? Албетте, болбойт. Натыйжа менен күрөшпөй, себеби менен күрөшүш керек.

1997 жылы майда Бишкекте КАФ КГНУ «Природа университетского образования» деген темада конференция өткөргөн болуучу. Конференциянын материалында «Университеттик билим берүүнүн системалуулугу жөнүндө» деген менин макаламдын тезиси чыккан. Мен анда Балыкчыда институтта иштечимин. Ошондон кийин биздин институтка КАФтын америкалык жетекчи өкүлдөрү эки жолу келишип ректор Талгар Аденов менен жолугушуп окутуу пландар менен кызыгышкан. Кийин Нью-Йорк университетинин профессору Л. Баритц аялы менен бизде бир ай жашап институтта өзүнүн изилдөөсүн жүргүздү. Мен азыр ойлонсом, буга менин макаламдагы ойлор себеп болсо керек. Алардын келген максаттарын биз анда башкача түшүнүп жүрдүк эле. Алар ачык так айтышпады. Себеби, ал макалада Теңирлик жөнүндө жана иерархиялуу энерго-информациялык дүнүйө жөнүндөгү билимдер азыркы университеттик билим берүүдө туура камтылбагандыктан, мындайча билим берүү азырынча системалуу эмес жана анын кесепетинен азыркы цивилизация адамгерчиликтүү эмес кишичиликтүү экендиги айтылган эле. Анда мен адашып колдонгон «адам» менен «киши» терминдери бул китептин 5-басылышынан кийин гана туураа такталган түшүнүктөрүндөй эмес эле. Ал эми азыркыга чейин кыргыз чөйрөсүндө «адам» жана «киши» терминдери так ажыратылып колдонула электиктен америкалыктар кандай

чечимге келишкени бүдөмүк. Бизде 2016-жылы **АДАМ** университети (мурдагы БФЭА) пайда болду, бирок ал **адам**герчиликтүү экономиканы жана финансалык карым-катышты үйрөтөбү??? Үйрөтпөсө эмнеге министирлик мындайча аталышка макул?

**2.4**. *Адамгерчиликтүү коом системалуу маданияттыкка, б.а. адилеттүү жана ыймандуу маданияттыкка негизделиши тийиш*. Аны үчүн коомдун экономикалык түзүлүшүндө чыныгы системалуу дүйнөтааным менен аныкталуучу баардыгына <u>*чыныгы системалуу мамиле кылуу приоритеттүү болушу керек*</u>, Ошондо гана, биринчи кезекте, азырынча баардыгына *болгон туура эмес мамиле жаңыча, туура болуп,* аны менен *иш-аракетибиздин жана таалим-тарбия берүүбүздүн чыныгы системалуулугу* камсыз кылынмак. Системалуу таалим-тарбийа берүү менен, *адегенде, адам болгондой киши жөндөлүп*, анан гана адамгерчиликтүү тиричиликтин *адиси* жаратылмак. Мындай таалим-тарбийа берүүдө Мелис Мураталиев жетектеген «Бак дөлөөт» коомунун табылгалары туураа жашоонун эрежелери катарында кыска, нуска алгоритм түрүндө күн сайын баардык теле-радио каналдары аркалуу тынбай кайталанып, акма кулактардын кулагына тынбай куйуп ойготуш өтө зарылдуу, кайдыгерликтин оорусу менен ооруп оңолбогон момун кыргызга. Орустардын Спутник радио каналынын берүүсүнөн үлгү алса болот.

***Теңирлик* бойунча, «Бар» дүйнө карама-каршылыктардын *тең* биримдигине, гармониясына негизделген**. Анда мындай чөйрөдөгү тиричиликте элдик менен жекеменчиктин кызыкчыларын тең салмактуулугун камсыз кылуу шарттуу. Бизде азыр ушундай идеологиядагы жетекчилик жок болуп жатпайбы.

Конституцияда дүйнөтааным жөнүндө маалымат жоктугунан динге да так маани берилбейт. Бирок жетекчилердин сөздөрүнүн экөөсүнүн бирөөсү эле "*Кудайга кайрылуу*" же "*ыймандуулукка чакыруу*". Карыларды ойлонтот, бирок жаштардын көпчүлүгүн биздеги ырайымсыз рынок чөйрөсү, анын *өзүмчүлдүк акылы (*Саи

Бабанын аныктамасы бойунча ал «*банда воровдун» акылы)* ыймансыздыкка гана түртөт.

*Кыргыз Республикасы системалуу дүйнөтаанымга жана аны менен аныкталган ыймандуу маданияттыкты жараткан калыстык идеологияга – Теңирлик идеологиясына - негизделген мамлекет* болушу жана ошентип Конститутцияга жазылышы керек эле. Теңирлик идеологиясынын негизги принциптери – бул *тендик* жана *ыймандуулук принциптери*. Биринчи принцип жалпычылык менен өзүмчүлдүк кызыкчылыктардын гармониясын камсыз кыла алмак. Өзүмчүлдүк ченеминен ашып жамандыкка айланмак эмес. Ыймандуу маданияттыкта гана буга чейин ишке ашырылбаган "*маданият гана дүйнөнү аман сактап кала алат*" деген лозунг ишке ашырылмак. Себеби, ыймандуу маданияттык гана адамгерчиликтүү кызыкчылык үчүн өзүмчүлдүктү оздуктаган маданияттык. Ыймандуу маданияттыктагы тиричиликте гана ойлонгон калыстык ой оңой ишке ашырылгандай болуп, өнүгүү бейпилдиктүү болмок. "*Адамга бейпилдик керек"- дейт карапайым элим.*

**2.5.** Эгемендүүлүк менен өзүбүздүн аң-сезимибизди кайра жандантып, *өзүбүздүү туура түшүнүп*, орустун акыны Велимир Хлебников: "...*Азия страна единения богов и людей, место обитания вечно чаемой и недостижимой истины. В росте науки предвидится пласт - Азиатский*" деп көсөмөлдүүлүк менен айтып кеткендей, XXI кылымдагы жаңы турмушта кол-догу бийликти туура колдонуп, *Урук дүйнөсү жагынан жаңыча адамгерчиликтүү коомду куруп, башкаларга үлгү болууга, бизде кыргызда, тарыхый маданияттык негиз бар экенин түшүнөлү* да, акырындык менен аны калыптандырууга аракет жасап, *ата-бабалардын мурасын актайлы, башкаларга үлгү көрсөтөлү*. Муну кыргыз тарыхта биринчилерден болуп башташы керек. Цивилизациялык жагдайга мүнөздүү технологиялар жагынан кыргыз азырынча үлгү көрсөтө албаса дагы, бирок өнүгүүнүн келечегин камсыз кыла ала турган акылмандуулук дабагa ээ.

Азыркы убакытта жаңы баалуулуктун негизинде өнүгүнүн жолдору изделүүдө. Ошондуктан, Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 2001-жылды цивилизациялар арасындагы Диалог Жылы деп жарыялады. Буга жооп катаары, *кыргыздын көчмөндүк цивилизациясы калтырган алгачкы деңгээлдеги системалуу дүйнөтаанымы – Теңирлик - жаңы дүйнөтааным парадигмасын жаратууга негиз болот деп сыймыктануу менен айтаар элек.* Системалуу дүйнөтааным жаңы парадигмасы бойунча гана жаңы, тактап айтканда, *адамгерчиликтүү цивилизация* жаралышы, калыптанышы зарыл.

**2.6.** Ал эми батыштык цивилизацияда, маданиятта мындай негиздик жок экендиги жөнүндө В. Шубарт өзүнүн "Европа и душа Востока" деген китебинде минтип жазган: "Никогда еще не было культуры, подобной прометеевской (современной западной), которая бы с такой энергией и односторонностью стремилась достичь чувственных удовольствий и простого материального счастья, презирая заботу о спасении души, и никогда еще не было культуры, которая сделала бы людей столь несчастными и бедными, как эта. Для того, чтобы достичь свою цель, современный человек создал себе над естественным порядком вещей странный, искусственный мир, который мы называем современной цивилизацией. ...Техника и государственная политика, также как и экономика, развиваются согласно своим собственным законам эволюции, не согласованным с человеческими пожеланиями... Западная культура стремится к своему собственному самоуничтожению. Она убивает самое себя в избытке сил. Западный человек бежит от размышления, от тишины. Он бежит в опьянение, в удовольствие, в работу и в массы (массовую культуру). Над западной культурой тяготеет проклятие грехопадения."

«Неспособность усвоить восточную философию отличала эллинов и весь Запад, в этом проявляла себя *их языческая суть*. Для нее *объектом веры служил предмет, материальное воплощение,*

*не идея.* В этом принципиальное отличие культур Запада и Востока – в отношении к Идее.» (М. Аджи). «Почему на Востоке не состоялись или, по крайней мере, не осуществились во всей полноте Возрождение, Просвещение и Реформация, отчего неразвитыми оказались традиции рационализма и потому надолго остались не затронутыми научно-техническим прогрессом очаги высочайшей древней цивилизации Индии и Китая? Вот незначительная часть тех многочисленных «загадок», которые заданы нам Востоком и на которые ученым еще предстоит дать ответ» (Введение в философию. Ч.1.)-деп азыркы батыш жарандары таӊ калышат. Бирок, илгеркилер бул Теӊирликтин таасири экенин билишет, азыркылар атайын жашырышат.

Рим клубунун мүчөсү А. Печчеи өзүнүн китебинде (Человеческие качества. М.,80) минтип жазат: "Современная цивилизация многим принесла процветание, но она не освободила человека от той алчности, которая совершенно несовместима с открывшимися перед ним огромными возможностями. Научно-техническая революция не дает нам порой мудрости, чтобы держать под контроль наши возможности и запросы. Триумфальное развитие западной цивилизации неуклонно приближается к критическому рубежу". Мындай маданийаттыктын кесепеттери жөнүндө Жак Фресконун ачуу айтканын көргүлө (*ютуб. Речь в Стокгольме, всколыхнувшая весь мир*)

Ар бир нерсе Бар дүйнөдө өзүнүн тийиштүү ченемине чейин эле жакшы болот, андан ашканда ал жаманга айланат. Азыркы илимий технологиялык өнүгүүдө буга тийиштүү маани берилбейт

Жыйырманчы кылымдын аягында негизги проблема болуп "<u>совершенство средств и смешение целей</u>" болоорун Альберт Эйнштейн да айтканы белгилүү (Ф.И. Перегудов. Введение в системный анализ. М. 1989). <u>Жарандардын жалган дүнүйө таанымы максаттарды чаташтырууга ("смешение целей"ге) алып келүүдө. Ал эми максаттарды чаташтыруу болсо ыймансыздыкка</u>

(“грехопадение”ге) жана иш-аракеттикте келечексиздикке (“самоуничтожение”ге) алып келүүдө эмеспи.

**2.7.** Өзүмчүл, күн карама жетекчилердин сайасатынан өзүбүздү туура түшүнбөгөн манкурт болуп болгон руханий байлыгыбызга маани бербей чанганыбыз менен батыштагылар биздин илгерки тарыхыбыз бар, табылгаларыбыз бай экенин жакшыраак билгендиктен, алар биздеги өзгөрүүлөргө, бизден чыккан ой-санааларга азыркы учурда өтө кызыгуушуда. Алар жаңыча туура дүйнөтаанымды буга чейин жарата алышбай изденүүдө.

“Особенностью современной эпохи является тот печальный факт, что человечество не смогло сформировать глобальной общественной идеи, в том числе религиозной” (В.И. Кнорринг. Искусство управления. М.,1997, с. 59 ). Мындай изденүүлөр батышта мурдатан бери эле болуп келе жатканына тарыхый материалдар күбө. Мисалы, XVIII кылымдагы немец философу И. Гердер минтип айткан: *“Начинать изучение культуры и философии с достижения среднеазиатских народов”* (бул Теңирликтин таасиринен, чындыкты билгендер үчүн). Убагында алар жөнүндө Лейбниц, Гете айткан, дагы ошол эле В. Шубарт минтип жазат: “В нынешней своей форме западно-восточная проблема представляется, как проблема обновления человечества, *как возможность одухотворения Запада Востоком*, как указание раздробленному человечеству вновь воссоединиться в его *праначальном единстве, как задание создать* ***современного человека****”.* Ал **адам** эмеспи, окурман?

«Современная наука стоит на пороге смены своей парадигмы, в основе которой лежит изменение картины мира. Новая картина мира во многом опирается на *синэргетический подход*. В настоящее время формируется новая картина мира, основанная на синтезе восточных и западных представлений, на единстве строгого рационального познания и полета свободной фантазии и интуиции» (В.Г.Немировский, «Социология», 2004, Минск). Чыгыш таанымын түшүнгөн Г. И. Шипов өзүнүн изилдөөсү

менен азыр муну айкындады. Чыгыштык Р. Тагорду түшүнбөгөн батыштык А. Энштейн отуз жылда теорияны жарата албады.

**2.8.** В. Шубарт өзүнүн туура ойлорун элүү жылдай мурун айткан болсо, мына жакында эле болуп өткөн "Ысык-Көл биосфералык аймагы" долбооруна арналган эл аралык конференциянын катышуучусу Анке Хуннингхауз минтип жазат ("Ак куу" маалымат бюллетени 26.09.98): "Человек, попав из Запада в страну, которая смогла сохранить свою историческую культуру, вдруг осознает, что натворила западная культура с ее потребительским спросом. Я надеюсь, что народ Кыргызстана, который гордится своей культурой не позволит себе поставить материальные ценности выше духовных". А. Печчеинин ойу бойунча "человек развил в себе ненасытный аппетит к потреблению и обладанию, производя все больше и больше, вовлекая себя в порочный круг роста, которому не видно конца". Батыш өкүлдөрү өздөрүнүн өзүмчүлдүү маданияттыгы жөнүндө ушинтип айтып жатышса, өзүмчүлдүү башчынын акылы менен маңкурт болгон киргис аларды ээрчип адашканына 30 жыл болду.

**2.9**. Бирөөнү опсуз туурап, адаша берген, жаран болбой дүйнөгө чыныгы туура көз карашка ээ болгон адам болуп кайра бололу. Ошондо гана чындык менен жалганды ажырата алып, чыныгы салтка келебиз. Напси деген шайтанды азыркы учурдагыдай чексиз агытып тиричилик курган өзүмчүлдүү болбой, *баардыгына системалуу мамиле кылып тиричиликтенген, бирок ошондо жан дүйнө көр дүйнөдөн өйдө экенини түшүнгөн, жалпынын келечегин ойлогон, телегейин тегиз караган адам бололу*.

Ошентип, ар бирибиз *манкурттай* жаран болбой, өзүнүн системалуу, ыймандуу таанымын сөз кереметине уйутуп, ата-бабалардын мурасы кылып жаштарга берген, мындай Улуу сөздү баккан, аны менен жетектенген *адам* бололу. Өнүгүүдө келечекти камсыз кылуу үчүн мындан башка айла да жок. Мисалы, экологияны эле сактоо бойунча мурдатан бери жасалган батыштагы аракеттер эчтекени бербегендиктен "Ысык-Көл биосфералык

аймагы" долбоорунун координатору немец Т. Хардер институттагы болгон жолугушууда: "Германиянын жери элин көп болсо дагы элүү эле жылдай багат" - деп кейип айткан. Бул дагы В. Шубарттын алдын ала айтуусун ырастап жатат. Ал эми биздин чөйрөнүн экологиясы батыштагыдай бузула элек. Айыл-чарбада экологиялуу продуктарды алып, экспортко кымбат баада аларды жана минарал сууларды, балды сатып, экологиялуу туризмди уюштуруп байыган келечектүү, кендерди иштетип экологияны бузбай. Бирок, азыр кыргыздар батыштан ар кандай уруктарды алып келишип айыл чарбада колдонушуп чоң пайда тапканына сүйүнүшөт. Эгерде алар генндери өзгөртүлгөн сорттордон болсочу, анда буга кылмыштуу ишке ким жоопту болот?

"Баардык маданийаттарды бир маданийатка баш ийдирүү мүмкүн эмес"- деген ой (КТ, 75,1999) туура эмес. Эгерде *системалуу дүйнөтааным парадигмасы* алынса, анда алардын негизи бирдей туураа болушу мүмкүн.

**2.10** Азыркы "Ысык-Көл биосфералык аймагы" сыйактуу долбоорлор үйдү пайдубалынан тургузбай, чатырынан баштагандай болсо дагы, ал зарылдуу, бирок жетишерликтүү эмес. *Зарылдуу* жана *жетишээрликтүү шарттар* бирдей аткарылганда гана тийиштүү натыйжа болуп, койулган максатка жетүү болот.

Баардыгына чыныгы системалуу мамиле кылуунун талабы бойунча коомдун иерархиялуу түзүлүшүнүн турмушунда "*жогорудан ылдый карай*" жана "*ылдыйдан жогору карай*" (б.а. зарылдуу жана жетишээрликтүү) аракеттер, бири-бирин улам жарыша тактап иш жүргүзүлүп турушу керек. Булардын ишке ашырылышына **Аткаруучу** жана **Элдик Курултай башкаруучу *бийлик структурасы*** ылайыктуу. Бул жөнүндө сөз кийин.

## КОРУТУНДУ

Аталган проблематика жөнүндөгү чындык бирөө эле. Автордун ойу бойунча, ал - *чыныгы системалуу дүйнөтаанымдагы*

*ыймандуу маданийаттыкка негизделген адамгерчиликтүү тиричилик, б.а. Теңирликтин негизиндеги тиричилик. Адамгерчиликтүү тиричилик* – бул *Бар дүйнөдө эки карама-каршылыктардын теңдигин телегейде тегиз камсыз кылуу менен тиричиликтенүү.* Объективдүү аң-сезидин ээси Теңирдин эрки менен чөйрөдө, жаныбарлар дүйнөсүндө ушундай теңдик камсыздалып, гармоиялуу болгон табийатта жаран тиричиликтенет. Теңирлик таанымында болгон Чынгызхан «*Мир совершенен, когда им правит Всевышний-Сверхразум*» - деген. Бул талашсыз чындык, себеби биз ошондой табигый чөйрөдө жашоодобуз. Демек, искусственный мир Кыргызстана будет совершенен, когда будет правит **Курултай – коллективный разум**. Ушундай гармонияны жердеги жарандардын тиричилигинде *көп бийликтүү азыркыдай система эмес* Теңирлик *идеологиясындагы жалпы Элдик Курултай бийлиги гана* Теңирликтин теңдик жана ыймандуулук принциптери *менен жетектеген акылмандуулугу менен адамгерчиликтүү тиричиликти* камсыздап ишке ашырмак

Кайталайбыз, азыркы убакытта адамгерчиликтүү тиричилик бир да өлкөдө приоритеттүү болуп койулган эмес. Объективдүү аң-сезимдин бийлиги иерархиялуу структурада дагы аны ишке ашырган бир гана Жараткан. Ошондой эле субъективдүү аң-сезимдин бийлигин ашыруу дагы иерархиялуу болуп бир гана жаран башкарып, бирок Жаратканды таанып, акылмандуу болуп, өзү жана ал башкарган Аткаруу бийлиги баардыгына жооптуу болуп, жалпы Элдик Курултай бийлигине толук баш ийиши зарыл. Ал эми азыркы авторитардык башкармалардын буга татыбай жүргөнүнүн себеби, мындай башкармаларда акылмандуулуктун жоктугунан, өзүмчүлдүгүндө, Аткаруучу бийлик авторитардык болушу зарылдуу, бирок ал элдин такай көзөмөлүндө болуп, оңой эле алмаштырылгандай болушу керек. Ал бийлик чыныгы элдик гана бийлик болушу зарыл. Ушундай максатты жалпы Элдик Курултай бийлиги аткармак. Ошентип,

чыныгы бийликтин структурасы **Аткаруучу бийликтен – өкмөттөн** жана **аны башкарган Элдик Курултай бийлигинен** турмак.

Бул китепте сунуш кылынган жалпы **Элдик Курултайдын** курамы мурдагы варианттардан башкача төмөндөгүдөй болмок:

1. Айыл өкмөтүнүн башчылары,
2. Тиричиликтин баардык жагдайындагы проблемалар менен иштеген окумуштуулар,
3. Кыргызстанда жашаган элдердин башчылары,
4. Шаардын мэрлери,
5. Дин, коомдук уйумдардын жетекчилери.

Мындай курамдагылар элдин арасында дайыма жашап иштешкен, анын атынан сүйлөп, элдин зарылдуу талабын өз убагында ишке ашырган бийлик болмок. Мындай бийликтин функциялары:

1. Аткаруучу бийликти текшерип көзөмөлдөө,
2. Аткаруучу бийликти башкаруу,
3. Аткаруучу бийликти оңой алмаштыруу,
4. Аткаруучу бийликтин кезектеги аткарылуучу максаттарын аныктоо,
5. Кыргызстандын пландуу өнүгүүсүн системдүү анализдөө менен камсыздоо жана стратегиясын аныктоо.

**Аткаруучу бийлик** Элдик Курултай койгон кезектеги максат-маселерди гана чечип, убагында ишке ашырууга жоопту болот.

Батыш *көп партиялуу болгон бийлик демократиясы* менен сыймыктанат, бирок, чындыгында, аларды тымызын бир эле топ башкарат. *Адамга, кыргызга адамгерчиликтүү тиричиликти камсыз кылган* ***адамгерчиликтүүнүн бийлик демократиясы*** *–* *Теңирликтин демократиясы - керек. Мындай демократия азыркыдай* ***топтун демократиясы*** *эмес* ***жалпы элдик демократия, чыныгы демократия*** *болмок.* Мындай демократия ***бир эле партиялуу болуп Теңирликтин идеологиясын*** ишке ашырмак.

Мурда Адам-атанын тукумдарынын Теңирлик дүйнөтааныбмын биринчи жолку таратуу аракеттери болду. Теңирликтин негизине койулган системалуу принциптер илимий жактан жокко

чыгарылбай, тескеринче, дүйнөнүн жаңы илимий такталган сүрөттөмөсүн түзүүдө керектиги аңдалууда. Азыркы дүнүйөдө болсо илимий көз караш өзүнчө, диний көз караш өзүнчө болуп, адашкандык гүлдөгөндүктөн бир бүтүмгө келише албай, тирешүү терроризмге айланууда. Ал эми мурдагы кыргыз жөндөчү ойду капкачан эле тапкан, аны коомдо жетекчиликке алып ишке ашыра турган эле **системалуу билимдүү, акылман жетекчи өсүп чыкпай жатат.** Мурунку жетекчилер болсо, билимдүү болушса дагы **адашкандыктан, өзүмчүлдүн сазына** гана батышты. Деги, кыргыз ким эле экениңди тактап билчи, адашкан өзүмчүл бирөөлөрдү туураап, кошо адашып маңкурт болбой, өз кыргыз акыл-эсиңе, дилиңе келчи, такталган *өз Теңирлигиңе* - такталган *өз системалуу мамилеңе* - келчи! Ошондо, кыргыз сөзүнүн төркүнүн терең жана туура түшүнгөн С. Иптаруулу жазгандай («Кыргыз тили»-гезити, 18.02.09) «*өзүңдүн рухуң* (*уругуң*)*, тилиң, акылың, өнөрүң менен өзгөлөрдү тамшанткан, таңданткан, суктанткан* ***кыргыз адамы*** *болуу дегенге*» келбейсиңби. Ошондо өзгөгө «*бул эл үчүн тилден өткөн бийик дөөлөт – дил дөөлөтү бар, ошондуктан буларды ушундай эл кылган рухий* (*урук*) *башаттан мен да азыктанып, мен да ушулардай айкөл, асыл,* ***аруу*** **(чистый, арий)** *адам болушум керек деген ички дымак, изги мүдөө имерип туруусу керек*» болмок! Чын эле, системалуу дүйнөтааным, мамиле менен жетектенип жашаган кыргыз жараны илгери эле «*мырза адам*» деген атка конуп башкаларды таңдантканы санжырада да айтылат жана башка жерлерде да эскерилет (М. Аджи). Болгон ыңкылап окуйалары кыргыздын бөтөнчүлүгүн көрсөткөнүн чет элдик комментаторлор да айтууда. Москвадагы пикетте «*Не будите в нас киргизов*» деген лозунгдун колдонулушу эле эмнени айтат, окурман. Чын эле, Теңирликтин эрежеси бойунча жашаган адам арууланган – аруу – арий адамы болбогондо ким болот? Себеби, *Теңирдин эркин туйган гана жан наркту жан.* «*Чтобы осознать свою божественность человек должен следовать*

*своей жизни общечеловеческим ценностям: истине, праведности, миру, любви и ненасилию*» - дейт Саи Баба. Кыргыз адамынын Теңирлик критерийлери дагы ушундайларды камтыйт эмеспи. «Улутман» берүүдө (19.12.2009) Р. Хьюиттин «*Кыргыздардын жашаганы пайгамбарлардыкындай*» - дегени бекеринен эмес.

Дүйнөдө бир эле чындык бар. Ал *объективдүү аң-сезимдин билим чындыгы*. Элдердин арасында мындай чындык субъктивдүү чындык катарында - ал **кыргызда гана бар!** *Ал, **адегенде,** кыргызда жаралып анан кийинчирээк, атайын сайа+сат+тын негизинде көмүскөдө калтырылып, азыркыга чейин бурмаланган Теңирлик чындыгы! Мурда кыргыздын дили, тили, акыл-эси алгачкы системалуу илим-билимдикте болгон чындык! Мурда кыргыздын өнөрү, амалы, дили алгачкы системалуу илим-билимдикке негизделген системалуу маданийаттыкта, ошондуктан, ыймандуу маданийаттыкта болгон чындык! Мындай ыймандын мааниси азыркы диний ыймандын манисиндей эле. Чыныгы дүйнөтаанымдан ашкан **дин (чындык)** жок* дешкен илгеркилер. Туура дүйнөтаанымга келүү - Жаратканга ишенүү эмеспи. Анда ал ыймандуубу? «*Жаратканга чыныгы ишенген адам динге муктаж эмес*» делет азыркы «*Дил жолу*» китебинде. Кыргыздын туура таанымы адабийатта, теле-кинодо, сүрөттө, чыгармачылык жагдайларда туураа түшүнлүп, даңазаланса, азыркыдай кыргызга мүнөздүү болбогондор менен мактанбай. Эй, кыргыз, бирөөнү эрчибей, *баа жеткис өз байлыгыңды тааны, аны кыргыздыкы экендигин далилдеп жана кылып колдонуп сыймыктан*! Антпесе, башкалар өзүнүкү кылып колдонуп жүрүшпөйбү. «Чын эле ушундайбы?» - деп ойлончу.

***Дүйнөнүн жаңы илимий сүрөттөмөсүн* түзүү** менен гана азыркы адашкандардын объективдүү жана субъективдүү билимдер жөнүндөгү түшүнүктөрү такталмак, жашоо оңолмок..

Азыркы учурда кыргыз физиги Самат Кадыровдун Аалам жөнүндөгү ойлору баласы Д. Кадыровдун «От Живых Небес к Единому Полю» китебинде берилген. Баардык элдерди *ыйманга*

*келтирүү* аракеттери адаштырган ар түрлүү диндердин негизинде эмес илимдин жаңы парадигмасын түзүү менен гана ишке ашмак.

Кыргыздар башкалардай илимий таанымдын такталышын күтпөй эле *өзүнүн такталган Теңирлигине* келсе болот, анткени ал чындыктуу. <u>Ошентип, чыныгы дүйнөтаанымга: чыныгы динге</u> жана <u>чыныгы илимге</u> келмек, алгачкы деңгээлдеги тактыктагы.

Бар дүйнөдө ар нерсе аны курган курамалардын теңдештиктеринен эле турат. Ошондой теңдештиктердин гармониясы болсо ал жакшы, бузулса ал жамандыгына айланат. Ушул себептен тиричиликте күнүмдүк, өзүмчүлдүк кызыкчылыктар өзүнүнүн ченемине чейин эле болушу тийиш, азыркыдай глобалдуу болбой. Ошондуктан, кыргыздын системалуу дүйнөтаанымы жаранды ар бир нерседе теңдикти табуу менен системалуу мамиледе тиричиликтенүүгө үгүттөйт жана мажбурлайт. Кыргыз баланын бутун ак-кара жип менен тушап тушоосун кесип батасын берет. Себеби*, тиричиликте жарандын ар бир нерседеги теңдикти таба билүүсү* ***акылмандуулуктун белгиси, системалуу мамиленин белгиси***, б.а., кыскача, ***адамдыктын белгиси*** *делген.* *<u>Теңирлик ошондой теңдештиктер жөнүндөгү жана акылмандуулуктагы тиричиликке негиз болгон тааным.</u>* Баардыгы такталган *системалуу мамиледеги тиричиликке* келгенде теңдикти камсыздаган акылмандуулук үстөмдүк болуп, экономикада *жалпычылык* менен *жекечилик* кызыкчылар (ыкмалар) **тең** салымдуулукта эки карама-каршылыктардын теңдигин, гармониясын камсыздоо болуп, демек, бийлик менен акылмандуулукта (***калыстыкта***) чечимдер ишке ашырылып, *адилеттүүлүктү* камсыз кылмак. Ал эми адилеттүүлүк болсо *ынтымакты, ынтымак ырыстарды* жаратмак. *Бул Теңирлик дүйнөтаанымынан келип чыккан өнүгүүнүн туура стратегиясы эмеспи!* Ошентип, <u>**оңолуунун башы - туура дүйнөтаанымга келүү**</u>**.** Адегенде, жашаган чөйрөнү туураа таануу, анан эрежелери бойунча тиричиликтенүү. Азыр болсо минтүүнүн ордуна курулай ынтымактыкка чакыруу эле болууда. «1-Кыргыз

радиосу» күн сайын «ооздору айрылганча» катуу кыйкырышып, ынтымакка гана чакырышат. Муну элди бөлүп жарган партиянын «лидерлери» да уйалбай сайрашат. Алар минтип азыркы алдамчы башкаруучулардын «ырын ырдашып», элди адаштырышат.

Биздин Теңирликти туура өздөштүргөн Кытай кризиссиз эле өнүгүп жатканын түшүнчү адашкан кыргыз. Теңирлик менен Кытай илгертен бери тааныш. Себеби илгерки кытай императорлору түрк урууларынан болгону белгилүү (Лекция ACADEMIA проф. Маслова). Ал эми кыргызды буга чейин башкалар (адашкандар) атайын адаштырып башкаргандыктан биз **өзүбүздүн акыл-эсибизди, Теңирлигибизди** жээрип, адашып, алигиче ***өз акыл-эсибизге келип кире албаган*** **киргис** ***абалдабыз***.

Ошентип, **Теңирлик системалуу дүйнөтаанымындагы адам болуп жашоо** же, кыскача, **киши болгондой адам болуп жашоо кыргыздын идеологиясы** *болуп келген жана болуп кала бермек*! С. Иптаров айткандай, «*Кыргыздын бийиги –адам*». Мындай идеологияны дагы объективдүү аң-сезимдин логикасында өнүгүү идеологиясына шайкештикке келген өнүгүү идеологиясы, б.а., кыскача, **акылмандыкта өнүгүү идеологиясы**. Бизде элди бөлүп жарып адаштырган көп партия болбой, ***ушундай идеологияны ишке ашырган бир эле партия – Адам партиясы - керек.*** *Жарандын адам жана киши болуп жашашы – бул Жараткандын жаранды жараткандагы негизги максаты экендиги кыргыздын Теңирлик белгисинде да камтылган.*

Манас эпосунун философиясы жана Манас илими адам болуу, таануу илиминде камтылып, анын орчундуу жагдайы экендигин кыргыз түшүнүшү зарыл. Албетте, Манас илими Теңирди таануу Теңирлик илими менен байланышкандыктан, кыргыздын адам болуу идеологиясынын өзөгү дагы, ал кыргыздарды бириктирүүгө керек. Манас бөтөнчүлүгү менен кыргыз бөтөнчүлүгү түздөн түз тыгыз байланышкан. Муну Манасты идеология катарында көтөргөндөр да түшүнүшү керек. Ал эми адам болуу идеологиясы болсо Манас эпосундагы идеяларды, б.а. идеологиясын камтуу

менен, жалаң кыргыздын эле эмес, ар кандай элдердин жашоо-тиричилигинин баардык жагдайын камтып, баардыгын жөнгө сала турган идеология. *Ал жарандын ишке ашырылуучу эң алгачкы идеясы,* жөндүү *милдет-максаты!* Аталган кыргыз идеологиясы азыркы илимий терминдер менен **"системалуу дүйнөтаанымындагы баардыгына системалуу мамиле кылган жаран болуп жашоо"** – деп айтылмак. Садгурунун бул бойунча кызына айтканы: "*Никогда никого не превознеси и не страрайся быть лучше другого, но никогда никого и ничего не презирай. Тогда перед тобой откроется жизнь такой какая она есть*" (*Расширенное сознание*). Кыргыздын айтылышы баардык элдердин жарандарына тийиштүү айтылыш. Ошентип, ***кыргыз улуттук идеологиясы кыргыз мамлекеттик идеологиясы боло алат! Түшүнгөндөргө ал дүйнөдөгү адамзат коомунун идеологиясы.*** Башкаруу системасы элди бириктирген идеологияга гана негизделиши керек. *Ал эми көп партиялуу башкаруу системасы элди эч качан бириктирбейт.* Партиянын "лидерлери" "*разделяй и властуй*" деген империялык сайа+сат-ты Кыргызстанда ишке ашыргандар эле. Алар кыргыздын патриоттору эмес эле душмандары. Муну бетке ачык айтмайынча басыла тургандай эмес. *Мындай бийлик системасы кыргызды адаштыруунун, алдап башкарып,* **өзүмчүл байлардын бийликке келип дагы байуунун ыкмасы** *эле.* Бөлүп жаргандарды, алдамчыларды, алдым-жуттумдарды, акчага депутаттык орундарды сатып алгандарды парламент дегенге лидерлер чогултуп алар **кымбат багуусун** элдин мойнуна уйалбай илип салышты. Ушулар элдин кызыкчылыгы үчүн мыйзамды кантип жазышсын. Бул ыкма "карышкырга кой кайтартуу" эле. **Бул акмактык жорук! Ушуга макул болгон эл, кандай эл? Ойгон,** качанкыга чейин ушуга алданасың, чыдайсың Аларсыз эле мыйзамдарды жазса, тиричилик кылса болоорун элдин баардыгы дале толук түшүнө бербей жалпы бир чечимге келе элек. **Азыркы бийликти элдик бийлик деп айта албайбыз!** Депутаттар элдин атынан

сүйлөшмөй болуп, ишти айагына чыгарышпай өкмөтү менен 30 жылдан бери элди алдап эле жүрүшөт. Беш жылда кезектеги чала өзгөртүүлөрдү киргизишип, алдоосусун улам улантышат. <u>Элим, мындай бийлик структурасын толугу менен алмаштырыш керек. Бир гана жалпы элдик бийлик болуп эл гана башкарышы керек.</u> Ошондуктан, мындай парламентти жеринде элди башкарып, элдин арасында жашап анын кызыкчылыгын билген, алар менен аны чечем деп күн сайын тиричиликтенген, депутаттар эмес, эл гана шайлаган айыл башчылардан куралган Элдик Курултайга алмаштырса жөн болоор эле. Анын курамында дагы чарбанын ар тармагынын проблемалары менен иштеген окумуштуулар, мэрлер, улуттар ассемблеядагы ар улуттун жетикчилери кошулуп, чыныгы элдик башкаруу бийлигине татымак. Бул курамда проблемаларды тураа түшүнгөн окумуштуулар болгондуктан, кайсынысын азыр чечиш керектигин билген, элдин кызыкчылыгын ойлонуп убагында койгон, убагында Аткаруучу бийлик менен чечкен курам болот эле. Мындай курам **арзан чыныгы элдик бийлик** болмок, азыркыдай **алдамчы, адаштырган, жоопкерчиликсиз, чакан Кыргызстан үчүн өтө кымбат бийлик структурасы** болбой. Курултайдын такай иштеген чакан: <u>системалык анадиз жана стратегиялык өнүгүү, пландоо, юридикалык, элдик көзөмөл, жарандык арыздар</u> органдары болуп, өнүгүү пландуу түрдө гана болмок. Жарандардын арыздары бойунча баардык органдар күтүүсүз текшерүүгө алынып такай элдин көзөмөлүндө болот да кийин чечим кабыл алууга Элдик Курултайда талкууга салынмак.

Аткаруучу бийликтин кезектеги максаттарын Элдик Курултай аныктамак. Аны ашырыш үчүн керектүү мыйзамдарды аткаруучу өкмөттүн адистери, Курултайдын окумуштуулары, юридикалык органы менен жазышмак, аткарылышынын жоопкерчилиги да толугу менен анда болмок. Аткаруучу бийликтин иштеши анын **жетишкен жыйынтыктары** менен гана бааланмак. Баалоо бир жылда эки жолу: *жаз жарыш бүткөндө* жана *күз күрөш*

*бүткөндө,* курултайдын жыйынында жүргүзүлмөк. Баалоого жараша президентти алмаштыруу азыркыдай шайлоо кампаниясы менен эмес, Курултайга катышкандардын *көпчүлүгү менен **ачык добуш** берүү* аркылуу эле болмок. Эл билиши керек ким кандай добуш бергенин. Ошентип, алмаштыруу азыркыдай кымбатка турмак эмес, шайлоо махинациялары жоголмок, тандоо 5 жылга созулмак эмес, жетекчинин тазасы, ыймандуулугу да батыраак табылмак. Мындай бийлик системасы оңой алмашылгандыктан *авторитардык система* болмок эмес. Аны багуу элге арзан да болмок, азыркыдай өтө кымбат болбой, анткени, *премьер-министр институту, парламент, шайлоо комиссия шайлоо кампанисы менен, конституциялык сот жок болот (аны менен каралуучу суроолор Курултайда бекер жана так элдин кызыкчылыгында гана чечилет эч кандай кошоматчылык кылбай бирөөгө).* Канча каражат үнөмдөлөт? Дагы буга *коррупция менен* күрөштөн жана *туураа санариптештирүүдөн* түшкөндү кошчу. Каражаттарды дагы ичтен мыйзамсыз байыгандардан эле тапса болот. Мындай арзандатылган эл бийлиги *таза кадрлардан* да турмак. Себеби, айыл башчысына бирге жашагандардын ичинен тазасын тандап алыш жылдык жалпы чогулушта болуп, аны алмаштыруу да элдик чогулушта (депутаттары эмес) элге керектүү убакытта болмок. Ал эми бай гана катыша алган азыркыдай шайлоо кампаниясы менен региондон көпчүлүккө тааныш болбогонду, шайлоонун технологиясы тап таза болгондо да таза кандидат болот деп тандаш алдануу, анткени “**анын аласы ичинде**”. Буга азыркы текедей лидер сөрөйлөр менен түзүлгөн парламент күбө. **Кызматкерди аткарган ишинин жыйынтыгы бойунча гана баалаш керек**. “Бүтүн Кыргызстан” деген партиянын лидери Кыргызстандын бүтүндүгүн бүлүн-дүргөн жокпу? Депутаттар добушун, кол койгондор аны сатышпайбы? Алардын, лидерлердин соодадан тапкан пайдасын элдик казнага кайтарып, аларды мактап сыйлабай соттош керек. Мындай ыкманын кесепетинен алдануунун азабын эл беш

жылдай тартып эксплуата-циялык сазында кыйналат. *Ушундай жоруктардан жадаган жоксуңарбы, элим*? **Азыркы шайлоо системасы өзүмчүл-алдамчыларга акчанын күчү менен бийликке келип байууга, бийликтегилерге бийликте калып дагы байууга эле ыңгайлуу.** *Отуз жылдай партиялардын депутаттары, бийликтегилер мындай система-сын "улам жамачылап" коргошот, эми мурдагыдай болбойт деп карганышат*. **Мындай алдамчы шайлоо система-сын, элдин ынтымагын бузган көп партиялуулукту, анын азыркы көп бутактуу бийлик структурасын, кымбат багуу-дагы депутаттардан турган парламентти тап таза жок кыл-майынча Кыргызстан оңолбойт!** *Буларсыз эле жашаса болот.* Элди ушуларды жок кылууга чакырамын. Бийликтегилердин иштегени ачык болуш үчүн, маалымат каражаттарында эл оозундагылар сөзсүз Элдик көзөмөлдө органдын атайын теле-радио каналында такай берилип, текшерилип, Курултайда чечим алынып турулмак. Ошондо бийликтегилер калыс, ушактарды жаратпагандай болушуп элдин кызыкчылыгы үчүн иштемек. Азыркыдай бизнестегилерди көзөмөлдөө жойулуп, текшерүү дайыма эскертүүсүз болмок. Текшергендердикти Элдик көзөмөл органы кайра текшериши зарыл. Бизнес, баардык жумуштар элдин, Кыргызстандын кызыкчылыгында гана такай болсун.

Ошондо *башкаруу элдин көзөмөлүндө, кызыкчылыгында гана болмок, эңсеген чыныгы элдик демократия орноп, кыргыздын* ***Элдик курултай институту*** *баардык элдерге* ***үлгү*** *да болмок. Кыргыздын илгерки тукумдары Теңирликти илгерки дүйнөгө таратышса, эми анын такталган жаңы үлгүсүн дүйнөгө таратуу азыркы тукумдарынын тарихый милдети болмок!* **Азыркы макташкан демократиясы болсо *өзүмчүл топтун гана* кызыкчылыгы үчүн *ыңгайлуу шарттарды* түзгөн демократия**. *Мындай демократияны жана ага негизделген парламентти кыргыз бийлик системасынан алып салыш керек!* ***Азыркы парламенттик бийлик Элдик Курултай бийлиги***

***менен алмаштырылганда гана Кыргызстанда чыныгы таза оңолуу, чыныгы таза өсүү, чыныгы элдик демократия болот.*** Айыл башчыларынан куралган Элдик Курултай гана тазараак болмок. Себеби, тандалган элдин арасында жашайт, «**аласы**» бат билинет, аны **алмаштыруу элге оңой жана тез, арзан турат**.

Азыркы кыргызды адаштырган-билермандар «*биз демократияны, парламентизмди орнотуп жатабыз деп*» - уйалбай сайрап мактанышат. Мындай алдамчы сабатсыздар Саи Бабанын айтканын билишпейт: «***Демократия, как система управления, когда у власти находятся* (өзүмчүлдөр:) *вайшьи (торговцы, частные бизнесмены) и шудры (частные работники,) – это провал. Они руководствуются жаждой наживы любой ценой, невзирая на справедливость, что ведет к процветанию коррупции и эксплуатации***» (Пророчества Саи Бабы). Бул аватаранынайткан. Ошондуктан, айтылыш талашсыз чындык!

Азыркы биздеги демократиялуу башкаруу системасы Саи Бабанын айтканын далилдеп, өзүмчүл демократтар 30 жылдан бери карапайым элди сөз менен алдап, эл алардын кымбат бийлик системасына, депутаттардын кымбат иштөө-жашоосуна кыйналып эле келе жатпайбы. *Азыркы парламент алдым-жуттумдарга гана ылайктуу, ал эми калган проблемаларды чечпөөгө ылайыкталган мыйзамды жазуучу гана орган!* Алардын өздөрүнө түзүп алган элди эксплуатациялаган шарттары КТРКда 23.02.15 (Азаттык, 28.02.15) айкындалды. Буларга айлыкты эл койушу зарылдуу. Сизодогуларына миллиондоп айлык беришет. Текебаев муну азыр эмес кийинкиде жойобуз дейт уйалбай. Элди ойлогондор-дон болсо минтишмек эмес. Түзүлгөн шарттар үчүн кылмыш иши козголбосо, анда *ар бирин жер-жерлерде элдик сотко салып жасаган иштери, аларга кеткен элдик каражаттар бойунча соттош керек*. Бийликтегилерге сабак болуш үчүн арам чогул-тушкан миллиондорун бюджетке кайрыш керек. Сырткы карыздарды төлөш үчүн элден акча чогултпай, мурдагы президенттерден, премьерлерден, лидерлерден, депутат

деп акыл менен тил берип ага, адил жүргөндү үйрөнсүн деп амал, өнөр, дилди кошумчалап, дагы Ааламдын циклдүү эволюциялык өсүшүнө анын жаны шайкештүү түрдөгү өзгөрүштөргө да келгендей болсун дегендей болуп ***а****+дегендеги* ***дем*** *менен* ***даам****+дуу топурактан жандуу жаратма жаратылгандыктан,* анын ысмы **а+дем=>а+даам=>а+дам** - деп кыргызча аталган эле эмеспи. Жансыз жаран аң-сезимине келгенде тирилет, б.а. 1 **а**(дегендеги) *жансыз*га + аң-сезими (нин **дем**и кошулганда) = (келгенде тирилип) 1 *жандуу* **а+дем=>а+дам** болуп жаралат. Жарангга жан Теңирдин объективдүү аң-сезимиинен берилип, анын субъективдүү аң-сезими болуп калыптанат. Жарандын жаны Ааламдык структурадан – жаран Микрокосмос. Жаран өзүн таануу - бул жанын таануу. Аны менен ал Жаратканды таанымак. Жаран жанын ушундайча таанып аң-сезимин тууараа системага келтиргенде оорубай баштайт, анын мүмкүнчүлүктөрү ачылып өсөт. Ошентип, башка тилдерде "Адам" терминдин логикалык жорулушу кыргыздыкындай болбогондуктан ал кыргыздын сөзү деймин жана кыргыздар Адам-атанын түз тукуму эле деймин. Буга дагы бир факт. Кайлас(ш) тоосу жакта жашап кыргызча сүйлөгөн эл бар. Алар кыргыз эли бар экенин билишпейт, бирок он эки күн айтылып, Ааламдын, кишинин жаралышын камтыган "**Теңири махабат байаны**" деген эпосу бар. Цивилизациядан артта калган, бирок бизге караганда бузулбаган **аруу эл.** Алар колдонгон свастика белгиси кыргыз уруусу колдонгон белгидей солго айланат (*немецтики оңго*). *(Улутман. Кайлас тоосу).*

Объективдүү аң-сезимден гана **таза чыныгы**, **акылмандуу гана, ойлор** жаратылып жаранга берилээрин азыркы контактерлордун алган билимдери менен да ырасталууда. Андыктан, **Акыр замандын** *алданып-адашуусунан жана проблемаларынан кутулуш үчүн, адегенде,* кыргыз азыркы *Шиповдун илимий теориясы менен тактала баштаган* ***Жараткан жана объективдүү аң-сезим түшүнүктөрүн камтыган туура дүйнөтаанымга*** *(такталган Теңирликке) келиши керек. Анан гана ага тийиштүү*

***акылмандуулукка келүү*** менен ***акылмандуу жетекчиликке келип жашоонун жаңы философиясын, идеологиясын (Теңир***лик идеологиясын***) кабыл алуу*** *керек. Анан ага тийиштүү* ***жаңы архитектурадагы арзан*** *жана* ***жоопкерчиликтүү башкаруу системасын*** *(т.а. бир гана Элдик Курултай бийлигин) жаратуу менен* ***акылмандуулукка багыттоочу билим-тарбия берүү жаңы системалуу системасын жана маданийаттыгын калыптандыруу*** *менен* ***акылмандуулукка негизделген адамгерчиликтүү кишичилик тиричиликтенүүнү*** *калыптандыруу болмок.* **Тууараа жашайын** деген жаран, **адегенде,** жаңы **тууараа дүйнөтаанымга келиши керек** дагы, анан гана андан туунду болгондорун тактамак. Ошондо **кызыл кан төгүү** менен коштолгон 30-жылдык бардак-демократиялуу жашоонун туусу жана герби **жаңы аң-сезимге** келип, ***жаңыча көгөрүп, жашап*** **өсөбүз** деген *элдин жаңы туусу* жана *жаңы герби* менен алмаштырылбайбы. Аталган *концепциялар толугу менен жарандын* жаңыча жазылуучу анын конституциясында да так берилиши *зарылдуу.*

Азыркы 2021-жылдын февралына талкууланып дайардалган конституциянын долбоорунда жогоруда аталган маселелер каралганда эмес. Адашкандык жана жаңы тууараа дүйнөтааным керектиги түшүнүлгөн да эмес, ошондуктан, долбоор байагы эле адашкандыктын дагы бир долбоору болуп, чала долбоор болду. Бул долбоор менен дагы бир беш жыл “тытышкандардын сазына батып чардап”, элдин каражаттарын **бекер жегендик** болот. .

Азыр ар бир кыргызга*, адашуудан чыгуу, алдануудан арылуу (ютуб Эгемен доорунда адашуу 1-3) менен* ***өз «Кыргыз жолуна»*** - Тенирлик таанымындагы эрежелер менен Элдик Курултай жетекчилигинде жашоо жолуна - келүү өтө зарылдуу. Минтүү мүмкүн экендигин Көчмөндөр Ой+у(ю)н+дары дүйнөгө да айкындабадыбы. Албетте мындай тиричиликте *экологияны бузбаган жаңы технологияларды гана колдонуу* менен келечектүү жашоо камсыздалмак. Азыр байыйбыз эле деп уу заттар менен жер байлыгын алуу, айыл чарбада жерди уулантуу, гендери

бузулган уруктарды колдонулганда келечек жок. Азыр дүйнөдө "*идет тихая генетическая война, которая взрывает (убивает) нас снутри*" (*ютуб. Идет генетическая война. Гаряев П.П.)* Ушундай шарттагы биз максатыбыз: 1)Тенирликти тактап колдонууга алуу; 2) Баардык жумуштар экология кызматынын уруксаты менен башталып, көзөмөлүндө такталып жүргүзүлүшү керек.

Ошондуктан, мен **президентке, парламентке** 2015 жылы эле китебимде кайрылганмын. Эгерде *чын эле эл үчүн иштесеңер, алдамчы болбосоңор*, анда парламент **китепте аталган курамдагы Элдик Курултайды мыйзамдаштырып**, **бийликти ага, элге берип**, жана жаңы президенти тандасын деп өзүн тап таза жойбойбу да, президент да ага макул болбойбу. Мындай ыңкылап-экспериментти *элдин кызычылыгы үчүн тынчтыкта өзүңөр ишке ашырбайсыңарбы*. Ал азыркы шайлоодой каражатты бекерге чачпайт. Адегенде, **Теңирлик системалуу дүйнөтаанымын** *тактап кайра кабыл алуу* менен бейпилдикти жаратуучу адилетүү **Теңирликтин теңдик заңын** *экономикада, жашоодо* **киши болгондой адам болуп жашоо акылмандуу Теңирлик идеологиясын** *киргизип,,* аны **Адам партиясы** менен ишке ашырып, баардыктын *оңолушуна жана туураа өнүгүүшүнө* сөзсүз шарт түзүлүп, баардыгында жаңы *системалуу мамиле* камсыздалып, **оңой алмаштыруучу, *жооптуу, арзан, жалпы элдин көзөмөлүндөгү башкаруу бийлик системасы*** жаратылмак. Элдин талаптары окумуштуулардын кеңеши менен такталып, дайыма алардын көзөмөлүндө кабыл гана алынып ишке ашырылмак. Демократиялуу башкаруу *азыркыдай **өзүмчүл топтун*** башкаруусу болбой, **чыныгы демократиялуу башкаруу жалпы элдик гана болот** деп, чыныгы **Элдик бийликти** киргизип сыймыктана алат элек. Чындыгында эле, даңкталуучу ***кыргыздын улуулугу*** эми ошондо гана чыга баштабайт беле. Бирок, бул ойлор колдоо таппады. Себеби, чечим алуучулардын ойлору бузук жана тайкы, алар адашкан таанымдагы билермандар жана **калган жалпылык дагы ошондой.** Кыргыздын

улуулугун жараткан анын таанымында экендигине маани беришпей, өзүнүн Теңирлик таанымын жээрип жүрүшпөйбү. *Теңирликти чангандар кыргыздын душманы!* Азыркыдай курулай соз менен кыргыздын улуулугун мактабай бул таанымга келип, адашкан ан-сезимди өзгөртүү менен жетекчиликке алып, андан кийин гана технологиялык азыркы шарттарга ылайыктуу ишке ашырып, жашап мактаныш керек! Теңирликтин кылымдарда сыналып ырасталган кыргызчылык салтын жаңы жашоо чөйрөсүнө ылайыкташтырылган экология менен гана мактанса болот.

Мына эми 2020-жылы 4- октябрда дагы революция болду. Мен фейсбукка кризистен чыгыштын **радикалдуу чыгашасыз жолу** жөнүндө макала жарыйалап сунушту кайталадым. Реакция жок. Сунуш 23-октябрда президенттин сайтына *e-mail: pisma-@mail.gov.kg* дареги бойунча да жиберилди. Жооп дагы жок.

Түзүлгөн жагдайдан чыгыш үчүн көп мен менсинген «билермандар» сүйлөштү, бирок элдин башын эле айлантышты. Себеби, алардын баардыгынын сунуштары каталуу сунуштар. Анткени, алар **эски жалпы элдик эмес болгон бийлик структурасын** «*жамачылап*» оңдоп койу менен эле чектелишип, **азыркы өзүмчүл башкаруу топтун кызыкчы-лыгы** үчүн гана жазылган мыйзам талаасына калышын каалаган аракеттер менен **азыркы бийликтегилердин байуу тиричи-лигин улантуу айлалары** эле. Дагы эле элди алдап адаштыруу атайын сайасаты улантылды. Ал эми чындыгында, **проблеманын маңызы – бул бийликтин коомду башкаруу бойунча эски, алдамайдын, ызы-чуунун булагы болгон эле ыкмаларынан: шайлоо, депутат, парламент, көп партиялык, көп бийликтик** *деген ыкмалардан* **тап таза кетүү менен жаңы жалпы элдик бийлик структурасын түзүү эмеспи** эле. Азырынча проблеманы ушундайча түшүнгөн кыргыз жокко эсе, элдин кызыкчылыгы эмес топтун кызыкчылыгы үчүн жазылган мыйзамдарынын талаасынан чыгып жаныча ойлонолук дегендик элде тап таза жок. Ушундай баш-аламандыктын кесепетинен 18 ноябрда жаны кон-

ституциянын долбоору сунушталды. **Ал да чала: элдик бийлик жок**. Курултай президент менен чыкырылат, сунуш кылууга эле дарамети бар жана эски бийлик ыкмалары, **өзүмчүлдөрдүн байуу бийлик системасын** эптеп сактап калуу соодасы эле сунушталган. *Элдин кызыкчылыные приоритеттүү кылып* проблеманы чечели деген жок. *30 жылдан бери чечилбей сасыткы болгон сасыган проблемаларды талкулоо эле болуп жана сасыткы кылгандар менен иштөө эле улунтылууда*. **Экөөнен тең: *проблемаларды сасыткы кылган азыркыдай бийлик структурасынан жана анда иштеп пртписка менен сасыткы кылган алдым-жуттум кызматчылардан* тап таза кутулмайындынча биз оңолбойбуз!** Сасыткы кылган-соодагерлердин айыбын элге ачык айтып, уйайталык фактылар менен, иштетпей кызматта, баардыгы билсин кимдин ким экенин. Антпесе алар дале трибуна-экрандардан: ким бийликте болбосун мен дайыма позициядамын деп кошоматчылыгы менен же мен оппозициядамын дайыма дешип соодачылыгы менен байышканына мактанышып *адашкан кыргыздарды ошондой эки жүздүү тиричиликке эле чакырышат*, Бизге **жалаң таза жаштардан турган гана жаңы бийлик структурасы** зарылдуу!

Колдонулган конституцияда «**эл бийликтин башаты** (источниги)»-делет. Анда бийликти жараткан эл өзү гана аны башкарып ишке ашырсын, бирөөлөргө берип койбой!!! Бирөөлөргө берип койу адамдын акылына сыйбаган акмактык жорук, чыныгы маңкурттук! Азыркыдай *башкаруучулардын* пайдасынан зыйаны көп: 3 жолу кан төгүү, жок жерден чоң бүлүндүрүүлөр болду. Ушуга себепкер болгондор убагында жоопко тартылышса азыркыдай какшашпай ооздору жуп басылат эле жана азыркыдай «жамачылоо» жоруктары болбойт эле. Мына акыркы 3-революцияга себепкер болгондорду дагы таап күнөөгө тартсак азыркыдай диалог-базар-шоулор уланбайт эле. Элдин көпчүлүгү *мындай эски бийлик структураны тап таза жок кылыш керектигин, **бийликти эл өз колуна толугу менен алып, эч ким***

***менен бөлүшпөй, өзү гана жоопту болуп жашашы керектигин дагы эле толук түшүнө элек.***

Түзүлгөн жагдайдын проблемаларын чечиш үчүн **жазылбаган мыйзамды** колдонуубуз керек эле. *Ал колдонулган мыйзамдык талааны бузуп чыгып маселени чечүү*! Бул мыйзам таанууда кенири колдонулат, "*бул мыйзамсыз аракеттер*" деп *какшаган билермандарга, венециялыкчыларга жооп*. Анын негизинде *жаны мыйзам талаасы жаралып, проблема чечилет*, анан ал бойунча тиричилик уланат. Проблеманын жаңыча чечилишинде, Жараткандын уруксатынан башка, бирөөлөрдөн эч качан уруксат суралбайт! Мындай жазылбаган мыйзамдуу жол бойунча аталган радикалдуу чыгымсыз сунуш дагы президенттик шайлоого чейин да, андан кийинки парламенттик шайлоого чейин да кайталанмак. Бирок сунушту бийлик менен байышкандар уккусу жок.

Мыйзамды *кымбат багуудагы депутаттар жазышмак*. Аны маселеге тийиштүү өкмөттүн адистери жана Курултайдын юристери, окумуштуулары бекер эле жазышса эмне болмокчу? Парламенттин өзүмчүл депутаттары менен жазылган мыйзамдардын баардыгы коррупцияны жараткандай, бизнестеги, бийликеги уурулуктарды элден жаап жашырууга ылайыкташтырылгандай болуп жазылгандыктан 30-жылдык *бардак* болуп келди эле эми дагы да уланталы дешет да ошол эле уурулар. Капитализмдин идеологиясы менен бардак-базар жашоосунда эл жашап эксплуатациялык кыйналууда. Эми эске келип, ата-бабаларыбыз колдонгон *Теңирлик идеологисын* жетекчиликке алып *адилеттүү жашоого Элдик Курултай менен келбейбизби*. Мындай жашоого азыркы бийлик менен бузулуп 30 жылдык бардактын пайдасын көргөндөр эмес жаш таза мекен-чилдер менен элдин өзү гана Курултай бийлигин орнотушу керек. **Эл ойгонуп**, Курултай бийлигинин орношуу менен жазылуучу жаңы конституцияда болуучу негизгилери булар эмеспи. Кыскача:

1. Жаран жашаган чөйрө жөнүндөгү туураа билимге ээ болушу керек. Ошондо гана анын жашоосу туураа жана келечектүү.

Андыктан кыргыздын Теңирлик таанымынын такталган маалыматтары болушунча берилиши керек. Анын үстүнө муну ырастап Жаратканды, аң-сезимди *камтыган* илимий маалыматтар азыр пайда болдууда *(https://kk.convdocs.org › docs › index-15930)*

Кыргыздар таанымын такташ үчүн өзүнүн **Теңирлик таанымын** эстеп, аны бурмалаган жалган түшүнүктөрдөн тазалап, жаңы илимий жетишкендиктер менен толуктуп тактап чыгышыбыз эле керек.

Объективдүү аң-сезим бар, анын ээси кыргызча - **Теңир,** арабча - **Аллах. Объективдүү ан-сезим ээси Жараткан Теңир менен өзүнүн сырдуу татаал талаалуу структурасында баардыгын энергиядан жаратып, бүт жаралган Ааламды кучагында камтып, жан-жаранга ырыскысын берип, баардыгын башкарып турат.**

Азыркы учурда афган математиги Мохаммад Сидик Афган Аллах берген сырдуу ырыскысы менен дүйнөнү таң калтырууда. Мисалы, ал математика тилинде **Жараткандын бар экенин далилдеп чыгыптыр** (*ютуб. Сидик Афган. Встреча в Сочи 9 ноября 2021*). Мен бул видеону апрель 2022-жылы көрүп, бирок берилген убакытка байланыштуу ал шашкандыктан анын акыркы жыйынтыктоочу айтуулары кыскача болгондуктан бүдөмүк түшүнүксүз болуп калган эле. Бул менин ойум. Ал эми окурман видеону көрүп жыйынтыкты өзүң чыгар. Мен кийин кыргыз дүйнөтаанымы менен анын ойлорун жоруганда гана анын ойлору толугу менен түшүктүү болду да жана мен бул китепте жасаган божомол дагы толукталып чындыгы ырасталгандай болду. Мен бул жөнүндө кыскача кошумчаларым менен келтирдим.

Математика тилинин алфавитинин негизги тамгалары: 0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9. Ар бир мындай **тамга-код** менен кандайдыр бир **сыр** байланышкан. Андыктан ал сыр - **сыпра – цифра** деп эле аталып калган эмеспи. Негизги сыр бул объекттердин санын байандоо. Ошондуктан, математикада мындай тамгаларды колдонуу менен, адегенде, тилдин фразалары – **сандар** (бир же бирнече цифралардан куралып, объекти саноо жана сыпатоо үчүн колдо-

нулат) анан арифметикалык амалдарынын белгилери менен бириктирилип алгачкы жөнөкөй математикалык **сүйлөмдөрү–формулалары (туйутмалары)** жаратылат. Алар менен сандарды колдонуп эсептөө амалдарынын жүргүзүлүшү менен кишинин практикалык амалдары байандалат.

Мисалы, төмөндөгүдөй чексиз суммалоо туйунтмасы менен:

0+1+2+3+4+5+6+7+8+9 + 10+11+12+..........

объекттерден турган көп топтогу объекттердин *жалпы санын (суммасын)* эсептөө менен анын *көбөйүшүн же азайуусун* айкындаса да болот.

Биз 0+1+2+3+4+5+6+7+8+9 деген туйунтмасын эле карагоо алалы. Анткени, нумерология бойунча 0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9 цифралары (сыпралары) менен табийаттын негизги сырлары коддолуп байандалып колдонулат. Ал эми булардан курулган сандар алардын сырларынын модификациялык варианттарын камтып көрсөткөн коддор эле болот деп эсептелет. Ошондуктан, колдонулган математикалык моделде ушул цифралардын колдонулушу эле каралат. Алынган туйунтмадагы 0, 2, 4, 6, 8 – **жуп** сандар, ал эми !, 3, 5, 7, 9 – **жуп эмес** сандар деп математикада аталат.

Тандап алынган туйунтмадан мыйзамченемдүүлүктү табыш үчүн төмөндөгүдөй **математикалык модель** – *магикалык квадрат* – колдонулган.

Магикалык квадрат

| 12 | | 12 | 12 |
|---|---|---|---|
| | 5 | 3 | 2 |
| 12 | 7 | 1 | 4 |
| | 9 | 8 | 6 |
| 12 | | | |

Дингир идеограммасы менен окшоштугун, айырмасын тапкыла. Кандай табийгый сырлардын түшүнүктөрү байандалган, ойлончу.

Салыштыруу үчүн



ДИНГИР -
Шумерлердин Көк Асмандагы Жаратканды жана анын сырларын байандаган **идеограмма** –

| | *түшүнүктүн шарттуу сүрөттөмөсү* |
|---|---|

Бул моделде 1 сыпрасы-цифрасы квадраттын так ортосунда, калгандары көрсөтүлгөндөй жайгаштырылат. Ошондо бул модель бойунча бирден башталган 1+3+5+7+9 суммасы каралып, төмөндөгүдөй мыйзамченемдүүлүк табылат:

$$S1_2 = 1+3= 4 \Rightarrow \mathbf{2}^2$$

$$S1_3 = 1+3+5 = 9 \Rightarrow \mathbf{3}^2$$

$$S1_4 = 1+3+5+7= 16 \Rightarrow \mathbf{4}^2$$

$$S1_5 = 1+3+5+7+9= 25 \Rightarrow \mathbf{5}^2$$

.......

$$S1_k = k^2$$

Ал эми 0+2+4+6+8 туйунтманын маанисин эсептөөдө модель бойунча 1ди катыштыруу менен анан катыштырбоо менен өзүнчө эсептөөнү жүргүзүп көрөлү. Бул учурда төмөндөгүдөй мыйзамченемдүлүктөр табылат.

| Суммалоого 1 катышпаганда: 0+2+4+6+8 | Модель бойунча суммалоо 1ден башталганда: 1+2+4+6+8 |
|---|---|
| $S2_1 = \mathbf{0}+2 = 2 = \quad \mathbf{0} + \mathbf{1}^1+\mathbf{1}^2$ | $S3_1 = \mathbf{1} + 2 = \quad \mathbf{1}^0 +\mathbf{1}^1+\mathbf{1}^2$ |
| $S2_2 = \mathbf{0} + 2+4 = 6 = \quad \mathbf{0} + \mathbf{2}^1+\mathbf{2}^2$ | $S3_2 = \mathbf{1}+ 2+4 = 1+6 = \quad \mathbf{2}^0 +\mathbf{2}^1+\mathbf{2}^2$ |
| $S2_3= \mathbf{0}+2+4+6=12= \quad \mathbf{0} + \mathbf{3}^1+\mathbf{3}^2$ | $S3_3 = \mathbf{1}+ 2 +4+6= 1+12 = \quad \mathbf{3}^0 +\mathbf{3}^1+\mathbf{3}^2$ |
| $S2_4= \mathbf{0}+2+4+6+8=20= \mathbf{0}+ \mathbf{4}^1+ \mathbf{4}^2$ | $S3_4 = \mathbf{1}+ 2+4+6+8 = 1+20 = \mathbf{4}^0 +\mathbf{4}^1+\mathbf{4}^2$ |

Мындай эсептөөлөрдү жалпылап берип жазганда

$$S2_n = \mathbf{0 + n^1 + n^2} .$$

$$S3_n = \mathbf{1 + n^1 + n^2 \Rightarrow n^0 + n^1 + n^2}$$

деген формулалар жазылат.

Мындай формалдуу берилиштеги 1 жана 0 деген коддордун сырын түшүнүш үчүн 1+0=1 деген математикалык формуланы колдонуп аны кайра

$$S3_n = \mathbf{1 +0 + n^1 + n^2 = 1 + n^1 + n^2 = n^0 + n^1 + n^2}$$

деп жазалы. Бул формалдуу берилиштерде нөл (**0**), бир (**1**) жана тамга **n сан маанидеги, сан сырындагы коддор**. Алардын

колдонулуусунда математика тилинде **1+0=1** кошуу операциясы аткарылды жана **1** = **$n^0$** деген математикалык формула колдонулду. Алардын негизинде амалдарда мыйзамченемдүүлүк толуктанып, жалпылап бир формада берүү мүмкүнчүлүгү **жаратылып** тийиштүү жазуулар табылды. Китепте 0, 9, 1 цифралардын кээ бир башкача сырлар менен байланыштырылып колдонулушун караганбыз. Мындай математикалык берилиштер-деги коддор менен дагы кандай сырлар камтылышы мүмкүн?

Мисалы, тирүүлүк табийатта 1 (бир **жансыз жаран**га (жаратылуучуга)) + 0 (көзгө көрүнбөгөн анын субъективдүү аң-сезими келип кошулганда) => (**жаралат**) 1 (бир жансыз жаран тирилип **тирүү жаран** (жаратуучуга айланган) – жаңы сыр-сыпаттагы жаран – **жаралат**) эмеспи. Бул чындыктуу айтылыш математикада формалдуу түрдө 1+0=1 деп барабардыкта кошуу операциясы (+) менен берилип, бирок коддордун, операциялар-дын мааниси башка сырлар менен байлаштырылууда. Матема-тикалык мындай берилиштеги барабардык (=) белгини мындан кийин "*жаратат же жаратылат*" деп окусак түшүнүктүүрөөк, ошондуктан тууурараак болот, себеби *кандайдыр бир процесстин жыйынтыгынын жаралышы байандалууда*.. Мисалы, жогору-дагынын окулушу: *1ге 0-нөлдү кошкондо 1 жаратылып жатат* же *1дин азыркы маанисине 0дүн мааниси кошулганда жаңы маанидеги 1 жаратылып жатат* же, кыскача, *1ге 0дү кошуу операциясы 1ди жаратат* же *0 бирдемеге кошулушу менен эмнеге кошулганы же эмнени катып жатканы ачык болуп жарыйаланат* десек да болот. *Бул учурда 0 аң-сезим сыйактуу касиетке ээ болгондой каралып, кандай нерсеге барып кошулганын ачыктап ал айтып жаткандай*. Мохаммад Сидиктин "0 прячет 1, как стена "-деп атканы ушундан болсо керек. Дагы ал айтат цифралык коддор менен сан мааниден башка сырлар байланыштырылганда математикалык формалдуу жазылыш 1+1=1 тууураа болуп чыгышы мүмкүн, мисалы, 1океан мааниде + 1 океан мааниде = (жаратат) жаңы 1 ди океан

маанидеги эле же 1 эркек мааниде + 1 ургачы мааниде = (жаратат) жаңы 1 ди бир үй-бүлөө маанидегини

Ошондой эле **1** = **$n^0$** дегендеги 1ди жана **n** ди башка сырлар, амалдар менен байланыштырып башкача окуп түшүнсө да болот. Мисалы, анын окулушунун туураасы мындай эмеспи: **Жараткан (*1) жаратат n*** *чи этаптагы* ***жаратылуучунун (объектби, процессби) 0***-*нөлүнчү даражада болгон* ***ойдогу үлгүсүн*** *( көзгө көрүнбөгөн вариантын, т.а.* ***ойдогу моделин)***. Коомдо жаран (1) мындай касиетке ээ эмеспи жана анын практикалык аракеттинде минтүү сөзсүз дайыма биринчи болуп аткарылуучу чыгармачылык амал-тажрыйба эмеспи. Анан ал **($n^0$ чү ойдогу үлгү бойунча => (жаратат) n чи этаптагы 1 чи жаратылуучуну, кыскача, $n^0$=1)**. Ал эми Ааламда мындай мүмкүнчүлүккө ээ бир гана Жараткан болушу мүмкүн, себеби ал Ааламдагы жалгыз объективдүү аң-сезимдин жалгыз жандуу ээси. Демек, мындайча окулушта биз **1ди сандын коду эмес, Жаратканды сыпаттаган математикалык код** деп түшүнүп колдонушубуз дагы мүмкүн.

Ошентип, $S3_n$ деги математикалык формалдуу **1+0=>1<=>$n^0$** берилиш менен, адегенде *0 менен катылган тирүү 1ди (Жаратканды),* аныктоо, анан *Жараткан* (1) менен *кандайдыр бир жаратылуучунун ойдогу үлгүсүнүн жаратылышы жана кайра ал* үлгү бойунча **жаратылуучу (1)** жаратылаи делет. Акыркы *болсо "****дүйнөдө*** **Жараткан (1) жана жаратылуучу *(1) бири-биринен ажырагыс*"** *бирдикте дегендикти байандайт.*

Ошондуктан, колдонулган математикалык моделде 1 коду модель бойунча эсептөөлөрдүн (процесстин) башында туруп Ааламдагы объекттердин жаралышын алар менен байланышкан процесстердин аткарылышын туураа моделдеп байандагандыктан *Жаратканды‌н бар экендиги модель менен далилделгендей..*

Ал эми $S2_n$ деги 0дин маанисинин жоруулушун кыргызча интерпретация болгондо айталы.

Жаратканды‌н бар экендигине моделден табылган крест белгиси да көмөкчү. Ал суммасы 12 болгон маамыча жана сап

менен жаралган. Алардын кесилишинде кресттин борборунда 1 коду турат. Чыгыштагы жорулуш бойунча кресттин борборунда турган Жараткан менен дүйнө жаратылат жана дүйнөнүн төрт тарабына анын ырыскысы бирдей чачылат. Бул моделде Жараткан 1 менен коддолуп крестин борборунда, ал эми ырыскынын бирдей берилиши 12 деген математикалык сан код менен байандалууда. Крест менен дагы Жараткан ырыскысын берүүнү жок кылуу менен жаралган дүйнө алгачкы калыбына келет делет, б.а. кресттин төрт багыты кыскарып борборго – бир чекитке – бир Жаратканга 1ге кайра келип жыйылат дегендик. Муну менен математикалык модель крест модели сыйактуу Жаратkандын коду 1 дүйнөлүк процесстин башталышында турганы кыйыр айтылууда эмеспи.

Эми мен колдонулган математикалык моделди Теңирликтин таанымы менен жана китепте мурда айтылган божомол ойлор менен байланыштырып интепретациялап, кыргызча жоруп көрөйүн.

Аны үчүн моделде колдонулган 1, 0 цифраларын жана алардын 1+0=1 берилишинде колдонулушун **сан** маанисиндеги коддор менен байланыштырбай башка сыр, сыпат менен байланыш-тырып жорумакмын. Мисалы, 1 ди "**.жалгыз**", **0** ди "**көзгө көрүнбөгөн**" деген сыпаттар менен.

Азыркы жарандарда биз *аң-сезим менен энергиянын чөйрөдүндө* эле жашайбыз деген ой таанылып калыптанууда. Муну окумуштуу физик Г. И. Шипов, Саи Баба, мистик йогин Садхгуру айтышат жана илгерки чыгыштык эзотериктер илгеритен бери жазып келишет Мен бул китепте эки карама-каршылыктардын биримдигинен куралгага бул дүйнөдө объективдүү жана субъективдүү аң-сезимдер бар деп келем. Табийаттагы объективдүү аң-сезим субъективдүү аң-сезим сыйактуу талаалуу структура болуп, көзгө көрүнбөйт. Ал жалгыз жана анын жалгыз ээси бар. Анда эми биз 0ди "*көзгө көрүнбөгөн объективлүү аң-сезим*" менен байланытырып коддосок жана

анын “*жалгыз ээсин*” 1 менен байланыштырып коддоп колдонуп көрөлү. Анда **1+0=1** деген математикалык тилдеги жазылыштагы 1ди (объективдүү ан-сезимдин **жалгыз ээси деп**) + 0дү (**жалгыз** объективдүү ан-сезим деп) = 1ди (эми аны объективлуу ан-сезимдеги **жалгыз Жараткан** деп) жоруса болот да, анткени 1ге аң-сезим кошулуп анын сапат-сыпаты өзгөртүлдү да. Миаслы тирүү жандуу болду. Мурда моделде 1 жана 0 цифралары объектин **санын** билдирген мааниде колдонулса, эми аларды биз дагы бир башка **маанилүү сыр** менен байланыштырып колдонуудабыз. Ошондо менин бул китепте жасаган божомолумдун, тактап айтканда, дүйнөдө жалгыз объективдүү аң-сезим бар, анын жалгыз ээси бар – бул тирүү Жараткан жана алар кишинин көзүнө көрүнбөгөн энергиялык структуралар деген ойумдун тууралыгы математикалык модель менен ырасталгандай.

Ошентип, Мохаммад Сидик Афган айткандай Жараткандын бар экендиги математика тилинде колдонулган математикалык моделдин так эсептөөлөрү менен табылып далилденүүдө. Сөз менен айтылганды танса болот, ал эми так математикалык эсептөө менен табылган жыйынтыкты тана албайбыз да.

Ошентип, чындыгында эле, **Аалам дүйнөсүнүн маңызын кыскача так айтканда, ал аң-сезим талаалуу структура жана анын ар бир чекити ээн эргиген чексиз энергияга толгон (**Г. И. Шипов**) эле кара чекит.** Мындай аң-сезим **жалгыз**, ал **ээсиз жашабайт, анын ээси жалгыз Жараткан, кыргызча ысмы Теңир.** Экөө тең жарандын көзүнө көрүнбөгөн **Жок дүйнө**. Эң илгерики эл болуп, башынан бир нече Акыр заманды өткөргөндүктөн кыргыз ушундай фондо

***Дүйнө Жоктон Бар болуп,***
***Туула берет турбайбы.***
***Кайра Бар да Жок болуп,***
***Кубула берет турбайбы -***

деп айтып келген. Ошондо, Жок дүйнө – **жаратуучу**, ал эми Бар дүйнө – тирүүлүктөгү каталарды **жандыруучу** дүйнө. Бул төрт сап сөз айтылышы кыргыз Теңирлик дүйнөтаанымынын философиясы, дүйнөнүн сөз менен берип байандаган кыска модели. – **сөз модели**. Бул сөз модели илгерки чыгыштык модели делип **крест графикасы** менен сүрөттөлгөн сөз моделге мааниси жагынан шайкештүү модель. Айтылыштын маңыз-сыры жаратуунун белгиси болгон цифра 8 де камтылган.

Мындай сөз моделиндеги философия менен жетектенип мусулман болгон кыргыз, Бар дүйнө адамдай болгон киши жараны үчүн жаратылганын, ага ырыскынын баары Жараткандан болоорун түшүнүп, Теңирлик дүйнө танымындагы адамгерчиликтүү кишичилик тиричиликте гана империялык амбициясыз жашоого тырышып аракеттенген эмеспи кылымдар бойу.

Бар дүйнө эки нерсенин карама-каршылыктарынан куралган дүйнө болсо, Жок дүйнөдө карама-каршылыктар жойулуп бир гармонияга келген дүйнө – тынч жаткан, тунган океан сыйактуу. .

Алгачкы биринчи нерсе Жараткан менен жаратылып өсүүдө улам экиге көбөйүп отурат. Алардын жалпы санынын өсүшү биринчи туйунтма менен байандалып Бар дүйнөнүн туулуп өсүшү туйундурулат. Ал эми экинчи туйунтма 0дөн башталгандыктан аны менен дүйнөнүн кубулушу мүнөздөлөт десек болот. Кубулуу деген туулгандардын улам 2 нерседен турган бир жупка азайышы менен жокко келүү

| | | |
|---|---|---|
| Жок дүйнөдөн Бар дүйнөнүн 1ден (Жараткандан, уруктан) жаратылып туулушу – бул тирүү жандардын туулуп өсүшү.<br>Бар дүйнө эки карама-каршы түшүнүктөрдүн жуптары менен байандалат.<br>Алардын саны, адегенде, бирден улам 2ге өсүп пайла болушу моделде **жуп эмес сандар** менен коддолуп, | <br>Туулуп-кубулууда болуучу сингулярдуу кара чекит.<br>Моделде 1 деги кара | Бар дүйнөнүн объективдүү аң-сезимдеги Жаратканга (1ге) же Жоктой (0) болгон объективдүү аң-сезим талаасына кубулуп келиши.<br>Жок болуу Бардын улам **жуп** болгон карама-каршылыктардын санына азайышы менен жана Жарандын жаны ыймана менен жуп болуп 0 (нөлгө) |

| | | |
|---|---|---|
| алардын суммасы жалпы сандуу өсүүнү байандайт. Мындай түшүнүктү билгенин *кыргыз ойумдарында берип такай колдонуп келүүдө* Дингир идеограмма..сында бул каптал бүт *баштуу кесинди менен* сүрөттөлгөн, анткени өсүүдө башкарылуу процесси болууда. | чекит Жок – 0 объективдүү аң-сезим талаасы | кайра келет. Ал улам 2ге азайган **жуп сандар** менен матемаикалык моделде коддолот. Дингир идеограммасында бул капталдын кесиндилери бүт башсыз, анткени жок болуу процесси болууда.эмеспи |

Анда математикалык модель бойунча 1 коду менен, т.а. Жараткан менен, жаратуу башталып, жаратылган об\екттердин саны кандайча көбөйөөрүн жана объекттер азайса 1ге –Жаратканга келүү эле болооруу байандалган эле эмеспи. Колдонулган интерпретацияда мындай маанидеги 1 менен 0 бири-биринен ажырагыс болуп 1+0=1 бирге болгон бир эле жан-структура.

Математикалык моделдин кыргызча жорулушу менен объекттердин саны модель бойунча **1ден,** кыргызча **объективдүү аң-сезимдеги Жараткан** менен көбөйтүлүп өсөт, азайып жок болгондо <u>кайра 1 болот – бул көзгө көрүнбөгөн объективдүү аң-сезимдеги Жаратканга – Жокко кайтып келет</u> дегендик.. Муну менен кыргыздын “Жок” дегенден “Бар” Жараткан менен жаратылып кайра көзгө көрүнбөгөн 1 – Жок (1 деги кара чекит)- болоору модель менен да такталып ырасталган.

Демек, “**объективдүү аң-сезим бар, анын жалгыз ээси бар, ал Жараткан Теңир**” экөө тең көзгө көрүнбөйт, бири-биринен ажырагыс деген китептеги ой модель менен ырасталды десек болот. Биз мындан кийин кыргыздын айтылыштагы “**Жок**” дегенин “**объективдүү аң-сезимдеги Жараткан**” деп түшүнүшүбүз керек. Ошентип, биз чындыгында эле кыргызча Жоктон Бар **туулган**, кайра Бар да Жок болуп **кубулган** дүйнөдө эле жашап жатабыз. <u>Мындай дүйнөдө баардыгы карыйт, бир гана жан карыбаас экенин так билип, денени бакпай жанды баккын, *тагыраак жанга приортеттүү маани берип* аны тийиштүү багуу менен жашагын эми</u> <u>кыргыз! *Мындай жарандын*</u>

*коомунун өнүгүүсү материалдык байлыктардын прогресси менен эмес, руханий байлыктардын прогресси менен – жандын өнүүгү прогресси менен аныкталып, башкарылып турушу керек*. Бул жашоо эрежеси жаңыча жазылуучу конституцияда берилиши зарыл. Тирүүгө жанды 1  0дөн берет, кайра аны 0 кабыл алат. Ошентип, **бул Ааламда, дүйнөдө бир гана 1 менен 0 түбөлүктүү!  Кыргызча кыскача, Жок дүйнө – бул объективдүү аң-сезимдеги Жараткандын дүйнөсү гана түбөлүктүү дүйнө.** Жаран аң-сезимге ээ болгондо тирилгендей, мындай Жараткан **тирүү**, анткени анын аң-сезими бар. Андыктан ал ар кандай деңгээлдеги аң-сезимге ээ болгон Бар дүйнөнүн объекттерин жаратат. Бар дүйнө, Жердеги анын Табийаты, бүт Аалам тирүүлүктүн эле дүйнөсү. Азыркы жаран өзү жашаган Табийатка тирүүдөй мамиле кылганга гана үйрөнүшү зарылдуу. Кала берсе, алгачкы жаралган объект элемнтардык медер (частица) дагы тирүүлүгүн физикалык экспериментте ырастап атеист-эксперименттатордун башын айлантып жатпайбы ага пардоксту жаратып. Жараткан көзгө көрүнбөгөнү менен анын дагы кошумча тирүүлүк касиети болгондуктан, ал 0 деген математикалык кодго эмес көзгө көрүнбөгөн объективдүү аң-сезимдей, анын коду 1. Муну дагы ушундай болушун колдонулган математикалык модель да ырастоодо. Ээсиз жалаң жалгыз аң-сезим өзү эчтекени жарата албайт, андыктан анын коду 0. Муну кишинин практикасы далилдейт.

Ошентип, мематикалык модель жана кыргызча жорулуштары менен ырасталды деймин:

1. Сөз менен берилген моделде өнүгүүдө «туулууп өсүшү», «ырыскысын төрт тарапка бирдей чачуу» жана «кубулуп жок болушу», «башатына кайтуу»  процесстери болоору айтылса; математикалык моделде «туулуп өсүү” процессин байандаш үчүн так сандар колдонулат; анын формалдуу толук байандалышы $S3_n$ менен берилген $S2_n$

деги амалдар тескеринче аткарышы менен берилээри айтылуууда;

**2.** Математикалык моделде процесстер 12 айдан жылдап болоору такталуууда;

3. Сөз модели бойунчв өнүгүүдө болуучу Акыр замандын б.а, цивилизациалык өнүгүнүн сингулярдуу чекитинин болушу, математикалык моделде өсүүчү..5,7,9 ирэээтигин кемичүү 8,6,4,2,0 улашы жана анын 8 чыгармачылыктын символу болгон цифра (Саи Баба) менен башталгандыгы модель менен кубулуу процесси да байандалат дегендей. Математикалык модель менен Акыр заман кубулуусу 12 айлап көп жылдар болоорун <u>жашыл 12 мамычасы менен</u> такталгандай;

**4.** Математикалвк моделдин ушул маамычасы дагы сөз менен айтылган Акыр заман кубулуу жылдарында Саи Бабанын айтаканындай «праведдные будут спасены божественной милостью» болоорун эскерткендей

5. Математикалык **«0»** коду менен Сөз моделинде айтылган "**объективдүү аң-сезим талаасы**", математикалык формалдуу 1+0=1 кододоогу **"1"** коду менен Сөз моделинде айтылган "**объективдүү аң-сезимдеги тирүү Жараткан**" коддолоору берилүүдө;

6. Математикалык моделде камтылган крест белгисинде Жараткан крестин борборунда берилиши менен ал дүйнөнүн жаралышынын жана болушунун автору делсе графикалык ыкма менен, ал эми математикалык моделде дагы *Жаратkандын коду 1 борбордо эсептөө процесстин башталышында* туруп, Жараткан баардык табийгый процесстин автору экендиги дагы бир ыкма – формалдуу так ыкма менен такталып ырасталганы;

7. Табийаты бирдей болуп көзгө көрүнбөгөн субъективдүү жана объективдүү аң-сезимдердин математикалык коду 0 Сөз модели бойунча Бар дүйнөдө тирүү жандар жуптап

жаралып жашашат, көбөйүшөт жана жок болушат бул математикалык моделде $S2_n$ менен байандалууда;

8. Жараткан (1) объективдүү аң-сезими (0) менен түбөлүктүү экендини, ал кыргызча кыскача, Жок дүйнө деп аталаары; Кыргыздын **Жок дүйнө** дегени чыныгы эле **түбөлүктүү дүйнө**, **Бар дүйнө убактылуу** дүйнө экендиги графикалык крест белгиси түрдө моделделип сүрөттөлүп жана кыргыздын жогорудагы сөз модели менен байандалса, ал эми математикалык моделде так сандардын өсүшү …7,9=>8,6,,, жуп сандардын азайыш ирээттиги түрдө берилиши менен ырасталууда ;
9. Так илим болгон математиканын катасыз математикалык моделдин жыйынтыгы кыргыздын Теңирлик философиялык дүйнөтаанымы менен шайкештүү экендиги ырасталып бири-бирин толуктап тактагандай болду. Эч ким тана албаган катасыз математикалык формалдуу моделдин жыйынтыктары кыргыздын Теңирлик таанымын, китептеги автордун ойлорун тактап, логикалык жагынан чындыктуу бир бүтүмдөй болгон чыныгы туйумга айландырууга негиз болду деймин.

Ошентип, кайталаймын, Мохаммад Сидик Афган колдонгон математикалык модель менен Жаратқандын бардыгы жана анын коду 1 экендиги далилденген деймин.

Демек, мындан кийин биз өзүбүздүн түшүнүгүбүздү тактап **объективдүү аң-сезим бар анын ээси Жараткан, кыргыздын «Жок дүйнө» дегенин «объективдүү аң-сезимдеги Жаратқандын дүйнөсү» жана Ааламды тирүүчүлүктүн дүйнөсү деп гана түшүнүшүбүз керек!** Бул чындыктын конституцияда берилиши зарылдуу. Анткени, мындай чындык менен жашаган жарандын коомунда адамгерчиликтүү кишичилик тиричилик гана болмок.

Илгерки кыргыздардын жана шумерлердин билгенин биздин жогорку билимдүү делген биларман-атеисттерибиз алигиче

билишпей, билишпегенден жаралган кылмыштуу жоруктары менен эле сыймыктанышып мактанышат эмеспи. Сидик айтат: "*атеисттер Жаратканды көрүшпөгөндөн, наристе электр тогу өлтүрөөрүн билбей коркпогондой, алар да Жаратканды билишпейт дагы, андыктан, андан коркушпайт, кылмыштуу жоруктарга барышат*". Атеист-билерман ойлончу, чындыгында эмнени билесиң. .

Объективдүү аң-сезилмдин таасиринде жаралган *Теңирлик субъективдүү аң-сезими* "**теңдик**" жана "**ыймандуулук**" **принциперине** негизделген. Теңдик принциби менен чексиз сандагы карама-каршылыктардан куралган табийатта гармония-луу, проблема жоктук болгондой кооздуктуу чөйрө камсыздалса, ал эми жарандык коомунда бейпилдүү **тынчтык, ынтымактуу тирүүлүк** жагдайлары жалпы Элдик Курултай бийлиги болгондо камсыздалмак. Ал тирүүчүлүк тиричиликтин **адилеттүү** болушу-нун *негизи.* Булар так айтылып колдонулбаса жазылган мыйзам-дарыбыз, иш-аракетибиз каталуу болот! Азыркы бийлик жетекчилери ушул принципти колдонуп сакташбагандыктан, карапайым элдин жана Жаратқандын каарында калышууда. Чек ара маселеси дагы жергиликтүү эки элдин жалпы тең катышуусу менен талкуланып гана бир макулдуулукта тууραа чечилмек.

Экинчи негизги зарылдуу шарт – бул **ыймандуулук.** Ал болсо жарандын тирүүчүлүк жашоо мүнөзү Жаратқандын көзөмөлүндө такай болуп, анын ой-амалдарынын **тууралыгы** жана **туура эместиги** (кыскача, ***ыйманы***) жарандын ДНК-асынада жазыла берет дегендик (*б.и.д. Петр Гаряев*). Жаран өлгөндө бул информация жан менен кошо *куудай* учуп кетет Ааламга. Муну билген кыргыз мындай учурда дайыма "*ыйманы жолдош болсун*"- деп бата кылган, "*жан карыбайт*", *Тенирдей*, "*өлбөйт*" делген. Андыктан, мындай принциптерди түшүнүп карманып жашаган кыргыз антка бекем болгон. Аны кыргыз 1941-согушта баатырлык кылып далилдеп, дивизиясы "*жапайы*" атка конот, Сталин атайын изилдөөтүүсү менен тактап кыргыздын

кызыкчылыгында токтом чыгарат (Алмакан Бекова), кала берсе Гитлер күндөлүгүндө кыргыздын баатырлыгын атайт. Аталган принциптердин колдонулушу элдин көзөмөлүндө болуп Курултайдын органдары менен ишке ашырылып турушу керек.

Жаран тиричиликтенген чөйрө жөнүндөгү мындай тааным колдонулган конституцияда сөзсүз кыскача так берилиши керек. Төрөлгөн наристе ушундай түшүнүктөрдүн негизинде тарбийаланып аң-сезимге келип, билим алып, иштеп жашоосу зарылдуу. Азырынча минтүү тап такыр жок, ошондуктан баардык жагдайда адашкандыктын Акыр Заманы. Мындай ситуациядан азыркыдай чала чаралар менен, эски аң-сезимдегилер менен чыга албайбыз. Жаратканды тааныган жана жарандын жаралышынын максат-милдетин тууралаа түшүнгөн жаңы аң-сезимдегилер гана проблеманы, жашоо-тиричиликти туураа чечишмек. Жарандын аң-сезимин түп тамырынан бери алмаштыруу үчүн жаңы таанымдын негизинде конституция жазылып, тарбийалоо, билим берүү, жашоо жаңыча стандарт менен гана болушу керек.

2. Тууралаа жашоо-тиричиликтенүүдө колдонолуучу идеология да так берилиши керек. Ал **кыргыздын адамдай киши болгон адис болуу идеологиясы**. Бул идеологияны кыргыз илгери эле Адам заманында тапкан. Анын тууралыгы ошондон бери сыналып ырасталган. <u>Каббала бойунча дагы жаратылган жарандын адам болушу Жаратkандын аны жаратуусунун максаты делет.</u> Коомдук жарандан "*адам болуу*" жана "*киши болуу*" талаптары такай талаптанып келинген. "*Адам болуу*" жана "*киши болуу*" - бул процесс. Анда адегенде, теңдик принципинин үстөмдүгү, анан ыймандуулук принци-биники болот. Бул жарандыкка милдеттүү болгон руханий байлыгынын өсүшүнө байланыштуу. Мындай процесс так кыска, нуска берилип, туураа ишке ашырылышы менен анан гана адистик жөндөмдөр жаңы тарбийа-билим стандарттары бойунча камсыздалуу менен жашоо-тиричиликтенүү жөндүү. Азыркы тарбийа-билим стандарты муну ишке ашырбайт. Азыркы кыргыз болсо "адам",

"киши" дегенди так ажырата албаганы анын адашкандыгы (кара академиялык сөздүктү). Кыргыздын так кыска, нуска айтылган идеологиясынын табылбай жатышынын бир себеби да ушунда. Экинчиси, идеология деген кыска жана нуска гана айтылат, эгерде ал туураа болсо гана! Азыркы адамзаттын кетирген каталарынын баардыгы *жарандын тууараа эмес дүйнө-таанымды жана анын негизинде жалган идеологияны колдонуп жашашында!* Жаңы дүйнөтаанымга жана идеологияга келиш учурдун проблемасы! Илимий таанымдын терlaunининде бул «*системалуу таанымдагы баардыгына системалуу мамиле кылуу менен жашап-тиричиликтенүү*» - дегендик. Бул кыргыздын «*адамгерчиликтүү кишичилик тиричиликте жаша*» дегени.

3. Мындай идеологияны ишке ашырган бир эле партия керек. Ал **Адам партиясы**! Партиянын негизги максаты *киши болгондой адам болуу* же *адамгерчиликтүүс киши болуу* сайасатынын негизиндеги мамлекеттик адис-жаранды тарбийалап өстүрүү болмок. **Бул партия элди жана биздеги элдерди тендикте жана ыймандуу жашоо принциптеринин негизиндеги идеологиясын ишке ашыруу менен баардыгын бир ынтымакка бириктирет**. Кыргызды кыргыз жок кылуу сайасатын же элдердин чыр-чатагын токтотуп, **адамгерчиликтүү кишичилик жашоо маданийатын** бүтүндөй Кырнызстанда орнотот.

4. *Бир эле жалпы элдик бийлик* – **Элдик Курултай бийлиги** болушу керек. Эл өзү башкарат, өнү жооптуу болот жашашына. Анын такай иштеген чакан органдары: **системдүү анализ жана стратегиялык өнүгүү, пландоо, юридикалык, элдик көзөмөл, жарандык арыздар**. Органдардын жетекчилери Курултайдын **президиуму.** Президент да президиумдун мүчөсү болот. Президиумда чечим көпчүлүк менен кабыл алынат.

5. Аткаруучу бийликтин башчысы Президент өзүнчө жооптуу болуп элдик бийдикке көз каранды болбой башкарат. Курултайдын президиумунун мөкүсү катарында ал ички жана сырткы

иштерге да жоопту болгондой Кыргызстандын президенти болот. Президент толугу менен аткаруучу органдардын башчыларын, Мэр, Акимге чейин өзү дайындайт, башкарат. **Мындай иерархиялуу бийликти президенттик бийлик деп атаса да болот.** Президент ишинин жыйынтыгы бойунча такай Курултайга байандама берет жана ишинин жыйынтыгына жараша ордунда калтырылат же добуш берүү менен эле алмаштырылат. Ошондой эле президиумдун мүчөлөрү да алмаштырылат. Аткаруучу бийлик иерархиялуу болгону менен ал авторитардык бийлик болбой жалпы элдик бийликтин чечимин ишке ашырган механизм эле болот.

**Элдик Курултай бийлиги чыныгы жалпы элдик парламенттик бийлиги да болот**, азыркыдай өзүмчүл болгон ***топтордун гана парламентик бийлиги*** болбой. Бул жагынан Кыргызстандын мындай Элдик Курултайы баардык өлкөлөр үчүн жаңы үлгү боло алат. Чыныгы демократиялуу парламенттик башкаруу ушундай болушу зарыл. Мындай учурда **бирөөнүн** (президенттин) акыл-эси эмес, **коллективдин (Курултайдын)** акыл-эси үстөмдүк кылат. Ошондо гана теңдик, ыйман принциптердин ишке ашырылышына толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Сырткы катышка мамлекеттин б*ашчысы Президент деп аталса дагы ички катышта Парламенттик башкаруу бийлигиндей болмок.*

*Ошентип,* ***сунушталган бийлик структурасы универсалдуу бийлик структура!*** Ал *президенттик иерархиялуу аткаруучу* дагы жана *жалпы элдик демократиялуу башкаруучу система*. Баардык проблемалар Курултайда койулмак, ачык талкууланмак, ачык чечим элдин кызыкчылыгында гана кабыл алынмак. Чечилбегендер кийинки ой курууга чейин элдик талкууда болмок. Мындай учурда жергиликтүү элдин проблемалары биринчи ирээтте чечилмек, азыркыдай бийликтегилердин, коррупционерлердин проблемалары чечилбей! Аткаруучу бийлик кезектеги зарылдуу ишке ашырууга койулган маселелер бойунча гана керектүү мыйзамдарды, чечимдерди кабыл алып, аткарылышына

толугу менен Курултайга жооптуу болот. Ал эми Курултай кезектеги проблеманы тактоо жана анын таза жана убагында аткарылышын жалпы элдин көзөмөлү менен башкаруучу чечимдерди кабыл алган жалгыз орган болмок. Мындайча бийликте аткарылуучу функциялар чаташтырылбай так аткарылып,топтун эмес, жалпы элдин мүдөөсү убагында аткарылган эле болот.

*Бийлик бир гана Курултайда болгондо* бизде 30-жылдык бардак, «легендарлуу парламент» сыйактуу элдин байлыгын алдым-жуттумдарга талатпайт эле жана чала конституция менен азыркы 2020-22 жылдагыдай чыр-чатактар, дагы Казакстанда жакында болгондордун бири да болбойт эле.

Бийликтин ***Курултай*** деп аталышы мурда маселени чечиш үчүн *ой куралы дешип жыйналышып*, ал чечилгенде, аракеттери **курул*ай* болбогонго** кубанышып, аракет-жыйыныбыз **Курул*тай* болду** дегенден. Алданып калмак болуп жашап көнүп калган маңкурт киргиске айтаарым: “Курултай” – бирөөнүкү эмес эле кыргыздыкы! Кыргыз сөзүнөн көп сөз  башка тилде пайда болгон!

6. Жашоо-тиричилик жана аткаруучу бийликтин кызматкери элдин зарылдуу арыздары менен, тынымсыз Элдик көзөмөлөлүндө болуп, алар такай Элдик Курултайда талкууланып такталмак. Баардык органдардын башчылары жана мүчөлөрү коррупциялык жылчыктары жок жаңы мыйзамдар бойунча гана иштешмек. Ишинин жыйынтыктары Курултайда угулат, керек болсо Курултай жооптуу кызматчыны алмаштырат. *Баардык бийлик кызматчылар жалпы элдин кызыкчылыгында иштешип, анысы менен гана атак-даңка, байлыкка жетишмек.*

7. мыйзам жазган депутат дегендер жок-мыйзам бекер жазылат.
8. шайлоо, референдум  болбойт-суроолор Курултайда чечилет.
9. көп партиялуулук деген жок-ал элди эч качан бириктирбейт.
10 көп бийликтүүлүк деген жок-бир гана жалпы элдик бийлик.

**Ушул акыркы 4 (7-10) элди б**өлүп жарып, **кыргызды кыргыз менен тытыштырып койуу сазынан чыгарбоочу айлалар; шайлоодон шайлоого чейин «*толпаны*», «*стадону*»** алдап

**өзүмчүлдүктүн кызыкчылыгын ишке ашыруунун ыкмалары** Булардын үзүрүн өзүмчүл алдым-жуттум болгон бийликтегилер, партиялардын лидерлери, мамлекеттик кызматкерлер эле көрүшүүдө, ал эми карапайым эл азабын гана тартышты. Булар элдин жашоосунан жок кылынмайынча жана бир гана жалпы Элдик Курултай универсалдуу бийлиги орномойунча, алдоо жана адашуу жоруктары токтобойт дагы Кыргызстан оңолбойт! **Булардын азыркыдай чала-була ремонттолуп сакталып калышы менен да Кыргызстан оңолбойт!** Эски бийлик структурасын жок кылмайынча отуз жылдык саздан чыкпайбыз! Булардын болушун жактагандар **элдин *душмандары***! Элдин проблемаларын эски ыкмалар чечишпейт. Аталган *4* ***ыкмаларды*** *колдоно берүүнү* улантуу менен *элдик турмушта көйгөйлөр, кылмыштуулуктар азайбайт, бийликтегилер кирешенин көбүн өздөрү эле жешип байыйат.* Элдик проблемаларды чечиш үчүн: Курултай бийлик структурасына келип эски бийлик структурасына жана анын ыкмаларына кеткен чыгашаларды азайтыш керек; карыздардан кутулуш үчүн жер байлыгын алып экологияны бузуу менен эмес, уурдап байыгандардан алып берип кутулуш керек.

